92кырг
Т25

Алмаз Ташиев

# НООКАТЫМ – КЕТПЕС ООМАТЫМ



92 кырг
Т25

*Алмаз Ташиев*

# НООКАТЫМ — КЕТПЕС ООМАТЫМ

***«Эгер сенден ким экениңди сураса, сен жөнүндө керектүүлөрдүн баары жазылган документ катары паспортуңду көрсөтөсүң. Эгер элден ким экенин сураса, анда эл документ ордуна өзүнүн окумуштууларын, жазуучуларын, сүрөтчүлөрүн, композиторлорун, саясий ишмерлерин, аскер башчыларын көрсөтөт.»***

***Расул Гамзатов***

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 470361
ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

*«Бийиктик»*
*Бишкек — 2009*

УДК 908
ББК 26.891
Т 25

Китептин жарыкка чыгышына көмөк көрсөткөндүгү үчүн КР ИИМнин Кызыл-Кыя шаарындагы «Динамо» тигүү фабрикасынын директору ***Кулматов Абдиллатта Калмурзаевичке*** жана «Ноокат электр тармактары» ишканасынын жооптуу кызматкери ***Акматов Абдрасул Табалдиевичке*** Ташиевдердин үй-бүлөсү чын дилден ыраазычылык билдирет.

**Ташиев Алмаз**

Т 25 Ноокатым — кетпес ооматым. — Б.: «Бийиктик», 2009. — 240 б.

ISBN 978 — 9967 — 13 — 589 — 5

Журналист Алмаз Ташиевдин Ош облусунун Ноокат районуна арналган бул китебин Ноокаттын энциклопедиясы деп атаса да болот. Китепте Ноокат жергесинин тарыхы, географиясы, маданияты тууралуу кеңири маалыматтар камтылып, ага катар райондун аймагында тулуп-өскөн өмүрү өрнөктүү тарыхый инсандардын, атактуу, аттуу-баштуу адамдардын, коомдук ишмерлердин жана мамлекеттин жооптуу кызматтарда иштегендердин кыскача өмүр-таржымалдары да киргизилген.

Автордун көзү өткөн соң жарык көрүп жаткан энциклопедиялык мазмундагы бул китеп ноокаттыктардын китеп текчесинин көрүнүктүү жеринен орун алган баалуу мурастардын бирине айланаары анык. Андан тышкары Ата-Мекенибиздин тарыхы, табияты, географиясына, элибиздин тарых, маданиятына кызыккан окурмандардын баарына бул эмгек маанилүү маалымат булагы болуп берет.

Т 1805080000 — 09

ISBN 978 — 9967 — 13 — 589 — 5

УДК 908

ББК 26.891

© Ташиев А., 2009.



# *АТА ЖУРТКА АДАЛ КЫЗМАТ*

## *Талантың өлбөйт, Алмаз иним!*

Кереметтүү, касиеттүү кыргыз жергесинин ар бир аймагынын кайталангыс, өзүнө гана мүнөздүү өзгөчөлүгү бар. Тоо-ташынын кубатынанбы, ичкен суу, топурагынын касиетиненби, айтор, аймакка жараша элинин да өз жүзү, каада-салты, куту болот.

Анын сыңары, айтылуу Ноокат жергесинин да өз тарыхы,
өзгөчө эли, көзгө сүйкүм көп-кереметти бар. Жер — эли менен, эл
— чыгаан инсандары менен бааланат. Ноокат аймагынын уучу
андай азаматтарынан куру болгон эмес. **Эзелки эрлерин айтпа-
ганда да, али эл эсинен жаркын элеси өчө элек Арстан, Дуба-
на даткалары, Полот Кушбеги менен Мойдунбек, Ботобай
ырчы, жалын жүрөк Уркуянын киндик каны Ноокатта тамга-
ны эле эл-жердин ариет-кутун ачык айтып турат.** Ал, уютку-
луу улуу көчтү бүгүнкү Ноокаттан чыккан мамлекеттик, саясий
жана коомдук ишмерлердин, экономика, маданият кызматкерле-
ринин, баба-дыйкан жана аскер адамдарынын кубаттуу көчү та-
тыктуу улап келет.

Ушундай угуттуу элинин бай көөнө тарыхын, үрп-адат
өзгөчөлүгүн, нускалуу санжырасын, баарынан да элдин азамат
уул-кыздарынын өмүр-таржымалын баяндаган таберик китептин
минтип жарык көрүп жатышы жалпы журтубуз үчүн сыймыктуу
окуя. Азыркы, келечектеги муундарыбызга тарыхый мурас. **Ал-
маз инимдин «Ноокатым — кетпес ооматым» аттуу бул ките-**

**би там боорундагы текчелердин төрүнөн орун алып, ноокаттык кыздарга сеп катары берилерине ишенем.** Анткени Ата Журтун, төркүн-төсүнүн тарыхы менен алар толук сыймыктана алышат. Бул китеби мекенибизде мамлекеттик, патриоттук бийик аң-сезимдерди көтөрүү күчөп жаткан азыркы учурга да өтө топ келип, заманабыз менен үндөшүп турат. Ноокаттын, түгөл эле өлкөбүздүн мектептеринде мекен сүйүү сабактарында окутулчу китеп. Ноокат да Кыргызстаныбыздын бир өңүрү.

Ушундай угуттуу кичи мекенинин, жердештеринин өмүр-таржымалын түрө иликтеп, түмөн түйшүгүнө түтүп, таберик болор китеп жазган Алмаз иниме алкыш. Ата Журт — элинин даңазасын элим деген эр жигит, кырмызы кыздары чыгарат.

Калемдеш иним Алмаз Ташиев — республикалык бир катар абройлуу гезиттерде иштеп, жаш болсо да калеми калыптанып калган, өз ою, өз үнү бар журналист катары эл-журтка кыйла таанымал. Анын мынтип, алгачкы китебин өз киндик каны тамган даңазалуу Ноокат районуна арнап олтурушу анын акыл көрөңгөсүнүн тереңдигин дагы да айгинелеп турат. Китеп болсо заманбап, мезгили бышканда документалдуу мурас чыгармага айланарына күмөн жок.

***Абдиламит Матисаков,***
***Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Руханият» эл аралык сыйлыгынын, СССР Журналисттер Союзунун, Кыргызстан Ленин комсомолу сыйлыктарынын лауреаты, «Даңк» медалынын ээси.***
***Ж. Баласагын атындагы улуттук университеттин профессору.***





## ТҮЗҮҮЧҮДӨН АЛГЫ СӨЗ

Ата Журтту, эл-жерди, өткөн тарыхты, Ноокат районунун аймагындагы түрдүү табигый, экономикалык, социалдык кубулуштарды, табиятты коргоо, жер-суу аталыш тарыхын, райондон чыккан белгилүү инсандардын таржымалын билүү ар бир адамдын муктаждыгына айланууда десек аша чапкандык болбос. Элдин өз Ата Мекенине, жер-суусуна, инсандардын басып өткөн жолдоруна болгон мындай кызыгууларын эске алып, ушул «Ноокатым — кетпес ооматым» аттуу жаңы эмгекти даярдоону туура таптык.

### Максаты эмне?

— деп ким болбосун собол салышы ыктымал. Бул колуңуздагы китепте эч кандай клан-план деген саясий боёктор, жердешчилик жыт деген нерселер кылчын жок. Максаты: Ноокат районунун кыскача тарыхы, ал аймактын өзгөчөлүктөрү, бул жерден чыккан таанымал инсандардын өмүр таржымалы менен тааныштыруу. Эл, жер менен, анын атын чыгарган адамдар менен башкаларды кабардар кылуунун зор тарбиялык, таалим берүү мааниси бар, ал ***биринчи*** кезекте эмгеги элге сиңген адамдардын ким экендигин көрсөтсө, ***экинчиден***, башкалар ошолордон үлгү-өрнөк алуу үчүн да керек, ***үчүнчүдөн***, өзүбүздү өзүбүз жакындан жакшыраак билип алабыз да, бул жакындык бизди ынтымак-ырыска чакырып турат. Азыркы патриоттук тарбия солгун-

дап турган учурда мындай энциклопедиялык багыттагы китептин мааниси андан бетер артат.

Китептин биринчи бөлүгү райондун тарыхы, аймактык бөлүнүшү, жаратылыш өзгөчөлүктөрү, эл чарбачылыгы, маданий турмушу менен жалпы негизде тааныштырса, экинчи бөлүмдө айрым конкреттүү адамдардын өмүр жолун кыскача баяндап берет. Анда Ноокат районунун тарыхында калган белгилүү инсандар:

— Социалисттик Эмгектин Баатырлары;

— жергебизде туулуп-өскөн райондук, облаттык, республикалык деңгээлдеги кызматта иштегендер;

— аймактан чыккан илимдин жана маданияттын белгилүү инсандары, эмгек алдыңкылары;

— Ноокат районунан депутат болгондор;

— бүгүнкү күндө Ноокат районунда иштеп жаткан мекеме, ишкана жетекчилери, айыл өкмөттөр жана районубуздагы мектеп директорлору тууралуу маалыматтар берилген.

Айрым материалдар башка маалыматтык китептерден алынса, көбү биринчи жолу жарыяланып жатат. Бул китеп алгачкы жолу чыгып жаткандыктан, энциклопедиялык маани-маңызы толук ачылбай калышы мүмкүн, ошол себептүү шарттуу түрдө гана энциклопедия деп атадык. Район чоң, көп улуттуу жана анын тарыхы бай болгондуктан, айрым адамдар тууралуу маалыматтар кирбей калышы ыктымал. Албетте, ал кийинки чыгарылыштарында толукталат, ондолот, түзөтүлөт деген ойдобуз.

Китепти даярдоодо педагогика илимдеринин кандидаты, «Замандаш» журналынын баш редактору Абдыкерим Муратов, ОшМУнун география жана табият таануу факультетинин деканы Абдирашит Низамиев, ОшМУнун проректору Каныбек Исаков, Ноокаттын илимпоздору активдүү катышышты. Мырзалы Абдырахманов, Абдибаит Тажибаев, Маматгази Эргашев, Миталип Мамытов, Шамшы Кадыров, Абдиламит Матисаков, Гүлшайыр Садыбакасова өндүү эл кадырлаган инсандар кеп-кеңештерин аяшпады.

*Алмаз Ташиев*
*2004-ж.*





***«Биз туулган жерибизди бабалардан мураска эмес, урпактарыбыздан карызга алабыз»***

***(Индеец накылы)***

# НООКАТ РАЙОНУ ЖӨНҮНДӨ ЖАЛПЫ МААЛЫМАТ

## «НООКАТ» ДЕГЕН АТ КАЙДАН ЧЫККАН?[1]

«Ноокат» эмне маанини түшүндүрөт? Биринчиси «ноу» жана «кат» деген сөздөрдөн, б. а., фарс тилинен которгондо «жаңы кат, жаңы жазуу» деген маанини билдирет. Экинчиси «ноо» жана «кат» деген сөздөрдөн, б. а., «ноодогу кат, жазуу» деген маанide. «Ноо» деген болсо кууш жер, түтүк сыяктуу өтмөк. Демек, эки варианттa тең кат, жазуу жөнүндө кеп болот. Бул жердин аталышы ошол катка байланыштуу экендиги күмөн туудурбайт. А бирок кайсынысы туура? «Жаңы жазуубу», же «ноодогу жазуубу?»

Жер шартына келели. Биринчиси, бул жерде өтө көп ташка жазылып, мүрзө бетине койгон балбал эстеликтер бар, мына ошолордо араб жазуулары менен сөздөр түшүрүлгөн. Ага чейин бул тамгаларды билбеген, колдонбогон эл үчүн бул чын эле жаңы жазуу, жаңы кат болушу ыктымал. Экинчиден, Жаңыноокаттын үстүндө кууш, ноо (түтүк, орусча — желоб) сыяктуу жер бар, аерде да сүрөт жазуулар, байыркы кылымдарда түшкөн эпиграфика бар, мына ушундан ноодогу кат — Ноокат аты келип чыккан болушу мүмкүн. Ушул жазууларга байланыштуу биз окумуштуу, таш жазуулары боюнча таанымал аалым, түрколог, Ататүрк тил, маданият, тарых коомунун академиги Четин Жумагуловго кайрылдык: «Ноокат» деген аттын келип чыгышына арабча жазылган мүрзөдөгү жазуулардын да байланышы болушу мүмкүн, бирок менин оюмча, табият өзү кууш, ноо сыяктуу таштарды жасап койгон, ошондо эски тамгалар, сүрөттөр бар, бул байыркы жазуулар, аны окуу мүмкүн эмес, аерде символдор, белгилер, байыркы адамдардын түшүнүктөрү камтылган, ат ошондон болушу мүмкүн» — дейт. Биздин оюбузча да Сахаба-Мазар турган Жаңыноокаттагы жазуулар XI кылымда эле пайда болгон болсо, араб саякатчы-жеркезери Абу Исхак Ибрахим ибн Мухаммад ал-Истахринин «Китаб масалик ал-мамалик» деген 930 – 933-жылдардагы буерлер тууралуу жазганында Некад (Нукад, Некат деген варианттары да кезигет) кенти жөнүндө айтат. Демек, ал аталыш мурда эле, араб жазууларына чейин болгондой. Бирок араб-

[1] 8-29-беттердин материалдары Абдыкерим Муратовдун «Ноокат жана Ноокаттыктар» деген китебинен пайдаланып алынды.





дардын келиши менен бул жерлер мусулман өлкөлөрүнө дайын болот.

Четин Жумагулов китебинде мындай бир уламыш айтат: Кайсыл бир кезде ушул Сахаба-Мазар турган Жаңыноокаттан абдан суусу мөлтүр тоо дайрасы агып түшөт экен, анын аты Ишкижаб (же Гижкижап) деп аталган. Меккеге ажы сапарына баргандардан ошол жакта сурашчу тура: «Ишкижаб суусун ким ичкен?» «Ишкижаб суусунун башатындагы Акарт, Кызарт, Актөө тоолорундагы улар үнүн ким уккан?» Ошондо ажылыкка келгендерден кимдир бирөө ордунан туруп: «Ишкижаб суусун мен ичкем, Акарт, Кызарт, Актөө тоосундагы улар үнүн мен уккам» дей турган болсо, анда ага ызааты кылып, кийимдерин майда-майда бөлүп, тумар кылып талап кетчү экен...

## Тарыхы

Ноокат районунун аймагынын тарыхы узак кылымдарды ичине камтыйт. 100 – 140 миң жыл мындан мурда палеолит доорунда эле бул жерде жашоо болгонун күбөлөгөн археологиялык казуулар ишке ашкан. Бул жердеги үңкүрлөрдөн б. з. ч. I – IV кылымга таандык адамдардын колдонгон куралдары табылган. Алгачкы коло доорундагы байыркы Чуст маданиятынын издери Бөрүдөбөдөн археолог Ю. А. Заднепровский тарабынан 1981-ж. аныкталган. Б. з. ч. II кылымда жер иштеткен адамдардын уруулук топтору болгондугун окумуштуулар далилдешкен. Коло доорунда б. з. ч. II кылымда Фергана өрөөнүндөгү 80 эл турак кылган жайлардын бир тобу ушул аймактардан орун алган.

Ошол доорлордо бул жерлерде Даван (балким, Дубан) мамлекети болгон. Анын бир элестери Ноокат, Абшырсай аймагындагы тоолорго түшүрүлгөн «асман аттарынын» чегилген сүрөттөрүндө сакталуу турат.

Алар тууралуу мындай бир уламыш айтылып келет.

Кытайдын кайгуулдары, тыңчылары тынымсыз Даван өлкөсү жакка келе берет. Ошолордун кайра баргандары бул жерлер тууралуу башкасына кабар кылат. Анда ал жерлер чырпык сайсаң чынар кылар керемети бар экендиги, күрүч, буудай эгилери жана

алардын түшүмү адам таң каларлык болорлугу айтылат, жүзүмдөрү ушунчалык даамдуу болорун, андан укумуштай бир сонун ичимдиктер даярдаларын билдирет. Анан булардан да маанилүүсү — ошол жерде асман аттары, уча турган аргымак жылкылар бар деп коёт. Жетимиштей кент болгонун, үч жүз миңдей калк турак кыларын, марказы Ээрчи деген кент экенин тактап берет. Ошентип Дубан журтуна Кытай башканынын аңчылыгы башталат.

Не бир куйту тыңчылар келет, не бир жеркезер аалымдар келет, не бир адинан ашкан аскерлер келет, лекин, давандыктар канаты бар аттарын көрсөтө бербейт. Башкан ошондо Дубан күлүктөрү үчүн эч нерсе аябаганга ант берет, ошондо жумшак мүнөз, куу кытайдын жүгүн артынып, кымбат баалуу көз жоосун алып миң кубулган кытай шайылары келет, мухит астынан табылган акак, маржан таштар келет, зымыраттар келет, узун тумшук пилдер келет, алты кулач ажыдаарлар келет, алтындалган кылыч-найзалар келет, төөлөрдүн белин майыштырган ак күмүштөр келет, баш-аягы көрүнбөгөн кербенге жүктөлүп памил кара, ичте ачуу чөк чайлар келет, алтындан кымбат арбооч сөздүү чечендер келет, аалам кыдырып ак уруп жүргөн эшендер келет, не кылган менен тулпарлар колго тийбейт. Аларды дубандыктар жан адамга көргөзбөйт.

Акыры жылдан жыл өтүп, Кытай башканы Дубан мамлекетине атайын элчисин жөнөтөт. Анын бир гана тартуусу бар эле. Ал — аттын айкели. Бу канаттуу аттын айкели күмүш менен зер, алтын менен албарс аралаштырып, миң кыл устанын узанганынан жасалат. Болду, башка белек жок. Баягы тартуунун бири жок. Ушунусун берет да, элчи кытмыр жылмайып туруп калат.

Дубандыктар кеңешке кетет. Барганалык аксакал-көксакал баары жыйналып, даанышмандар масилет курушат. Түшүнүшөт. Кексе чалдар баарын билет. Мунун акыр-аягы кыйын болорун да, күнчыгыштан келчү жоо дубандыктарды аябасын да билет. Лекин, ат тартуулоо андан оор деген чечимге токтолушат.

— Жок! — дешет аксакалдар элчиге. Ошондо баятан бери ичтен тынып, кытмыр жылмайып турган элчинин эки кареги тосток көзүн тээп чыга тургандай бери келип, ат айкелин бир түртөт. Ажайып шөкөттөлгөн ат кулап түшөт. Бул жаман белги эле. Аттын жыгылышы эки жак үчүн тең түшүнүктүү — согуш! Көп жылга созулчу улуу айкаш. Өлүм! Кыйноо! Кыйроо! Жоголуу! Жетим! Жесир! А балким, бир өлкөнүн жок болушу!

Кытай элчиси артына кылчайып да карабай, коштошууга да жарабай күнчыгыш көздөй жорголойт.

Ээрчиде турган Дубан ордо кымкуут эле болуп калат. Даанышмандар — чечилер менен сынчылар, санчылар менен төлгөчүлөр — баары кайра уй мүйүз тарта отура калат да бир чечимге келет: элчини чектен чыгарбай тындым кылуу керек.

Кытай элчисинин артынан куугун түшөт. Эчак узап кеткен элчинин артынан ошондо аргымак аттар, канаттуу тулпарлар дароо кууп жетет да Жазы сууну кечирбей жаздым кылат.

Анан согушту көрүп ал. Эки жак тең даярданат. Кытайлар үч миң атчан аскер менен кирет. Жазы суунун боюнда жазыкүзү эки жыл тынбаган уруш болуп, сай ташындай томолонуп эчен асыл баштар ыргыйт, сөөктөр сөпөт, устукандар упат болот, амалданып атып кытайлар дубандыктардын бир кентин басып алат, кайра алар камоодо калып, кытай колу качып жоголот. Кийинки жылы арттан жакшы жардам албай калган кытай башканы дубандыктар менен согушка тандамал алтымыш миң аскерин салат, аларга курал-жарак, азык-оокат жеткирсин деп жүз миң ашык ат, өгүз, качыр, төө бөлөт. Кылкылдаган көп Кытай күнбатар жакты көздөп бара берет, бара берет. Улуу Таш Сепил менен Улуу Тоонун ортосун кара комок кол каптайт. Дубандыктар аштыкчысы аштыгын таштап найза кармайт, кызы чачын белге түйүп, жаасын кармап атка минет, устанын баары дөөтүн узанып, соко жасабай союл жасайт, ошентип эки жаат канча күн, канча түн кармашат, зоо бузулуп кум болот, дарыя соолуп чөл болот, очоктун оту өчөт, ошентип ырайымсыз урушта Дубандын 69 кенти багынат, бир гана ордо калаа Ээрчи калат. Кутурган башкандын каардуу колбашчысы багынбаган Ээрчини багындыруу үчүн кылбаганды кылдырат. Акыры ордо ичинен бир куйту катын чыгып, камалда турган калаанын куур жолун айтып коёт, ошондо алар куур башын саман салып бекитип, кентти суусуз калтырат. Кырк күн, кырк түн камоодо туруп акыры суусуз калган калаа сырт дарбазасын ачууга мажбур болот.

Ошондо аргасы түгөнгөн аксакалдар айтат. «Силер адам өлтүргөнүңөрдү, калаабызды баса бергениңерди токтоткула. Биздин сөздү уксаңар биз силер эңсеген канаттуу аргымактары-

бызды берүүгө макулбуз, жок, укпайт экенсиңер, анда биз, чеп ичиндеги адамдар, балдар, аргымактар — бүт баарыбыз өрттөнүп олобуз».

Ошондо алар Кытайга аргымактарды: айгыр, байтал бээлерди алып кеткен. Тарыхта бул окуя Хань династиясынын жортуулдары менен байланышат.

Бул Дубан мамлекети 600 жылдай өкүм сүргөн деп айтылат. Шалы, беде, жүзүм, буудай эгилген. Сак деген эл болгон. Сымап, алтын, күмүш казылып алынган, карапа идиштер көп колдонулган. Эл жыш жайгашкан. Көп жерлерге суу чыгарылган.

Ушул мезгилдин издери Темиркорук мүрзөсүнөн табылган. Ал жерден 87 мүрзөнүн орду казылган, алардын кээ бирине арча коюлган экен. Өлгөндөрдүн буюмдары, кооз жасалгалары, кой же башка канаттуулары кошо көмүлгөн. Жарым көчмөн юечжи дегендер жашаган дешет.

Биздин замандын VI – VII кылымында түрк элдери пайда болгондугу айтылат.

715-жылы Кутейба ибн-Муслимдин жетекчилигинде арабдардын чабуулу башталат, алардын максаты бул жерлерди ислам динине киргизүү эле. Үчат деген жердеги мүрзөлөрдө ушул кезде да адамдар өлгөндө буюмдарын кошо көмгөн фактылар бар. Арабдардын келиши жергиликтүү эл тарабынан аябай катуу каршылыкка учураган. Ноокатта арабча жазылган эпитафиялык жазуулар өтө көп. Жаңыноокат деген жердеги таш бетиндеги жазуулар да дин кызматкерлерине — имамдарга, шейхтерге коюлган жана дээрлик көбү араб тилинде жазылган. Ошон үчүн Ноокат — мусулмандардын эң ыйык жери. Ал жерде Мухаммед пайгамбардын сабааларына байланыштуу Сахаба-Мазары жайгашкан. Буерде кечки намаз окуп атканда ислам динин жайылтып жүргөн сабааларга (алар аббасаиддер болгон дешет) динге ишенбегендер кол салган, бирок алар менен каршылык кылып согушкандын ордуна арабдар намазын уланта беришкен, кийин булар бүт кырылган, ошолор ушул жерге коюлуп, аларга таш эстеликтер арналган деп айтылат. Жазуулар кыска-кыска, 4 – 5 саптан гана турат, аларда маркумдун кимдиги айтылат, аты түбөлүккө сакталсын делет, көбүнчө шейхтерге, имамдарга тургузулган. Бул балким, ошол мезгилдин салты болушу да ыктымал. Бул жерде ушу тапта мүрзөлөр билинбей эле калган, ар





кайсыл жерде таштар бар. Ошол кездеги адамдар жөнүндө маалымат алабыз, илимий изилдөөлөргө да жол ачат. Бул XI – XIII кылымдарга таандык эстеликтер. Бул Сахаба-Мазардагы жазууларды биринчи орус окумуштуулары революцияга чейин эле көрүп, Ташкенттен чыккан журналдарга баса баштайт. Археологияны сүйүүчүлөрдүн Түркстан кружогунун мүчөлөрү экспедиция жасашкан, ошолор ушул Чилисай жазууларын илимге дайын кылып кабарлашкан.

Жазууларды окуганда «бул мүрзө Исмаилге, Мухаммад уулуна... Алла аны жана анын ата-энесин ырайым кылсын!» же дагы башкасында «Бул мүрзө шейх, кади, имам Мухаммаддин динин даңазалаган Османдун уулунуку, Алла аны жана анын ата-энесине ырайым кылгай», же дагы «Мухаррам жылынын алты жүз алтынчы жылы (азыркыча 1209 – 1210-ж.) Мухаммаддин уулу хатиб Ахмаддын ишенимин алып жүргөн, даңазалуу имам шейх маркум болду» ж. б. ушу сыяктуу маалыматтар жазылган.

Араб жеркезери Абу Исхак Ибрахим ибн Мухаммад ал-Истрахринин «Китаб масалик ал-мамалик» деген болжолу 930 – 933-жылдардагы бул жерлер тууралуу жазылган жол баянында Нукет жана Некад тууралуу жазат, андагы Фергана өрөөнүндөгү экинчи кенд Кубадан чыгышка кеткен жети фарсах жердеги Некад деген аймагы азыркы биздин Ноокат болушу мүмкүн. Ушул эле жерде Нукед деген бул Илактын кенттеринин бири экендиги айтылат. Ошол Илактын эң чоң эки кенти — Нукет жана Тункет тууралуу баяндап, бул өлкөдө алтын-күмүш кендери барлыгы кабарланат.

875 – 999-ж. Саманиддер династиясы бийлик жүргүзүп, борбору Букара жана башчысы эмир болгон бул мамлекетке Ноокат жергеси да караган. Фергана чөлкөмүнө эмирдин бир тууганы Ахмед акимдик кылып, байтак шаары Аксыкент болгон. Жергиликтүү элди раистер башкарган. Бул мезгилде шаар өсүп, кол өнөрчүлүк өркүндөгөн. Ошол кездеги ири шаарлар Ош, Өзгөн, Кожент менен ноокаттыктар байланышып турган. X кылымдын экинчи жарымына барып кыйла алсыраган саманиддерди караханиддер сүрүп чыгып, Амудайрадан бери жагына ошолор ээлик кылган. Карахан доорунда илим-билим, маданият, шаар курулушу өскөн, Өзгөн шаарындагы азыркы мунара, күмбөз ошол мезгилде курулган. XII кылымда биздин жерлер каракытайлардын

(кидандардын) ээлигинде болгон, алар тунгус-монгол көчмөндөрү эле.

1212-жылы Фергананын бир бөлүгү хорезмшах Мухаммед тарабынан каратылса, бир тарабы наймандардын Кучлук баштаган бийлигине баш ийген. Чыңгыз хандын жортуулун каршылык көрсөтпөй тосуп алган да, бул жерлерге (улуска) Чыңгыз хандын уулу Чагатай өзү өкүмүн жүргүзгөн.

Алардан соң Амир Темир жана анын династиясы ээлик кылган.

XVII – XVIII кылымдарда жунгар-калмак баскынчылары ээлеп, аларга каршы катуу чабуулдар уюштурулуп турган. XVIII кылымдын ортосунда ичкиликтер Кубат бийге, отузуулдар Ажы бийге карап тургандыгы тууралуу маалымат бар жана ушул мезгилде Кокон хандыгы басып алат. Кокон хандыгынын мезгилинде хандыктын катуу ээгүүсүн көрүү менен ордо менен катнаш жакшы болгон. Айталык, ноокаттын Жүлгө айылынан Зиябидин максым Мамашарип уулу Кокон ордосунун ишбашкаруучу даражасындагы кызматты аткарып, хандыктын тарыхын жазган. Кийин орус басып алуучулары Кокон хандыгын талкалап келгенде ал киши 1898-жылы Анжиан көтөрүлүшүнүн да башкы идеологу болгон. Бул көтөрүлүшкө Ноокаттан Өмүрбек датканын жетекчилиги менен көп адам катышкан. 1898-жылы 14 – 15-майдагы Миңдөбөдөгү Мадали эшендин (Дукчу эшен, Ак эшен) жыйынына Өмүрбек датка менен Ноокаттагы ак эшендин раиси Матраим (Магомед Ибрагим) катышып келген эле. 18-майда ноокаттыктар 500 чамалуу киши Оштун жанында Актеректе топтолушат, алардын көбү Кыркоолсай менен актеректик эшендин мураттары болгон. 25-майда алар Ошто колго түшөт, булардын ичинде Өмүрбек датканын үкасы баргылык Атабек да болгон. Кармалгандардын ичинен ноокаттыктардын да бир тобу Сибирге айдалат, атууга өкүм кылынат, камакка түшөт.

XX кылымдын башында Түштүк Кыргызстанда кенчалгындоо иштери кызуу жүрүп, бул мезгилде Ноокат районунда да жерлердин кенбайлыктары белгилүү болот. Усулу жадит тибиндеги мектеп-медреселер ачылган, ноокаттыктардын балдары Ош, Кызылкыя шаарындагы диний мектептер менен бирге эле орустар ачкан жаңы мектептерге да окууга киришкен. Бул шаарларга, ошондой эле Жаңы Маргалан, Скобелев, Кокон жактарга барып





жумуш таап, алгачкы жолу жумушчулук кесипке ээ болгондон чыгат. Шаар турмушу, шаар маданияты менен көз келет.

1917-жылы 4-мартта кызылкыялыктар Петрограддагы февраль төңкөрүшү тууралуу биринчи жолу угушат, демек, бул кабар ошол эле кезде Ноокатка да жеткен деп эсептөөгө болот. Ошол эле жылдын ноябрында Кызылкыяда эл депутаттарынын кеңештери бийлик жүргүзүүгө киришет. Жаңы өкмөткө каршы чыккандардын ичинде Ноокат районунун кулундары да бир топ болгон. Алардын бири — Мойдунбек. «Басмачылык» деп аталган бул кыймылдын чыгышына орустардын келип отурукташып, жакшы жерлерди ээлеп алышы; Фергана өрөөнүндө ачарчылык күч алышы, анын кесепетинен 1918 – 1924-жылдары 1 млн. ашык адам өлүп кетиши, өрөөндө 1917-жылдагы 2 млн. калктан 1924-жылга барып 500 миң эле киши калганы себеп болгон. Мойдунбектин жигиттери ошон үчүн орустар жашаган жерлерди өрттөй баштаган. Ноокат жергеси — өзгөчө Алай тарапка ашып кете турган капчыгайлуу өрөөндөр басмачылардын уюгу болгон. Эл же басмачы тарапка, же кызыл аскерлер тарапка жан тартпаса, аларды эки жак тең эле келип, талкалап кетип турган. Ушул жылдарда ачарчылык каптаган. Элде башаламандык өкүм сүргөн. Кеңеш бийлиги улам жеңишке жете берген. Уркуя Саалы келини Ноокаттан чыккан алгачкы колхоз активисткасы болгон. Ал 1910-жылы Скобелев үйөзүнүн Ноокат болуштугуна караштуу Меркит айлында туулган. 1928-жылы Айыл кеңешине башчы болот. Бир жылдан соң эң алгачкы «Кызыл Аскер» деген колхозду уюштуруп, ага башкарма болот. Ошол жылы коммунисттик партиянын катарына өтөт. 1934-жылы Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Аткаруу Комитетине мүчө болуп шайланат. Анын жаңы өкмөткө берилгендигин көрө албаган эски көз караштагылар өлтүрүшөт. Ошол жылдарда Ноокатта жер-суу реформалары жүрүп, колхоздор ирилеше баштайт. Алгачкы советтик мектептер ачылат. 1930-жылдары Орусия тараптан 25 миңчилер келген, алардын бешөө Ноокатка бөлүнгөн, булар жаңы түзүлүштү чыңдоо үчүн шефтик жардам көрсөткөн. Ушул жылдары МТСтер уюштурулуп, биринчи тракторлор пайда болгон, эгиндерди «молотилка» дегендер менен бастырган. 1936-жылы 1-январга карата 65,1 пайыз колхоздоштуруу ишке ашкан. 1931-жылы Кызылкыяда тоо-кен техникуму ачылып, анын окуучуларынын

көбүн ноокаттыктар түзгөн. Ушул эле жылдарда райондо оорукананын алгачкы башаты негизделген. 1934-жылы Эскиноокатта китепкана иштей баштаган. Улуу Ата Мекендик согушка ноокаттыктар активдүү катышып, фронтко жардам, аскерлердин энелеринин жана аялдарынын кыймылын уюштурган. Ноокаттан согуштун баатырлары чыккан. 1951-жылы колхоздор ирилешкен. Мисалы, Сталин, Көтөрмө, Правда — үч колхоз биригип, Тельман атындагы колхоз болгон. Башка чарбалар да ушундай биригүүнү баштан өткөргөн. 1960 – 70-жылдарда социалисттик өндүрүш күчөп, айыл чарбасына артыкча маани берилген.

Ноокат району административдик-территориялык жактан Кыргыз Республикасынын Ош областына карайт. Административдик район катары 1928-жылы, ал эми азыркы чекарасында 1964-жылы түзүлгөн.

Район Ош областынын батыш бөлүгүндө жайгашуу менен батыштан Баткен областынын Кадамжай району, түштүктөн Чоң-алай жана Алай райондору, чыгыштан Карасуу жана түндүктөн Араван райондору менен чектешет. Түндүк-батышта жана түндүктө бир аз аралыкта (20 км ден ашык) Өзбекстан Республикасы менен болгон мамлекеттик чекара өтөт.

Район 68 айылды жана бир шаар тибиндеги посёлокту бириктирген 17 айыл өкмөтүнө бөлүнөт.

Райондун борбору — Эскиноокат айылы. 1870-жылы негизделген. Учурда шаар статусун алып, Ноокат шаары аталып келет.

## Жаратылышы

Ноокат району Фергана өрөөнүндө жайгашкан. Райондун түштүк жагынан Кичалай кырка тоолору аймакка таза абасын жана тунук суусун айдап, ноокаттыктарды жайында серүүндөтүп турат. Жайык өрөөн, дөңсөөлөр жана адырлар, андан ары тоолор уланып, райондун климаттык шартын өзгөчө жашоого, мал багууга, дыйканчылыкка ылайыкташтырат. Калк негизинен Караван — Көкжар жана Эскиноокат деген эки өрөөнгө жайгашкан. Климаты континенталдуу. Январдын жылдык орточо температурасы — 2,6 градус, июлдуку плюс — 24,4 градус. Жайы ысык





жана кургак болсо, кышы кар анча көп түшпөй, суук болот. Жаанчачындын жылдык орточо нормасы — 270 – 300 мм. Алай тарaптагы тоолордон жана мөңгүлүү зоолордон Кошчан, Шанкол, Кыргызата, Чилисай, Апшырсай дайралары агып түшүп, райондун аймагындагы эгиндерди сугарып, Араван районуна, андан Өзбекстанга өтөт. Найман суусактагычы курулган. Көмүр, сурьма кендери бар.

Өрөөндүү аймактарда (деңиз деңгээлинен 1200 м) жашылча өсүмдүктөрү, айрым аймактарда жүзүм да өсөт, негизги эгиндер — буудай, жүгөрү, тамеки, картошка. Райондун алмасы абдан даңазалуу. Аймактын тоо тарабындагы 2000 – 2800 м бийиктигинде арча токойлору орун алган, алардын арасында ар түрдүү бадалдар өсөт.

## Жеринин бети

Ноокат районунун жеринин бети аркыл келип, тоо кыркасынан, адырлардан жана өрөөндөрдөн турат. Рельефинде адырлуу тоо этектери жана тоо аралык депрессиялар басымдуу.

Райондун территориясын орографиялык жактан үч негизги бөлүккө бөлүп кароого болот: түндүгү — түздүктүү, ортоңку бөлүгү — адырлуу, өрөөндүү жана түштүк бөлүгү — тоолуу, бийик тоолуу өрөөндүү.

Аймактын түндүк жана түндүк батыш тарабы Борбордук Азиянын бермети — Фергана өрөөнүнүн кууш тилкесине таандык. Бул түздүктөрдүн чет жакалары акырындап төш таянып, адырларга өтөт. Мында ички өрөөндөргө Ноокат жана Караван — Көкжар түздүктөрү кирип, алар батыштан-чыгышка карай 30 – 35 км созулуп жатат. Аталган өрөөндөрдүн деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги — 1200 – 1500 м. Түздүктөрдүн жеринин бети бир кылка болуп созулбастан, агын суулардын өрөөндөрү менен ар кандай тереңдикте тилмеленген. Ноокат өрөөнү Чечмесай, Кыргызата, Кошчан суулары менен 15 – 20 м тереңдикте тилмеленген. Өрөөндү Жамандыр дөңсөөсү экиге бөлүп турат. Караван, Көкжар түздүгү Абшырсай суусу менен тилмеленген. Райондун түштүк тарабында Кичалай кырка тоосунун чыгыш бе-

ОШСКАЯ ОБЛАСТНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 470361
ИНФОРМАЦИОННО-КРАЕВЕДЧЕСКИЙ ОТДЕЛ

лүгү жатат. Тоонун орточо бийиктиги 3900 – 4100 м. Эң бийик жери 4933 м (Уларлуу чокусу). Фергана өрөөнүнө караган түндүк капталдары узун (80 – 90 км) жана жантайыңкы келип, этегинде адырлар тилкеси созулат. Ал эми түштүк капталдары кыска (4 – 5 км) тик аскалуу. Тоо кыркасынын түштүк-чыгыш этегинде бийик тоолуу Кичалай өрөөнү (деңиз деңгээлинен 2200 – 3000 м бийиктикте) жатат.

## Климаты

Континенталдуу, жайы ысык келип, кышкысын мээлүүн суук болот. Январдын орточо температурасы Ноокат өрөөнүндө — 2,6° С, Кичалай өрөөнүндө — 6,9° С. Июль айынын орточо температурасы + 24,4 + 15,5° С.

Жаан-чачын салыштырмалуу анча көп түшпөйт — жылына 250 – 300 мм. Райондун аймагында жаан-чачындын мол түшкөн мезгили жаз, кыш айларында, ал эми аз түшкөн убагы күзгө, жайга туура келет.

## Суулары

Райондун аймагында дарыя тармактары салыштырмалуу жыш. Кичалай жана Алай кырка тоолорунан 10дон ашык ири дарыялар агып түшөт. Алардын көпчүлүгү Кичалай тоосуна таандык.

Ири дарыяларга Кыргызата, Абшырсай, Акбуура, Кичалай, Кошчан, Шаңкол, Чечме, Чилисай кирет. Бардык дарыялар Карадарыя алабынын системасына таандык. Бул суулардын орточо чыгымы 3,17 $м^3$/с дан (Шаңкол суусу) тартып, 5,83 $м^3$/с га (Чилисай суусу) жетет.

Райондун аймагы боюнча калыптанган дарыялар негизинен мөңгү менен кардан азыктанышат. Ошондуктан алар жайдын экинчи жарымында ташкындайт. Бирок жаз мезгилинде жаан-чачындын да таасири чоң.





Ноокат районунун тоолорунда бир канча көлдөр жайгашкан. Бирок алардын көпчүлүгү майда. Дарыялардын баш жактарында, мөңгүлөрдүн бүткөн жерлеринде жайланышкан. Бул көлдөр негизинен мөңгү шилендилеринен жана тоолордон кулап түшкөн көчкүлөрдүн суу агымын бөгөп калышынан пайда болгон. Көлдөрдүн суусу эң таза келип, айлананын абасын сергитип, эс алууга эң ыңгайлуу жай болуп эсептелет.

Райондун аймагында сугат максатында курулган Найман суу сактагычы орун алган. Суу сактагычтын толук көлөмү нормалдуу горизонтто 39,5 млн. $м^3$, пайдалуу суу 38,0 млн. $м^3$, ошондой эле күзгүсүнүн аянты 3,2 га түзөт.

## Топурак кыртышы жана өсүмдүктөрү

Райондун топурак жана өсүмдүк катмарынын өрөөндөрдөн тартып, тоолордун кырларына чейин таралышы бийиктик алкактуулукка баш ийет. Райондун негизги топурак кыртышын боз топурак жана анын ар кыл түрлөрү түзөт. Фергана өрөөнүнө караган түздүктөрдө, өрөөндөрдө боз, агыш топурак, кадимки боз топурак кездешет. Бул топурактар таркалган жерлерде жарым чөл, эфемер өсүмдүктөрү басымдуулук кылат. Адырларда бирин-серин мисте жыгачтары өсөт. Кичалай жана Алай кырка тоолорунун капталдарында күрөң жана токойлуу күрөң топурак кездешет. Мындай жерлерге бетегелүү талаалар, бадал, арча аралашып өскөн шалбаалуу аянттар бар. 2200 – 3000 м бийиктикте арча токойлору таркалган жерлерде күрөң топурак кездешет.

Ал эми бийиктик боюнча караганда деңиз деңгээлинен 1200 – 1500 м бийиктикте эфемер-шыбактуу талаа, андан жогору (1500 – 1800 м) ак кылкандуу-шыбактуу талаа, дан өсүмдүк-шыбактуу талаа (1800 – 2200 м), арчалуу шалбаа (2000 – 2800 м), субальпы жана альпы шалбаалары (2800 – 3400 м) жана андан ары нивалдык зоналар бар. Шагыл таштар жана тоо тектери чыгып жаткан бөксө тоолордун каксоо күңгөй беттеринде топурак кыртышы, өсүмдүктөрү начар өрчүгөн.

### Жаныбарлары

Ландшафттардын бийик алкактуулукка жараша өзгөрүшү жаныбарлар дүйнөсүнүн да өзгөрүшүнө чоң таасир этет. Түздүктүү, адырлуу жерлерде негизинен кемирүүчүлөрдүн өкүлдөрү (сары чычкан), канаттуулардан чакчыгай, торгой, сойлоп жүрүүчүлөрдөн ташбака, калкан тумшук, ар түрдүү кескелдириктер таркалган. Чоңураак жаныбарлардан түлкү, коён, чөө бөрү бар. Курт-кумурскалардан бизге белгилүү түрлөрүнөн башка кара курт, чаян, музообаш көбүрөөк кезигет.

Тоолуу, токойлуу аймактар жаныбарлардын таркалышы үчүн эң ыңгайлуу жай болуп саналат. Мында ири сүт эмүүчүлөр басымдуулук кылат: аюу, карышкыр, түлкү, кашкулак, суусар, сүлөөсүн, доңуз, элик ж. б. Бийик тоолордо теке, аркар, суур, кекилик, улар, бүркүт, жорулардын бир нече түрлөрү кездешет.

### Чарбасы

Ноокат району айыл чарбасы ургаалдуу өнүккөн райондордун бири. Айыл чарбасынын негизги тармактары — тамекичилик, дан чарбасы, картошка өстүрүү, эт-сүт багытындагы мал чарбачылыгы жана кой чарбасы.

Район областта өндүрүлгөн тамекинин теңинен көбүн берет. Экинчи маанилүү тармагы болуп буудай өстүрүү эсептелет. Кийинки мезгилдерде жеке менчик чарбалардын көбөйүшү менен картошка өндүрүү чоң мааниге ээ болууда. Мындан башка да жашылчалар, жүгөрү, арпа өстүрүлөт.

Айыл чарбасында мал чарбасынын да мааниси зор.

### Транспорту

Райондун транспортунун негизги түрү — автомобилдик. Кара жолдордун узундугу 375 км, анын ичинде асфальтталганы — 270 км. Райондун аймагы аркылуу Ош — Эскиноокат — Кызылкыя, Кызылкыя — Араван жолдору өтөт.





### Өнөр жайы

Ноокат районунун өнөр жай тармактарын көмүр казып алуу, сымап өндүрүү, тамеки ферментациялоо, консерва азыктарын чыгаруу боюнча ишканалар түзөт. Бирок азыркы учурда айлануу каражаттарынын жоктугуна байланыштуу көмүр жана сымап өндүрүүчү ишканалар токтоп турат.

### Билим берүү

Райондо109 жалпы билим берүүчү мектептер бар. Аларда 4110 мугалим 55555 окуучуга тарбия беришүүдө.

### Айыл өкмөттөрү

Райондо жетекчилик кылуу, башкаруу жана административдик бөлүштүрүү айыл өкмөттөрү аркылуу жүргүзүлөт. Төмөнкүдөй айыл өкмөтөрү бар:

Эскиноокат, Көкжар, Найман, Мирмахмудов атындагы, Төөлөс, Кулатов атындагы, Караташ, Жаңыноокат, Кыргызата, Исанов атындагы, Онэкибел, Бел, Ынтымак, Гулистан, Зулпуев атындагы, Кеңеш, Көкбел.

### Калкы

Ноокат — калк жыш жайгашкан аймактардан. Бир квадрат километр жерге орточо 35 киши туура келет, бул областтын жалпы көрсөткүчүнөн 1,3 эсе жогору. Улуттук курамы төмөнкүдөй: кыргыздар — 146 697, өзбектер — 57 776, түрктөр — 314, орустар — 301, татарлар — 161, казактар — 97, армяндар — 15, тажиктер — 89, азербейжандар — 7, украиндер — 31.

## Ноокаттын кен байлыктары

**Абшыр-Сай көмүр кени.** Кызылкыя шаарынан 26 километр чыгыш тарапта, Алай кырка тоосунун түндүк капталында. 1930-жылы табылып, 1941-жылдан 1966-жылга чейин геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Көмүрлүү катмарлар юра мезгилинде пайда болгон тоо тектердин арасында кездешип, алардын калыңдыгы 0,1 метрден 13,4 метрге жетет. Жалпы узундугу 38 километр. Көмүр кларендүү жана фюзен-ксилендүү. Кендин жалпы запасы 13,3 млн. тонна.

**Абшыр-Сай мрамор кени.** Көкжар кыштагынан 40 километр түштүктө, Алай кырка тоосунун түндүк капталында. 1974-жылы табылып, 1975-жылга чейин геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагын силур жана антропогендик чөкмө тектер түзөт. Мрамор силур мезгилинде пайда болгон чөкмө тектердин арасында жатат. Узундугу 3 километр, калыңдыгы 50 – 80 м. Мрамордун өңү ак, боз темгилдүү. Блок алууга жарамдуу. Запасы 30 – 40 млн. $м^2$. Кооз буюмдарды жасоого, дубалды каптоого болот.

**Улуутоо сурма кени.** Көкжар айылынын түштүк тарабында. Алай кырка тоосунун түндүк капталында. 1946-жылы табылып, 1951-жылга чейин геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен жаткан аймак силур мезгилинде пайда болгон аки таш теги менен сланецтерден жана аларды жиреп чыккан гранит-диарит инитрузияларынан турат. Кен татаал өзгөрүүлөргө учурап, өтө жаракаланган антиклиналдык түзүлүштүн түндүк-батыш капталында жайгашкан. Сурьма кени бири-биринен 25 – 30 метр аралыктагы эки руда горизонтунан (астыңкы акиташ теги менен сланец катмарларынын ортосунда, үстүнкү сланецтин арасында) турат. Руда линза жана тарамча түрүндө (калыңдыгы 1 см.ден 2 м.ге чейин) негизги минералдар: антимонит, валентинит, керлозинит, алардан башка киноварь, реальгар, пиринт, арсенопарит, пирротин, калькопирит, марказит, фалерит жана флюорит да бар.

**Даңги кени.** Ноокат районундагы оникс кооз ташы жаткан жер. Араван-Эскиноокат жолунан 1,5 километр чыгыш тарапта. Аравансай суусунун Даңги каньонуна кошулган жеринде. Кендеги мрамор окиси каньондун боорунда линза жана туюк. Карт





үңкүрлөрүндө уюма кыртыш түрүндө. Линзалардын узундугу 5 – 8 м, калыңдыгы 0,1 – 0,2 м. Түсү кызгылт, чанда жез сымал саргыч, жол-жол темгилдүү. Таш өтө кооз, блокторго жакшы бөлүнөт. Көрком, кооз буюмдарды жасаса болот.

**Жатан (Ятан) көмүр кени.** Жатан айылынын жанында, Алай кырка тоосунун түндүк этегинде. 1961-жылы геологиялык чалгындоо жумуштары жүргүзүлгөн. Кен аймагында юда мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер жатат. Көмүр катмарлары юданын чопо, алевролит, аргиллит тектеринин арасында топтолгон. Мында көмүрдүн пайдалуу 6 катмары бар. Алардын төртөөнүн калыңдыгы 2 метрге чейин. Астыңкы көмүр катмарынын калыңдыгы 16 метр. Көмүр гумустуу, метаморфизмделиши боюнча күрөң көмүр тибине кирет. Күлдүүлүгү 15 %. Күйгөндө 17 Кдж/кг жылуулук берет.

**Жатан (Этан) чопо кени.** Эскиноокат айылынан 7 километр түштүк-чыгышта. Алай кырка тоосунун түндүк этегинде. 1949-жылы табылып, 1957-жылы геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлгөн. Кен аймагын силурдун чополуу сланецтери, кумдук, акиташ — юра мезгилинин чопо, көмүрлүү чопо алевролит, аргилмент тектери түзөт.

Пайдалуу чопо катмары юранын алевролит, аргимит тектеринин арасында жатат. Калыңдыгы 15 – 35 м, узундугу 2 км.ге созулат. Чопонун чоюлгуч касиети жогору. Кирпич жана карапа буюмдарын жасоого жарамдуу.

**Кызылкүңгөй кени.** Ноокаттагы кооз таш — гранит, диорит жаткан жер. Эскиноокат айылынан 4 км түндүк тарапта, Араван суусунун сол жээгинде жайгашкан. 1973 – 75-жылдары ачылып изилденген. Мында гранит, диорит массиви кеңдик багытында узатасынан кеткен шток түрүндө жатат. Анын узундугу 2,4 км, туурасы 1,2 км, аянты 2,9 $км^2$. Гранит, диорит түсү боюнча эки түргө бөлүнөт — ачык жашыл, ачык күрөң. Структурасы орто, ири кристалдуу. Текстурасы массивдүү. Таш өтө кооз, жакшы сайкалданып, жалтырак, ачык жашыл жана күрөң түстөгү бетти пайда кылат. Суукка чыдамдуу, жүк көтөрүмдүүлүгү жогору. Блокторго жакшы ажырайт. 1 $м^3$ блоктон 17 – 18 такта алууга болот. Запасы мол.

**Кызылболат кени.** Ноокат районундагы оникс кооз ташы жаткан жер. Карабий кыштагынан 3 км түштүк тарапта, Кызылбо-

лат доңсоосүндө, Алай кырка тоосунун түндүк этегинде. Аталган кен 1982-жылы табылган. Кен аймагын карбон мезгилинде пайда болгон акиташ теги түзөт. Бул тектер тектон жаракалар менен тилкелешип, аларды бойлой карст үңкүрлөрү пайда болгон. Кен үңкүрлөрдө топтолуп, эки түрдө кезигет. Биринчиси линза сымал катмар түрүндө, калыңдыгы 0,5 м, узундугу 20 м. Оникс ак, күрөң, саргыч, боз күрөң түстөрдүн жол-жол темгилдеринен түзүлүп, кооз көрүнөт. Экинчиси самсаалаган жана шуштуйган шиш сымал сталактит жана сталагмиттерден турат. Сталактит шиштеринин бийиктиги 1,1 – 1,5 метрге, диаметри 01 – 03 метрге жетет. Оникстин өңү — күрөң, сары, боз күрөң. Кооздугу боюнча жогорку касиетке ээ. Блоктуулугу 20 х 20 х 20 см. Кендин запасы 15,0 – 16,0 миң м$^3$.

**Кыргызата кени.** Ноокаттагы ташка айланган жыгач калдыктары жаткан жер. Эскиноокат айылынан 5 – 6 км түштүктө. Оштун майда тоолорунда. 1956-жылы табылган. Кен аймагын юра мезгилинде пайда болгон кызыл түстүү кумдук түзөт. Жыгачтын калдыгы халцедон менен кварцка ширелип, таш болуп катып калган. Өңү ачык-күрөң, мала-кызыл, көгүш. Майда бүртүкчөлүү, темгилдүү. Жыгач структурасы, жылдык тегерек темгилдери, жаракалары начар сакталган. Блоктуулугу 10 х 10 х 5 см. Жылмалап сайкалганда кооз оймо-чиймелерди пайда кылат. Белек-бечкек буюмдарын жасоого жарамдуу.

**Ноокат чопо кени.** Эскиноокаттан 10 – 15 км түндүк-чыгыш тарапта, Алай кырка тоосунун түндүк этегинде. 1956-жылы геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын бор мезгилинде пайда болгон чөкмө тектер түзөт. Пайдалуу катмар монтмориллонит составындагы чоподон турат. Алардын арасында катмарча жана линза (калыңдыгы 0,1 – 11,3 м) түрүндөгү үлүл акиташ теги кезигет. Чопо катмарынын калыңдыгы 65 – 82 м. чопо нык, чоюлгуч, гипстелген. Карапа жана чопо ылайын даярдоого жарактуу. Запасы В категориясы боюнча 2400, 6 миң м$^3$, С — 4705,4 миң м$^3$.

**Улуутоо лиственит кени.** Көкжар айылынан 12 км түндүк тарапта, Кичалай кырка тоосунун этегинде жайланышкан. 1968-жылдан белгилүү. Кен аймагын силур мезгилинде пайда болгон эффузиятерриген тоо тектери түзөт. Бул тектер тектон, жаракалар менен тилмеленип, татаал түзүлүштөрдү пайда кылган. Лиственит ошол жаракаларды бойлой жайгашып, кеңдик багытта созулуп жатат. Калыңдагы 5 м, узундугу 1,5 км. Лиственит, кварц менен карбонаттан турат. Кара, каралжын-боз түстө. Жашыл-боз, саргыч-боз темгилдер кооз оймо-чиймелерди пайда кылып, жылмалап сайкалданган тактанын бетине өзгөчө түр берет. Имарат дубалдарын коздоп, каптоого жана майда кооз буюмдарын жасоого жарактуу.





**Улуутоо оникс кени.** Улуутоо айылынан 8,5 км батыш тарапта, Улуутоодо жайгашкан. 1973-жылдан белгилүү. Кен аймагын силурдун чөкмө тектери түзөт. Кооз таш — мрамор ониксi (халцедон минералынын бир түрү) акиташ тегиндеги үңкүрдө кезигет. Үңкүр 10 х 20 х 15 м өлчөмүндө. Оникс быдырлуу кабат жана сталактид, сталагмид кыртышы түрүндө. Кат-кат быдырлуу оникстин калыңдыгы 0,4 – 0,5 м, узундугу 7 м.ге чейин. Сталагтид — сталагмит кыртышы үңкүрдүн төбөсү менен таманында кездешет. Сталагтит жана сталагмит тиштеринин узундугу 0,5 – 0,6 м. Сары, саргыч-боз, жездей сары түстө. Кооздук касиети эң жогору, блоктуулугу канааттандыраарлык. Майда кооз буюмдарды жасоого жарамдуу.

**Улуутоо пикрит кени.** Улуутоо айылынан 5 км чыгыш тарапта, Тогузбулак доңсоосүнүн жанында. 1982-жылы табылган. Кен аймагын девондун жанар тоо тектери жана антропоген чөкмөлөрү түзөт. Кооз таш — пикрит тоо теги силур түрүндө жатат. Калыңдыгы 100 – 150 м, узундугу 3 км пикриттин өңү каралжын-боз. Майда бүртүкчөлүү, тыгыз массивдүү. Оңой сайкалданат. Жылмалап сайкалдангандан кийин кара баркыт сымал жалтырап турат. Имарат дубалдарын коздоп каптоого жана кооз буюмдарды жасоого жарактуу.

**Улуутоо халцедон кени.** Ноокаттагы кооз таш — халцедон минералы жаткан жер. Улуутоо айылынан 4 км түштүк-батыш тарапта, Кичалай кырка тоосунун түндүк этегинде жайгашкан. Кен аймагында кембрий мезгилинде пайда болгон лава брекчия, кремнийлүү доломит, туффит тоо тек катмарлары жатат. Халцедон линза жана тарам (калыңдыгы 0,2 – 2 м) түрүндө кремнийлүү доломиттердин арасында кезигет. Халцедон сүттөй ак, боз, көгүш-ак, ар кайсы жерлеринде ачык-кызгылт түс байкалат. Көзгө араң көрүнгөн, каршы-терши өткөн өтө майда көптөгөн жаракалар каралжын-боз, кара түстөгү кремний менен толтурулуп кал-

ган. Ал ташка өзүнчө бир коздукту берип турат. Халцедондон кооз майда буюмдарды жасоого болот.

**«Эски Шурф» кени.** Ноокат районундагы чопо катмары жаткан жер. Алай кырка тоосунун түндүк этегинде жайгашкан. 1969-жылы геологиялык чалгындоо иштери жүргүзүлүп запасы эсептелген. Кен аймагын юра мезгилинин көмүрлүү, чопо, кумдук, алевролит тоо тектери түзөт. Пайдалуу чопо теги төрт катмардан турат. Алардын жалпы калыңдыгы 41,4 м. Чопо катмарлары кумдук кабаттары менен бөлүнгөн. Боз-саргыч түстө. Химиялык-техникалык касиети боюнча портлант цементине кошууга жарактуу. Запасы A + D + C категориясы боюнча 4516 миң т.

## Ноокаттагы уруулар

Райондун аймагында ар түрдүү уруу-уруктар жашайт, ошон үчүн алардын салт-санаа, расминде бир топ айырмачылыктар орун алган. Мисалы, райондогу кыргыздар экиге — отузуулдарга жана ичкиликтерге бөлүнөт. Отузуулдар негизинен Кыргызата суусунун чыгыш жагы, ичкиликтер батыш жагы. Бул эки уруулук чоң бөлүнүүдө расимдари, тили бир катар айырмалуу.

Ноокатта адигине уруусундагылар, алардын ичинде бөрү, баргы, сатыке, мырзаке, мун (миң) дегендер бар. Андан сырткары муңгуштар да жашайт. Булар Кыргызата суусунан чыгыш жакта. Андан батыш тарапта нойгуттар, наймандар (Нарай, Найман айылдары), тейиттер (Апшырсай айланасы), төөлөстөр, оргулар, кандылар (Чечмесай, Борбаш, Жийде, Көкжар, Каранай) орун алган. Булардын ар биринин салттык өзгөчөлүктөрү болгон менен көп адат-расимдери бири-бирине өтүшүп, сиңишип кеткен.

Кыргызстандагы эң көп уруу-уруктардын топтошкон жери ушул Ноокат району болуп саналат.





## Ноокаттык манасчылар

Кыргыздардын гениалдуу мурасы, дүйнөнүн эң көлөмдүү жана кайталангыс эпосу болгон «Манас» дастаны Кыргызстандын Түштүгүнө анча көп тараган эмес деген пикир бар. Ошол пикирдин анчалык ынанымдуу эмес экендигин ноокаттык манасчылардын чыгармачылыгы көрсөтүп турат. Алардын айрымдарына токтолуп өтөлү:

**Акун Таш уулу** — манасчы. Бөрү уруусунун кожеке уругунан. Бөлөксарт айылында 1890-жылы туулган. Манасчылыкты атасы Сайба уулу Таштандан үйрөнгөн. Ал манасчыдан «Манастын бала чагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү» деген бөлүмдөр жазылып алынган.

**Анаргүл Тажыбай кызы** — манасчы, кошокчу, ырчы. 1900-жылы Кашкалдакта туулган. 1947-жылы андан «Мырза уул менен Ак Саткын» поэмасы, «Манастан» үзүндү, дагы бир топ ырлар жазылып алынган. Манасчылыкты күйөөсү Берүбай Султан уулунан үйрөнгөн. Анаргүл апанын варианты боюнча Манас баатыр үч жолу өлүп, үч жолу кайра тирилет.

**Калбек Жумагул уулу** — семетейчи. 1889-жылы Жаркоргондо туулган. Улуукатын уруусунан. «Семетей менен Айчүрөктүн үйлөнүшү» жазылып алынган. Анын варианты 1925-жылы китеп болуп чыккан Тыныбектин «Семетейине» бир топ окшойт. «Семетейди» Борболдой Жетигул уулунан 1920 – 30-жылдар аралыгында үйрөнгөндөй.

**Карымшак Жоошбай уулу** — жомокчу, манасчы. 1900-ж. Герейшорон айылында туулган, 1979-жылы каза болгон. Салиева атындагы колхоздо койчу болуп иштеген. 1969-жылы андан «Көкөтөйдүн ашы» жазылып алынган. «Эр Төштүк» жомогун да айткан.

**Мурат Калбай уулу** — манасчы. Кеңеш айлынан. 1870-жылы туулган. Чоодан манасчынын (1835 – 1900) шакирти. Андан Манастын балалык чагы, Накылайга үйлөнүшү ж. б. бөлүмдөр 1947-жылы жазылып алынган.

**Матисак Акбай уулу** — манасчы. 1877-жылы Жаркоргондо туулган. 13 жашында бир тойго барып, «Манасты» Чоодан деген устазынан үйрөнөт. Анын «Манасы» ыр жана карасөз аралаш болуп, К. Мифтаков тарабынан жазылып алынган. Манастын бала-

лык чагын, Көкчө менен урушун, Каныкейге үйлөнүшүн айтып берген.

**Чоодан** — манасчы. (1835 – 1900) Туулган жерин (районун) тактай албадык. Бирок аны ноокаттык бир топ манасчылардын (Матисак Акбай уулу, Калбек Жумагул уулу, Мурат Калбай уулу ж. б.) устазы болгон үчүн да бул китепке киргизүүнү туура таптык. Андан «Манас» жазылып калган эмес. Кезегинде Кокондун ханы Кудаярдын ордосунда манасчылык кылгандыгы тууралуу айтылат.

## *Элдик кол өнөрчүлүгү*

Этнограф А. Акматалиевдин «Кыргыздын уз-усталары» деген китебинде (Бишкек, КЭ редакциясы, 1997) Ноокат районунан чыккан төмөндөгү кол өнөрчүлөрдүн чыгармачылыгына токтолот.

**Абдымаликова Татты** (1908-ж. Кыргызатада туулган) — өрмөкчү, бычмачы-тикмечи. Шалча, тери кийимдерин жана буюмдарын жасаган. Себет токуган.

**Айдар келини Суксур** (1886-ж. Кызылтейитте туулган) — килемчи, таарчы.

**Жакып келини Бурайма** (1889 – 1972) — Жал айылында жашаган килемчи жана саймачы. Кийиз жасаган.

**Жакып келини Дуса** (1888 – 1981) — Жалда жашаган килемчи. Анын атында килемдин «Дуса көчөтү» деген көркөм үлгүсү болгон.

**Жолдошева Сабира** (1935-ж. Ленинизм колхозунан) — саймачы жана өрмөкчү.

**Калчаев Абдурасул** (1900 – 1984-жж. Кожоке) — ээрчи, жыгач уста. Анын өнөрүн уулу Абдурасулов Мамасалы алып баруруда.

**Калык уулу Эшенкул** (1906-ж. Каранай) — зергер.

**Кариева Умсун** (1938-ж. Найман) — саймачы жана куракчы. Балыш, жаздык, туштук жасаган уз.

**Мамадалиева Анара** (1952-ж. Жаркоргон) — өрмөкчү. Шалча, кептакыя, терме, төшөк жасаган.





**Мырзакул келини Айкан** (1885 – 1978-ж.) — белорүктүк килемчи. Анын кызыл килеми учурунда Фергана өрөөнүнүн базарларынын алдыңкы товарларынан болгон. Бир жумада ортočо аянттагы арабы килемди токуп бүткөн.

**Ташматов Кадыр** (1937-ж. Ленинизм) — комуз чапкан уста, зергер.

**Шаматов Абдыганы** (1926 – 1988-ж.) — жыгачтан ар кандай идиштерди жасаган кыргызаталык кырмачы.

**Шермат уулу Мурза** (1904-ж.) — 1-Май айлынан. Табак, кесе, аяк, чойчок, кашык, челек, табак жасап аты белгилүү болгон.

**Ысман уулу Бакир** (1929-ж. Ленинизм) — жыгач буюмдарын жасаган, ээр чапкан.

**Эрматова Кундуз** (1939-ж. Кыргызата) — килемчи жана өрмөчү. Кара терме, кажары терме жасаган.

**Надиров Баймурза** (1946-ж. Кыргызата) — жыгачтан улуттук буюмдарды жасаган.

## *Ноокат районун жетектегендер*

1. Каримов И. — 1934 – 1935-ж.
2. Рудников Иван Иванович — 1936-ж.
3. Белов Фёдор Михайлович — 1936-ж.
4. Назаров Карим — 1937 – 1938-ж.
5. Рудников Иван Иванович — 1938 – 1940-ж.
6. Белов Фёдор Михайлович — 1940 – 1941-ж.
7. Журавлёв Иван Андреевич — 1941 – 1943-ж.
8. Кошаев Эгемберди — 1943 – 1948-ж.
9. Ирматов Тургунбай — 1948 – 1952-ж.
10. Осмонов Э. — 1952 – 1953-ж.
11. Асранкулов Бөрүбай — 1953 – 1957-ж.
12. Жусупов Шергазы — 1957 – 1961-ж.
13. Эргашев Маматгази — 1961 – 1962-ж.
14. Исакулов Муктар — 1962 – 1964-ж.
15. Дагазиев А. Ш. — 1964 – 1970-ж.
16. Өсөров Арзымбек — 1970 – 1975-ж.

17. Исаева Сүйүн — 1975 – 1977-ж.
18. Сапарбаев Абдыкадыр — 1977 – 1985-ж.
19. Исмаилов Адыш — 1985 – 1989-ж.
20. Турдубаев Жээнбек — 1989 – 1991-ж.
21. Абдраимов Эшполот — 1991 – 1992-ж.
22. Эгембердиев Абдималик — 1992 – 1993-ж.
23. Сатыбалдиев Алишер — 1993 – 1996-ж.
24. Меделканов Жолдошбек — 1996 – 1998-ж.
25. Кадыров Сүйүн — 1998-ж.
26. Махаммадов Ахмаджан — 1998 – 2001-ж.
27. Жээнбеков Мырзаибрагим — 2001 – 2005-ж.

## — А —

### *Абшыр-Сай*

Абшырсай — Иран тилдеринде: 1) аб — суу, шир — сүт, кыргызча — сай: ак көбүктөнгөн суу; 2) обшир — шаркыратма; шаркыратмалуу сай.

Ош областынын Фергана өрөөнүндөгү суу. Карадарыянын алабында. Узундугу — 62 километр, алабынын аянты — 230 км$^2$. Кичалай кырка тоосунан башталат. Жогорку бөлүгүндө кууш жана терең капчыгай аркылуу агып, Найман кыштагынан кийин Фергана өрөөнүнө чыгат. Төмөнкү агымы Жылгынсай аталат. Ортоңку агымында Абшырсай шаркыратмасы, 89 чакан куймасы бар. Ирилери: Малядан, Шидан ж. б. Жылдын орточо чыгымы 1,68 м$^3$/сек; эң көбү 13,0 м$^3$/сек; эң азы 0,51 м$^3$/сек. Сугатка пайдалангандыктан, Карадарыяга жетпейт. Абшырсайдын боюнда Көтөрмө, Найман айылдары жайгашкан.

Негизинен Абшырсай Ноокат районундагы табигый кооз жер. Райондун борбору Эскиноокаттан 25 – 26 км аралыкта. Абшырсай суусу Кичалай кырка тоосунун түндүк капталынан агып түшүп, адырларга өтөрдө акиташ тектеринен түзүлгөн аскаларды кесип агып, тар жана терең капчыгайды пайда кылат. Капчыгайдын таманынын кеңдиги 20 метрдей, узундугу 2 километр, салыштырма бийиктиги 600 – 800 метр, абсолюттук





бийиктиги 1800 – 1900 метр. Өрөөндүн таманынан 30 – 35 метр бийиктикте, капчыгайдын оң капталындагы диаметри 2 метр келген үңкүрдөн булак атырылып чыгып (чыгымы 0,3 м$^3$/секундага жакын), эки баскычтуу шаркыратманы пайда кылат. Биринчи баскычтын бийиктиги 15 метрден ашык, экинчиси 11 – 12 метр. Өрөөндөгү сууга салыштырганда шаркыратманын суусу тунук, муздак, кальций, магнийге бай. Суу жер астындагы карсттык көлмөнүн бир четиндеги жараңка менен жыл бою бир калыпта сыртка чыгат. Абшырсай шаркыратмасынын тегереги өзгөчө кооз, сууну жээктей бадалдар өсөт; алардын арасында тал-терек, мөмө дарактары тигилген. Шаркыратманы даана көрүш үчүн капчыгайдын эки капталына бетон тепкичтер жана тектирчелер курулган.

### *Айбек*

Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Мурунку Россия колхозунун аймагында. Райондун борбору Эскиноокаттан 7 км чыгыш тарапта.

### *Алашан*

Мурунку Кызыл Октябрь айыл советине, азыркы Көкжар айыл өкмөтүнө караштуу айыл. 1890-жылы негизделген. Абшырсай суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 25 км батыш тарапта.

### *Алтынказык тоосу*

Алай кырка тоосунун (Кичалай) түндүк тармагы. Ноокат районунун аймагында. Тоо кеңдик багытында Кошчан, Кырккечүү сууларынын аралыгында 30 – 32 км созулуп жатат. Туурасы 4 – 5 км. Орточо бийиктиги 2800 – 3300 м, бийик жери 4064 м. Кыры

аска-зоокалуу, мөңгү жокко эсе. Тоо капталдары өтө кыска, майда кокту-колоттуу келип, суу өрөөндөрүнө тик түшөт. Кууш капчыгайлар да кездешет. Орографиясы боюнча эки бөлүктөн турат: батышы — Алтынказык, чыгышы — Гупукан деп аталат. Силурдун чополуу жана көмүрлүү сланец, кумдук, алефролит тектеринен турат. Талаа (1900 – 2000 м бийиктикке чейин), шалбаалуу талаа жана шалбаалуу бадал, (2700 – 2900 м чейин) субальп жана альп шалбаасы, сейрек бетегелүү талаа (3100 – 3200 м чейин) нивалдык ландшафт альптары мүнөздүү.

## Арбын

Мурдагы Ленинизм колхозунун, азыркы Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Кичалай тоолорунун этегинде жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 18 км түштүк-чыгыш тарапта.

## Айтамга

Мурунку Салиева колхозунун аймагында. Райондун борбору Эскиноокаттан 33 км батыш тарапта. Атынын келип чыгышы кыргыздын бир уруусуна байланыштуу.

## Актерек

Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Мурунку Ленинизм колхозунун аймагында. Райондун борбору Эскиноокаттан 35 км.

## Актөө мөңгүсү

Кичалай кырка тоосунун түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу 6,0 км, аянты 3,5 км², көлөмү 0,24 км³. Кыргызата суусунун Сол куймасы — Чилисайдын алабында жайгашкан. Мөңгүнүн башы деңиз деңгээлинен 4900 м, этеги 3835 м бийиктикте жатат. Кардын бийиктиги 4250 м. Абляция областынын аянты 1,8 км². Мөңгү тартылууда. Андан Актөө суусу башталып, Кыргызата суусунун сол куймасы Чилисайга оң жактан куят.





## Акчабуу

Мурунку Россия колхозуна, азыркы Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Кыркол суусунун жээгинде. Райондун борбору Эскиноокаттан 12 км чыгыш тарапта.

## Акчал

Мурунку Жал совхозунун, азыркы Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнүн карамагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 45 км батыш тарапта.

## Аравансай

Ноокат менен Араван райондорунун аймактары аркылуу аккан суу. Узундугу 102 км, алабынын аянты 1960 км². Кичалай кырка тоосунун түндүк капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Башталышында Гезарт, ортоңку агымында Чилисай, Кыргызата аталат. Шаарихансай каналына куят. Жогорку агымында шар аккан тоо суусу. Ноокат өрөөнүнө чыккандан кийин (Жаңынокат айылы тушта) шиленди конусту пайда кылып, суунун бир тобу жерге сиңип кетет, бул жерден айрым каналдар башталат. Ноокат ойдуңунда Кыргызата жана Кошчан кошулгандан кийин, Карачатыр тоосун кесип өтүп, Фергана өрөөнүнө чыкканда каналдарга бөлүнүп кетет. Ири куймалары: Кыргызата, Кошчан, Агарт, Акдөбө. Жылдык орточо чыгымы 10,4 м³/сек. Эң чоң чыгымы июнь-июлда, азы март-апрелде байкалат. Аравансай суусунун боюнда Жаңынокат, Тельман, Кошчан, Бешмырза айылдары жайгашкан.



3 — 326

### Арал

Мурунку Чапаев атындагы колхоздун аймагында жайгашкан айыл. 1929-жылы негизделген. Райондун борбору Эскиноокаттан 5 км түндүк тарапта. Чилисай менен Кыргызата сууларынын кошулган жеринде жайгашкан.

## — Б —

### Баглан

Мурунку Жал совхозуна, азыркы Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 49 км батыш тарапта.

### Бадын

Мурдагы Чапаев атындагы колхоздун, азыркы Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борборунан 2 км чыгыш тарапта. Айылдын аты кыргыздын уруусунун атынан пайда болгон.

### Бел

Мурунку Белөрүк колхозунун, азыркы Бел айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан12 км батыш тарапта. Ноокат — Кызылкыя автожолунун боюнда жайгашкан.





### Бешбурхан

Мурдагы Жал совхозунун аймагындагы, азыркы Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Кичалай тоосунун этегинде орун алган. Райондун борбору Эскиноокаттан 55 км батыш тарапта. 1896-жылга чейин негизделген.

### Борбаш

Мурунку Көкжар совхозунун аймагындагы айыл. Абшырсай суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 23 км батыш тарапта. 1900-жылы негизделген.

### Борко

Кыргызата айыл өкмөтүнүн, мурунку Тельман атындагы колхоздун аймагындагы айыл. Кыргызата суусунун оң жээгинде. Райондун борбору Эскиноокаттан 7 км туштүк-чыгыш тарапта.

## — Г —

### Герейшорон

Мурдагы Салиева атындагы колхоздун аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 33 км түндүк-батыш тарапта.

### Гулистан

Мурунку Фрунзе атындагы колхоздун, азыркы Гулистан айыл өкмөтүнүн аймагында жайгашкан. Гулистан айылы 1930-жылга чейин Тажиккыштак деп аталган. Райондун борбору Эскиноокаттан 4 км батыш тарапта, Ош — Кызылкыя автожолунун боюнда.

## — Д —

### Додон

Мурдагы Салиева атындагы колхоздун аймагында жайгашкан айыл. Ош — Кызылкыя автожолунун боюнда. Райондун борбору Эскиноокат кыштагынан 32 км батыш тарапта.

## — Ж —

### Жайылма

Мурунку Салиева атындагы колхоздун аймагында жайгашкан айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 31 км батыш тарапта.

### Жатан

Азыркы Т. Зулпуев атындагы айыл өкмөтүнүн мурунку Россия колхозунун карамагындагы айыл. Кыркол суусунун жээгинде жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокат кыштагынан 11 км түндүк-чыгыш тарапта.

### Жаңыбазар

Мурунку № 44 жылкы заводуна, азыркы Н. Исанов атындагы айыл өкмөткө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 15 км чыгыш тарапта. 1800-жылы негизделген.





### Жаңыноокат

Мурдагы Маданият колхозуна караштуу айыл. Кичалай тоосунун этегинде, Чилисай суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 6 км батыш тарапта. XV кылымдарда негизделген. Айылдын түштүк тарабында таштагы байыркы жазуулар бар.

### Жаркоргон

Мурунку № 44 жылкы заводуна, азыркы Н. Исанов атындагы айыл өкмөткө караштуу айыл. 1960-жылга чейин Улуукатын деп аталып келген. Жаркоргон суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 22 км чыгыш тарапта. 1800-жылы негизделген.

### Жеңиш үңкүрү

Илгери СССРдеги лабиринт тибиндеги ири термокарсит үңкүрү. Кошчан тоосунун түндүк капталында. Үңкүрдү 1976-жылы А. Я. Жуканин жана В. В. Филипенко тапкан. 1978-жылы спелеология экспедициясы изилдеген. Таш көмүр мезгилинин үбөлөнгөн акиташ тектеринде пайда болгон. Жалпы узундугу 1500 м. Геологиялык жана спелеологиялык изилдөөлөр үчүн мааниси зор.

### Жийде

Мурдагы Көкжар совхозунун аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 20 км батыш тарапта. 1900-жылы негизделген.

## — К —

### Кайрагач

Бел айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокат айылынан 9 км батыш тарапта.

### Караташ

Мурунку Чечмесай айыл советине, караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокат айылынан 7 км түштүк тарапта. 1930-жылы негизделген.

### Капчыгай

Мурунку Чечмесай айыл советине караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 30 км түндүк тарапта. 1935-жылы негизделген.

### Караке

Т. Зулпиев айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 5 км чыгыш тарапта.

### Каракокту

Мурунку Чапаев атындагы колхоздун аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 8 км түндүк тарапта. 1935-жылы негизделген.





### Каракөл

Ноокат районундагы суу, Аравансайдын оң куймасы. Кичалай кырка тоосунун түндүк-батыш капталынан агып өтөт. Узундугу Айырташты кошкондо 41 км, алабынын аянты 387 км$^2$. Алабынын деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги 2900 м. Айырташ суусу Алтынказык тоосунун түштүк, Алай кырка тоосунун түндүк-батыш капталынан башталган майда суулардан түзүлүп, адегенде капчыгай аркылуу агып, кууш өрөөнгө чыгат. Ортоңку бөлүгүндө Кошчан деп аталып, Жерарык суусу менен кошулат да, Каракөлдү түзөт. Жылдык орточо чыгымы 3,86 м$^3$/сек. Эң көбү июнда, эң азы февралда байкалат. Ири куймалары: Шаңкол (сол), Жаңысай, Жаркоргон (оң) ж. б. Суусу Аравансайга жетпей сугат тармактарына бөлүнүп кетет. Жээгинде Алике, Жаңыбазар, Карабаш ж. б. айылдар жайгашкан.

### Каранай

Мурдагы Көкжар совхозунун аймагындагы айыл. Абшырсай суусунун боюнда. Райондун борбору Эскиноокаттан 23 км батыш тарапта. 1885-жылы негизделген.

### Караташ (Чакмак)

Кыргызата айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Ноокат — Ош автожолунун боюнда. Райондун борбору Эскиноокат кыштагынан 25 км чыгыш тарапта.

### Карагой

Кыргызата айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Карагой суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борборунан 38 км түштүк-чыгыш тарапта.

## Карагаймазар

Кичалай тоосунун түндүк капталындагы арча токойлуу табигый кооз аймак. Карагай жана Мазар (Кыргызата суусунун башы) сууларынын алабынан орун алган. Узундугу — 30 км, туурасы — 4 км, орточо бийиктиги — 2500 – 2800 метр, эң жапыз жери 1900 метр. Аянты 200 км² жакын. Өрөөндүн таманы төртүнчүлүк мезгилдин борпоң чөкмө, өрөөндү караган тоо капталдары астыңкы палеозойдун таш теги, кремнийлүү жана сланец тектерине толгон. Тоо капталдары аскалуу, тик, терең, кокту-колоттор көп. Карагай, мазар суулары жана алардын куймалары агып түшөт. Климаты кескин континенттик, июлдун орточо температурасы 24, 8° С, декабрдыкы — 26,7° С чейин. Жылдык жаанчачыны 600 – 800 мм. Талаа (1900 – 2000 м бийиктикте; бетеге, ар түркүн чөп жана бадалдар басымдуу), шалбаалуу талаа (2200 – 3000 м, өскүлөң шалбаа жылгыны, алып астрагалы, буудайын, каз таман, кой жалбырак ж. б.), шалбаалуу токой (2200 – 3200 м) шалбаа жылгыны, шалбаа каз таманы, кой жалбырагы ж. б.) субальп шалбаалуу талаа (2800 – 3300 м; бетеге шалбаа жылгыны, каз таман, Тяньшань пиязы, ыраң ж. б.) альп шалбаасы (3000 – 3200 метрден жогору; сейрек бетеге, тоо сулуусу, ыраң, машар чөп ж. б.) ландшафт алкактары мүнөздүү. Тоолордун түндүк жана түштүк-чыгыш капталдарында арча токойлору өсөт. Мазартоонун жана анын айланасынын кооз ландшафты эс алуу жайларын уюштурууга өтө ыңгайлуу.

## Карагой мөңгүсү

Кичалай кырка тоосунун түндүк капталындагы татаал өрөөн тибиндеги мөңгү. Аравансай суусунун алабында. Узундугу — 7,2 км, аянты — 4,8 км². Мөңгүнүн башы деңиз деңгээлинен 4800 м, этеги 3600 м бийиктикте жатат. Кар чегинин бийиктиги 4200 м, абляция областынын аянты 3,5 км². «Тили» морена чөлкөмү менен туташ капталган. Мөңгүдөн Кыргызатанын башаты Карагой суусу башталат.





## Кашкалдак

Мурдагы Россия колхозунун, азыркы Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 5 км чыгыш тарапта.

## Кеңеш

Мурунку Салиева атындагы колхоздун карамагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 33 км батыш тарапта.

## Кичи Карагой мөңгүсү

Кичалай кырка тоосунун түндүк капталындагы өрөөн тибиндеги мөңгү. Узундугу — 4,3 км. Аянты — 4,1 км². Аравансай суусунун негизги курамы Кыргызатанын төрүндө жайгашкан. Мөңгүнүн башы деңиз деңгээлинен 4850 м, этеги 3950 м бийиктикте. Кар чегинин бийиктиги 4250 м. Абляция областынын аянты — 2,0 км². Кийинки мезгилде артка чегинүүдө. Мөңгүдөн башталган суу (Кыргызатанын алабы) Карагойго куят.

## Кошдөбө

Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 45 км батыш тарапта.

## Кожарык

Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 44 км батыш тарапта.

### Кожоке

Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскинookаттан 20 км түштүк-чыгыш тарапта.

### Кошчан

Ноокат районундагы суу.Каракол суусунун оң куймасы. Узундугу — 27 км. Алабынын аянты — 117 км². Деңиз деңгээлинен орточо бийиктиги — 2830 метр. Эң бийик жери — 4630 метр. Кичалай кырка тоосунун түндүк капталындагы мөңгүлөрдөн башталат. Чыгыштан батышты карай кууш кокту аркылуу агып, ортоңку агымынан түндүктү көздөй бурулуп өрөөнгө чыгат. 6 куймасы бар (негизинен оң куймалар). Жылдык орточо чыгымы 1,74 м³/сек., эң чоң чыгымы апрель-майда, эң азы январда байкалат. Суу Куралуу областына кирет. Сугатка кеңири пайдаланылат. Кошчан суусунун боюнда Кожоке, Алике, Карабаш айылдары жайгашкан.

### Коммунизм

Мурунку Россия колхозунун аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскинookаттан 5 км чыгыш тарапта. 1930-жылы негизделгенге чейин Пример аталып келген.

### Көкбел

Н. Исанов айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Ноокат — Папан автожолунун жанында жайгашкан. Райондун борбору Эскинookаттан 32 км чыгыш тарапта.





### Көкжар

Мурдагы Кызыл Октябрь айыл советинин аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскинookаттан 25 км батыш тарапта.

### Көтөрмө

Кыргызата айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскинookаттан 7 км чыгыш тарапта. 1900-жылга чейин Үчкоргон аталып келген.

### Куумайдан

Кеңеш айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Шаңкол суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскинookаттан 15 км чыгыш тарапта.

### Кызылбулак

Т. Кулатов айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскинookаттан 48 км батыш тарапта.

### Кызылтеит

Мурдагы Маданият колхозунун аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскинookаттан 5 км батыш тарапта. 1928-жылы негизделген.

## Кыргызата

Ноокат районундагы суу, Аравансайдын курамы. Узундугу — 42 км, алабынын аянты — 298 км², бийиктиги — 3240 м. Кичалай кырка тоосунун түндүк капталынан башталат. Негизинен кар (22 %), мөңгү (39 %), булак сууларынан (39 %) куралат. Жылдык орточо чыгымы — 4,18 м³/сек. Эң көбү июнь-июлда, эң азы февраль-мартта байкалат. Алты куймасы бар: ирилери Курган, Шамшалы (оң), Карагой (сол). Сугатка пайдаланылат. Боюнда Имамата, Акбулак айылдары жайгашкан.

## Кыргызата

Мурдагы Тельман атындагы колхозго караштуу айыл. Кыргызата суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 15 км түштүк-чыгыш тарапта. 1929-жылдан 1954-жылга чейин Сталин деп аталып келген.

## Кыргызата заказниги

Райондун аймагындагы ботаникалык заказник Кичалай кырка тоосундагы Кыргызата капчыгайында. Аянты — 30 га. Эталон катары алынган көк гүл, колхикум, крокус, түркистан жана тоо кызгалдактуу аймакты коргоо максатында 1975-жылы уюшулган.

— М —

## Меркит

Мурдагы Салиева атындагы колхоздун, азыркы Төөлөс айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 35 км батыш тарапта.





## Мискан

10 кылымдагы Араб авторлору ибн Хаукал менен аль-Мукаддасинин маалыматтары боюнча тоолуу Некад округунун борбору. Ал Кува шаарынан 40 – 50 км чыгышта жайгашкан. Некад округунда күмүш, алтын кендери болгон. Азыркы Ноокат айылынын орто кылымдагы Некад округунун аты менен байланышы бар.

## Муркут

Мурунку Салиева атындагы колхоздун аймагындагы айыл. Төөлөс айыл өкмөтүнүн карамагында. Райондун борбору Эскиноокаттан 38 км батыш тарапта.

— О —

## Онэки мойнок

Мурунку Биринчи Май айылдык советинин карамагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 32 км батыш тарапта.

— Ө —

## Өсөр

Мурунку Россия колхозуна караштуу айыл. Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагында. Кыркол суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 8 км чыгыш тарапта.

— Т —

### *Ташбулак*

Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Кичалай кырка тоосунун этегинен орун алган. Райондун борбору Эскиноокаттан 47 км батыш тарапта.

### *Таштак*

Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 3 км чыгыш тарапта.

### *Тельман*

Мурунку Тельман колхозунун, азыркы Кыргызата айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Кыргызата суусунун оң өйүзүндө жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 10 км түштүк тарапта. 1947-жылга чейин Акбулак жана Токмокбулак деп аталып келген.

### *Темиркорук*

Мурунку Маданият колхозунун аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 9 км батыш тарапта. 1902-жылы негизделген.

### *Толман*

Мурунку Салиев атындагы колхоздун азыркы Төөлөс айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 38 км батыш тарапта.





— С —

### *Сюрприз үңкүрү*

Райондун аймагында, Жалгызарча тоосунун батыш учунда, Даңги каньонунда, Араван суусунун деңгээлинен 70 м бийиктикте жайгашкан. Ташкөмүр мезгилинин акиташ тегинде пайда болгон. 1976-жылы А. Я. Жуканин тапкан. Үңкүрдүн жалпы узундугу 500 м.дей, бийиктиги 5 м. Кальциттин кристаллдары өтө көп, айрымдарынын туурасынан кесилиши 15 см.ге жетет. Термелген суулардын жемирилишинен пайда болгон. Минералог, кристаллограф, спелеологдор үчүн өтө кызыктуу үңкүр.

— У —

### *Улуутоо*

Мурунку Найман посёлкалык советине караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 38 км түндүк-батыш тарапта.

### *Үчат*

VIII кылымдын аягы, IX кылымдын башына таандык мүрзөлөр. Эскиноокат айылынын түштүк-чыгыш жагындагы адырларда жайгашкан. 1973 – 75-жылдары Ю. А. Заднепровский менен Е. В. Дружинина кыска жабык коридору бар казанактуу 33 мүрзөнү казышкан. Адамдардын сөөгү эки түрдө: биринде алардын башы батышты, экинчисинде түндүктү каратылып коюлган. Казанактын түбүнө шагыл төшөлүп, жыгач такта коюлуп, анын үстүнө адамдын сөөгү жаткырылган. Мүрзөлөрдөн оймо-чиймелүү чопо идиштер, темир бычак, коло күзгү, билерик, шакек, күмүш, сөйкө, короздун чакта түспөл бедиздери, шуру-мончоктор табылган. Аббасилер, Умейядилердин тыйындары, Саманилик Ахмед ибн Асаддын фулустары (тыйындары) мүрзөлөрдүн кайсыл мезгилге та-

андык экендигин аныктоого мүмкүндүк берет. Үчат Орто Азияда алгачкы Саманилик мезгилге таандык казанактуу эң соңку мүрзөлөр. Коюлган сөөктөрдүн кайсыл этноско таандык экени тактала элек.

### Үчбай

Мурунку Россия колхозунун азыркы Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Кыркоол суусунун боюнда жайгашкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 10 км чыгыш тарапта.

## — Ф —

### Ферсман үңкүрү

Ноокаттын аймагында. Төөмоюн тоосунун белинде, ташкөмүр мезгилинде пайда болгон акиташ тектеринде жайгашкан. Эскиноокат айылынан 8 – 9 км түндүгүрөөктө. Табигый пайда болгон жана атайын казылган үңкүрлөрдөн турат. Табигый үңкүрлөр карст шахталары (тереңдиги 220 м, туурасы 10 м.ге чейин) анын төрүндө төл бар. Кийин үңкүрдүн табигый оозу жардырылгандыктан 50 м.ге жеткен штольня аркылуу сырт менен байланышат. Үңкүр андагы минералдардын ар түрдүүлүгү менен өзгөчөлөнөт. Кыргызстандагы терең карст шахталарынын бири. Минералог, спелеологдордун кызыгуусун арттырууда. Советтик илимпоз А. Е. Ферсмандын ысымынан аталган.

### Фёдоров

Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 18 км түштүк-чыгыш тарапта. 1936-жылы негизделген.





## — Ч —

### Чапаев

Мурунку Чечмесай айыл советине караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 2 км чыгыш тарапта. 1929-жылы негизделген.

### Чегеден

Мурдагы Ленинизм колхозунун, азыркы Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Кошчан суусунун боюнда жайланышкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 25 км чыгыш тарапта.

### Чечдөбө

Мурдагы № 44 жылкы заводуна, азыркы Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 20 км чыгыш тарапта.

### Чилисай капчыгайы

Кичалай тоосунун капталындагы Чилисайсуусунун агымы боюнча (Гезарт жана Актөбө суулары кошулгандан тартып, Ноокат өрөөнүнө чыга берише чейин) 25 км.ге созулуп жатат. Ноокат районунун аймагында. Таманынын туурасы 300 – 600 м, деңиз деңгээлинин бийиктиги 1600 – 2400 м. Капчыгай кууш, капталдары тик келип, кокту-колоттуу. Курчаган тоолордун капчыгайдын таманынан салыштырмалуу бийиктиги 700 – 900 м. Капчыгай аркылуу Араванасайдын сол куймасы Чилисай суусу агып өтөт. Негизинен девон менен силурдун сланец, кумдук, диабаз, акиташ теги, алевролит, спилит тектеринен турат. Климаты кургак, континенттик; январдын орточо температурасы – 4° С, июл-

дуку 19° С, жылдык жаан-чачыны 340 мм. Бадал арча аралашкан талаа жана шалбаалуу талаа ландшафты басымдуу, таманында талкайың токойлорунда кургак талаа аянттары кездешет. Жайыт. Капчыгайдын Ноокат өрөөнүнө чыга берген жериндеги тик аска таштарда тамгалар, сөлөкөттөр жана башкалар тартылган. Капчыгайда калмактардын сепилдеринин, күмбөздөрүнүн урандылары бар.

### Чилисай

Ноокат районундагы суу. Аравансайдын сол куймасы. Узундугу — 50 км, алабынын аянты — 425 км². Кичалай тоосунун түндүк капталындагы мөңгүдөн башталып, адегенде Гезарт аталып, токойлуу кокту аркылуу агат да, ортоңку куймасында өрөөнгө чыгат. Алабынын деңгээлинин орточо бийиктиги 2900 м, эң бийик жери 4926 м. Гезарт жана Агарт ашуулары бар. Эң ири куймасы Агарт (сол). Негизинен кар, мөңгү жана булак сууларынан куралат. Жылдык орточо чыгымы 3 – 4 м³/сек., эң көбү май-июнда, эң азы февралда байкалат. Боюнан Жаңыноокат айылы орун алган.

## — Ш —

### Шаңкол

Мурдагы Ленинизм колхозунун, азыркы Кеңеш айыл өкмөтүнүн аймагындагы айыл. Кичалай кырка тоосунун түндүк этегинде жайланышкан. Райондун борбору Эскиноокаттан 20 км түштүк-чыгыш тарапта. 1933-жылы негизделген.





### Шаңкол өрөөнү

Кичалай кырка тоосунан түндүктө, Белалма тоосунун ортоңку бөлүгүндө меридиан багытында жайгашкан. Белалманын этектери жана Ноокат түздүгү менен чектешет. Узундугу 30 км, туурасы 2,10 км. Орточо бийиктиги 1400 м. Эң бийик жери 2600 м. Өрөөн тектен, кыймылдан пайда болгон. Түштүк капталы тик, жалама аскалуу, батыш жана чыгыш капталдары өтө тилмеленген. Түндүгү кууш, чыгышы жайык келип, мореналар, тепши сымал ойдуңдар, чуңкурлар, коруң таштар басымдуу. Июлдун орточо температурасы 20 – 24° С, январдыкы 7 – 10° С, жылдык жаан-чачыны 400 – 500 мм, кургак талаа (1300 – 1400 м), талаа (1400 – 1800 м), арчалуу токой (1800 – 2000 м), шалбаа (2600 м.ден жогору) ландшафттары мүнөздүү.

### Шаңкол

Ноокат районундагы суу. Караколдун оң куймасы. Узундугу 17 км, алабынын аянты 68,7 км². Кичалай кырка тоосунун түндүк капталынан башталат да кокту аркылуу агып, өрөөнгө чыгат. Алабынын деңиз деңгээлинин орточо бийиктиги 2880 м. Суу куралуу областына кирет. Жылдык орточо чыгымы 0,88 м³/сек., эң көбү май-июнда, эң азы январда байкалат. Алабынын аянтынын 9 %ын мөңгү ээлейт. Негизинен мөңгү, кар, жаан-чачын сууларынан куралат. Боюнан Шаңкол айылы орун алган. Сугатка пайдаланылат.

## — Ы —

### Ынтымак Авиз

Т. Кулатов айыл өкмөтүнө караштуу айыл. Райондун борбору Эскиноокаттан 52 км батыш тарапта. 1936-жылы негизделген.

— Э —

### Эскиноокат

Ноокат районунун борбору. Мурунку Эскиноокат айыл советине караштуу айыл. Ош — Кызылкыя автожолунун боюнда жайгашкан. 1870-жылы негизделген.

### «Эски Шурф» кени

Ноокат районундагы чопо катмары жаткан жер. Алай кырка тоосунун түндүк этегинде жайгашкан. 1969-жылы геологиялык чалгындоо жүргүзүлүп, запасы эсептелген. Кен аймагын юра мезгилинин көмүрлүү, чопо, кумдук, алевролит тоо тектери түзөт. Пайдалуу чопо теги төрт катмардан турат. Алардын жарпы калыңдыгы 41,4 м. Чопо катмарлары кумдук кабаттары менен бөлүнгөн. Боз-саргыч түстө. Химиялык-техникалык касиети боюнча портлант цементине кошууга жарактуу. Запасы А + В + С категориясы боюнча 4516 миң т.





# I бөлүм

# Тарыхый инсандар

*«...Үрөөндүн баркы түшүмүндө, адам баркы — элге келтирген пайдасында. Туулуп, жашап, жепичип, ажал жеткенде өлүш — курт-кумурскалардын деле колунан келет...»*

*Жузеппе Гарибальди*
*(1807 – 1882-жж.)*
*Италия элинин*
*улуттук баатыры*



### МАМАШАРИП уулу Зиябидин максым (Зиябидин Магзуми)

Айрым тарыхый булактарда Мухаммед Зияуддин Максум-Дамулла Шариф оглы. Кокон ордосунун белгилүү кызматкери. Азыркыча айтканда ишбашкаруучусу, мырзасы. Азыркы Төөлөс айыл өкмөтүнө караштуу Жүлгө айылында туулган. Анын жазгандары негизинен Кокон тарыхына байланыштуу болуп, хандардын жана хандыктын болгон окуяларын чагылдырып жүргөн. Мөөр кесип, мөөр жасаган. Айрым маалыматтарда Кудаяр хандын казыначысы болгон. Диний билимди Кокондон жана Бухарадан алган. Абдан билимдүү инсан экендигин тастыктаган маалыматтар бар. Кийин орус басып алуучулары Кокон хандыгына кире баштаганда 1898-жылы Анжиан көтөрүлүшүнүн да башкы идеологу болгон. Кокондун акыркы ханы Полот хандын да талапташы катары жүргөн. Анын хандыктын тарыхы боюнча жазган китеби 1992-жылы Истамбул шаарындагы китепканадан табылган. Уулу Сражидин Максым да Бухарадан диний жогорку билим алып, абройлуу дин кызматкери болгон.

### САЛИЕВА Уркуя



1910-жылы Меркит айылында туулган. Совет бийлигин орнотуу үчүн күрөшкөн. Кыргыз жаштарынан биринчи болуп комсомолдун катарына кирген. 18 жашында селолук советтин председатели болгон. 19 жашында КПССтин катарына өткөн. 1929-жылы райондогу биринчи Кызыл-Аскер колхозун уюштурган. 1934-жылы Кыргыз АССРинин Борбордук Комитетинин мүчөлүгүнө кабыл алынган. Элдешкис душмандарынын колунан 1934-жылы каза болгон. Ал тууралуу кинофильмдер тартылган. Өзү туулуп өскөн Меркит айылында 1964-жылы скульптор Г. Сатаров тарабынан бюсту орнотулган.





### КУЛАТОВ Төрөбай



1908-жылы Кызылбулак айылында туулган. 9 жашынан 16 жашына чейин кулактарга жалданып иштеген. 1926-жылдан темир-жолдо жумушчу, Кызылкыядагы Жал шахтасында забойщик, шахта комитетинин председатели, 1934-жылы көмүр казуучулар союзунун шахта комитетинин председатели болгон. 1932-жылы КПССтин катарына өткөн, 1936-жылы Ош облустук партиялык мектепти бүтүргөн. 1937-жылы Жал шахтасында партиялык комитеттин секретары, 1938-жылы Кызылкыя шааркомунун председателинин орунбасары, «Кыргыз көмүр» трестинин башчысынын орунбасары, 1938-жылы Кыргыз ССР Эл Комиссарлар Советинин, 1945-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун председатели, 1946-жылы СССР Жогорку Советинин Президиумунун председателинин орунбасары кызматтарын аркалаган. 1938-жылдан Кыргызстан КП БКсына мүчө жана бюро мүчөсү болгон. 1937-жылы СССР Жогорку Советине, 1938-жылдан Кыргыз ССР Жогорку Советинин бардык чакырылыштарында депутаттыкка шайланган. 1961-жылы КПСС БКнын Жогорку партиялык мектебин бүтүргөн. 5 Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени жана башка төрт орден-медалдар менен сыйланган, 1984-жылы дүйнөдөн кайткан.

### ИСАНОВ Насирдин



1943-жылы 7-ноябрда Көкбел айылында туулган. 1966-жылы Москвадагы инженердик-курулуш институтун бүтүргөн. Эмгек жолун Ош шаардык курулуш трестинин курулуш-монтаж башкармасынын мастери болуп иштөө менен баштаган. Мастер, прораб, участканын башкармасы, Ош шаардык куру-

луш башкармасынын башкы технологу, ушул эле тресттин №5-курулуш-монтаж башкармасынын башкы инженери, 1970-жылы партиянын Ош обкомунун курулуш бөлүмүнүн инструктору, «Нарынгидроэнергострой» курулуш башкармалыгынын парткомунун секретары, 1974-жылы комсомолдун Ош обкомунун биринчи секретары, андан кийин Кыргызстан КП БКнын курулуш жана шаардык чарба бөлүмүнүн башчысынын орунбасары, ушул эле бөлүмдүн башчысы, 1984-жылы Кыргыз ССРинин курулуш министри кызматтарын аркалаган. 1986-жылы Кыргыз Республикасынын курулуш иштери боюнча мамкомитетинин председателинин биринчи орунбасарлыгына, республиканын курулуш министрлигине дайындалган. 1988-жылы Ысыккөл областтык аткаруу комитетинин торагасы, 1990-жылы Кыргыз Республикасынын вице-президенти болуп шайланган. 1991-жылы Кыргыз Республикасынын премьер-министри болуп бекитилген. Экономика илимдеринин кандидаты, СССР инженердик академиясынын академиги, СССРдин жана Кыргыз ССРинин Эл депутаты, Союздук парламенттин жана республиканын мамсоветинин мүчөсү болгон. «Эмгек Кызыл Туу», «Ардак белгиси» ордендери, «Эмгектеги каармандагы үчүн» медалы менен сыйланган.

1992-жылы күтүүсүз жол кырсыгынан каза болгон.





# II бөлүм

# Ноокаттын кадырман инсандары

*«Артыңда атыңдан айтчу*
*заман болсун»*
*Алыкул Осмонов*

*«...Күлгө айланды эчен асыл адамдар,*
*Кайда алардын күйгөндөгү түтүнү...»*
*Омар Хайям*



## АБДЫРАХМАНОВ Мырзалы



1928-жылы Салиева айылында туулган. Эмгек жолу 24 жашында Кызылкыя шаардык аткаруу комитетинде жооптуу катчы болуу менен башталган. Андан кийин аталган аткаруу комитетинде маданий агартуу бөлүмүнүн башчысы кызматын аткарган. 1953-жылдан 1955-жылга чейин Ош областынын маданият башкармасында бөлүм башчы, партиянын Ош обкомунун инструктору болуп иштеген. 1959-жылдан төрт жыл бою 2 – 1-катчы катары партиянын Көкжаңгак шаркомун жетектеген. 1959-жылы Республикалык партиялык мектепти, андан эки жылдан кийин КПСС БКнын алдындагы Алматы жогорку партиялык мектебин, 1976-жылы милициянын Караганда шаарындагы жогорку мектебин бүтүргөн. «Нарын энергокурулуш» башкармалыгында партиялык комитеттин катчысы катары 1963-жылдан 1968-жылга чейин иштеген. Андан соң партиянын Ташкөмүр шааркомунун 1-секретары болуп 1 жыл, 14 жыл бою Ош областынын ички иштер башкармалыгынын начальниги болуп эмгектенген. 1990 – 1991-жылдары кайрадан аталган башкармалыктын начальниги кызматына келген. 1963-жылдан 1990-жылга чейин Ош областынын адвокаттар коллегиясынын президиумунун төрагасы болгон. 1963-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине, 1990-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттыкка шайланган. Милициянын генерал-майору. Бүгүнкү күндө Ош областынын адвокаттар коллегиясынын жана Ош областтык ардагерлер кеңешинин төрагасы. «Октябрь революциясы», «Эмгек Кызыл-Туу», «Ардак белгиси» ордендери жана медалдары менен сыйланган.





## АБДЫРАХМАНОВ Калмамат



1935-жылы Кашкалдак айылында туулган. 1952-жылы ОшПИни аяктаган. Эмгек жолун 1956-жылы Ломоносов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. Кийин Фёдоров толук эмес орто мектебинде директор, 1961 – 71-жылдары райондук ЭБББнин инспектору, партиянын райкомунун инструктору, үгүт-насаат бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. 1971 – 73-жылдары Ташкенттеги жогорку партиялык мектептин угуучусу, 1973 – 80-жылдары Ноокат райаткомунун төрагасынын орунбасары, партиянын райкомунун секретары болуп иштеген. 1980-жылдан 1995-жылга чейин Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Эмгек Кызыл Туу ордени, Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин Ардак Грамотасы менен сыйланган. СССРдин элге билим берүүсүнүн отличниги. Райондук кеңештин бир нече жолку депутаты, партиянын райкомунун мүчөсү жана бюро мүчөсү, агартуу жана илимий мекемелердин кесиптик кошунунун Бүткүлсоюздук комитетинин мүчөлүгүнө кандидат болуп шайланган.

## АТАБАЕВ Сүйүн

1933-жылы 23-февралда Жаркоргон айылында туулган. 1959-жылы Жалалабаттагы педагогикалык окуу жайын аяктаган. Эмгек жолун Ноокат райаткомунда бөлүм башчы болуп иштөө менен баштаган. Фрунзедеги дене тарбия институтун, Алматыдагы жогорку партиялык мектепти бүтүргөн. 1963-жылдан 1976-жылга чейин Ош областтык физкультура жана спорт комитетин жетектеген. 1971-жылдан 1990-жылга дейре эл депутаттарынын Көкбел айылдык кеңешинин төрагасы болуп эмгектенген. Ош областтык кеңешинин үч жолку, райондук кеңештин төрт жолку чакырылыштарына депутаттыкка шайланган. Бир нече орден-медалдардын жана Ардак грамоталардын ээси.

## АТИШЕВ Боронбай



1930-жылы Атамерек айылында туулган. Эмгек жолун 16 жашында Россия колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1956-жылы аталган колхоздун тамеки бригадасынын бригадири болгон. Ленин жана Эмгек Кызыл Туу ордени менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советинин 7-чакырылышына депутат болуп шайланган. 1966-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры деген наам ыйгарылган.

## АКМАТОВ Ташполот



1929-жылы Кеңеш айылында туулган. Эмгек жолун 1943-жылы «Правда» колхозунда колхозчу болуп иштөө менен баштаган. 1959-жылдан тартып, Ардактуу эс алууга чыкканга чейин № 44 жылкы заводунда чабан болуп иштеген. Мал чарбасынын 1-класстагы устаты. Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген малчысы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин депутаты, Ноокат райкомунун мүчөсү болгон. 2 Ленин ордени, Октябрь Революциясы ордени, каарман эмгеги үчүн, В. И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдыгынын урматына медалы менен сыйланган. СССР мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.





## БОБУЛОВ Камбаралы



1936-жылы 15-майда Өсөр айылында туулган. 1953-жылы Фёдоров атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1958-жылы КМУну аяктагандан кийин «Алатоо» журналына адабий кызматкерликке чакырылган. 1959 – 62-жылдарда журналдын адабий сын жана көркөм өнөр бөлүмүн жетектеген. 1963-жылдан «Правда» газетасынын Кыргыз ССРи боюнча өз кабарчылыгына дайындалган. 1966-жылдан 1976-жылга чейин «Кыргызстан пионери» газетасында башкы редактор, 1976 – 84-жылдарда Автордук укуктар боюнча агентчиликтин (ВААП) Кыргыз бөлүмүндө директор, андан соң Кыргызстан Жазуучулар Союзунда адабий кеңешчи, «Кыргыз тили» коомунун президенти кызматтарын аркалаган. Кыргыз ССРинин Эл депутаты болуп шайланган.

Алгачкы аңгемеси «Айлуу түндө күйгөн от» деген ат менен 1954-жылы «Жаш ленинчи» журналына басылган. 1960-жылы биринчи китеби чыккан. «Туштук кызы» повестинде ноокаттыктардын турмушу эң сонун көрсөтүлгөн, анын негизинде кинофильм тартылган.

## БАИТОВ Матай



1932-жылы 26-октябрда Көкбел айылында туулган. 1963-жылы № 44 жылкы заводунда чабан болуп эмгектенген. 1963-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1964-жылы «Эмгектеги өзгөчөлөнгөндүгү үчүн» медалы, 1966-жылы «Эмгек Кызыл Туу» ордени менен сыйланган. 1992-жылга чейин № 44 жылкы заводунун башкы чабаны болуп эмгектенген. Азыркы кезде Ардактуу эс алууда.

## БОТОЕВ Эргеш



1924-жылы Кыркол айылында туулган. Улуу Ата Мекендик согушка чейин колхоздо жумушчу болуп иштеген. Согуштан кайткан соң колхозчу, тамеки звеновою, ферма башчысы, тамеки өстүрүү боюнча бригадир болуп эмгектенген. 1964-жылы СССРдин эл депутатты болуп шайланган. «Ленин», «Октябрь революциясы», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери жана медалдары менен сыйланган.

## ГАПАРОВ Мурза



1936-жылы Нойгут айылында төрөлгөн. 1962-жылы КМУну бүтүргөн соң, Тажикстандын Мургаб районунда мугалим болуп иштеген. Кийин Москвадагы Мамлекеттик Кинематография институтунун киносценаристтик курсун аяктаган. Андан соң Кыргыз телерадиокомитетинде редактор, «Кыргызфильм» студиясында ага редактор, 1984 – 87-жылдары Ош кыргыз драма театрында адабий бөлүмүнүн башчысы, Жазуучулар союзунун Ысыккол областы боюнча кеңешчиси, эл аралык «Zaman Кыргызстан» газетасынын башкы редактору болуп иштеген. Соңку жылдарда кыргыз-түрк «Манас» университетинин журналистика кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген.

Мурза Гапаров кыргыз прозасынын жана драматургиясынын таланттуу өкүлү.

Анын чыгармаларында ноокаттыктардын турмушу, салт-расымы абдан назик, майда деталдары менен кошо чебер чагылдырылат. Нукура ичкиликтерге мүнөздүү тилин да чыгармаларында пайдалана билет. Кыргыз эл жазуучусу, прозаик, драматург.

2002-жылы жайында дүйнөдөн кайткан.





## ГУЛЬМАТОВ Ураим



1928-жылы Ынтымак айылында туулган. 1943-жылы Ленин атындагы толук эмес мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ынтымак колхозунда табелчи болуп иштөө менен баштаган. Мугалимдердин атайын курсун бүтүрүп, Ынтымак башталгыч мектебинде бөлүм башчы, 1949-жылы аталган мектепте директор болуп иштеген.

1959-жылы КМУнун тарых факультетин аяктаган. Ленин атындагы,андан соң Токтогул атындагы мектеп-интернатында директор, 1964-жылдан 1970-жылга чейин Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүнүн башчысы, 1970-жылы Тельман атындагы колхоздун төрагасы кызматтарын аркалаган. 1972-жылы Айыл чарба институтун аяктаган. 1975 – 81-жылдары Жаңыжол (азыркы Аксы) райаткомунун төрагасы, 1982-жылдан 1988-жылга дейре Кызылкыя совхоз-заводунун башкы директору, 1988 – 1990-жылдары Кызылкыя курулуш материалдар базасынын директору болуп эмгектенген.

Кыргыз ССР Жогорку Советине жана жергиликтүү советтерге бир нече жолу депутат болуп шайланган.

СССР ВДНХнын алтын медалына жана баалуу сыйлыгына татыктуу болгон. Эл агартуунун отличниги. «Даңк» медалынын ээси. Кызылкыя шаарынын Ардактуу атуулу.

## ДЫЙКАНОВ Кеңеш



1931-жылы Көкбел айылында туулган. Эмгек жолун 1951-жылы айыл-кыштак жаштарынын кечки орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1956-жылы партиянын Ноокат райкомунун саясий агартуу кабинетинин башчысы, пропаганда жана агитация бөлүмүнүн жетекчиси, райкомдун

экинчи секретары болуп эмгектенген. 1969-жылдан тартып, 1979-жылга чейин эл депутаттарынын Совет (азыркы Каракулжа) райаткомунун председатели болуп иштеген. 1979-жылы партиянын Совет райкомунун биринчи секретары болуп иштеп жүрүп, 1980-жылдын 1-январында 49 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Райондук жана областтык кеңештерге депутаттыкка бир нече жолу шайланган. «Ардак белгиси» ордени, үч медаль, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

## ЖОЛДОШЕВ Кожон



1929-жылы Жаркоргон айылында туулган. 1937-жылы Сталин атындагы башталгыч мектебинде окуй баштаган. 4-классты бүткөндөн кийин Фёдоров атындагы орто мектебинен билимин уланткан. 1946-жылы Оштогу педагогикалык окуу жайга кирип, аны 1949-жылы бүтүргөн. Эмгек жолун 1949-жылы Көкбел орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. Партиянын Ош обкомунда комсомолдук органдары бөлүмүнүн башчысынын орунбасары болуп иштеген. 1959-жылы КМУнун экономикалык факультетине сырттан окууга өтүп, аны 1963-жылы бүтүргөн. 1973-жылы Кыргызстан айыл чарба илим изилдөө институтунун аспирантурасын аяктаган. «Кыргызстан тамеки өндүрүүнүн экономикалык натый жалуулугу» аттуу темада кандидиттык диссертациясын жактаган.

## ЖУНУСОВ Камчы

1916-жылы 15-августта Бешбадам айылында туулган. 1937-жылы Оштогу агротехникалык техникумдун 2 жылдык курсун, республикалык партиялык мектепти, 1943-жылы аскердик-саясый окуу жайын аяктаган. 1939-жылы райгазетада редактор, республикалык «Ленинчил жаш» газетасында бөлүм башчы, 1942-жылы





Жаңыноокат райондук Ичкилик МТСинин саясый бөлүмүнүн башчысына орунбасар, 1944-жылы комсомолдун Жаңыноокат райкомунун 1-катчысы, комсомолдун Ош обкомунун катчысы, областтык газетанын жооптуу катчысы болуп эмгектенген. 1957-жылы Москвада Жогорку адабий курсун бүтүрүп, 1971-жылга чейин «Кыргызстан» басмасында редактор, 1974 – 77-жылдарда Жазуучулар Союзунун Көркөм адабиятты пропагандалоо бөлүмүндө директор кызматтарында иштеген. Акын катары аны биринчи китеби «Менин жерим» деген ырлар жыйнагы таанытткан. Мамлекеттик сыйлыктардын ээси. 1988-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ЗУЛПИЕВ Токтомат



1925-жылы 25-сентябрда Айбек айылында туулган. Эмгек жолун 1944-жылы Кызылтуу мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. Алматыдагы жогорку партиялык окуу жайын бүтүргөн. Андан кийин III Интернационал мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы болгон. 1948 – 1951-жылдары партиянын Ноокат райкомунун пропагандисти болуп эмгектенген. 1951 – 53-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин алдындагы республикалык партиялык мектепте билим алган.

Аны бүтүргөндөн кийин партиянын Алай райкомунун агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчылыгына бекитилген. Партиянын Ноокат райкомунун бөлүм башчысы, Алай райкомунун МТС зонасы боюнча секретары болуп эмгектенген. 1957-жылы партиянын Алай райкомунун үчүнчү, экинчи секретарылыгына шайланган.

1958-жылы Ноокат райондук «Колхозчу» газетасынын редактору болуп иштеген.

1961 – 1987-жылдарда Россия колхозунун башкармасынын төрагасы болгон. Ленин, Октябрь революциясы, Эмгек Кызыл Туу,



5 — 326

Ардак белгиси ордендери жана көптөгөн медалдар менен сыйланган.

Кыргыз ССР Жогорку Советине эки жолу, жергиликтүү советтерге бир нече ирет депутат болуп шайланган.

«Кыя жол» дастанынын, «Ийгиликтин сыры» «Өрнөк» аттуу жыйнактардын автору.

## ИДИРИСОВ Абдыбап



1932-жылы 14-ноябрда Кыргызата айылында туулган. 1950-жылы Оштогу педагогикалык окуу жайды бүтүргөн. Эмгек жолун Сталин атындагы толук эмес орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1955-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. 1955-жылы Тельман атындагы орто мектебинде мугалим, 1961-жылы «Правда» орто мектебинин директору, 1966-жылдан 1974-жылга чейин Токтогул атындагы санаториялык мектеп-интернатында, Крупская атындагы орто мектебинде мугалим, 1974-жылы Калинин атындагы орто мектебинин директору, 1977 – 1981-жылдары Ломоносов атындагы орто мектебинин директору, 1981-жылдан 1994-жылга дейре Крупская атындагы орто мектебинин директору болуп эмгектенген. Эл агартуунун отличниги. Айылдык кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган. «Эмгек Кызыл Туу» ордени жана «Кужурмөн эмгеги үчүн» юбилейлик медалы, «В. И. Ленининдин 100 жылдыгы» юбилейлик медалы, «Эмгек ардагери», «Кыргыз ССР ВДНХсынын катышуучусу» медалы жана бир нече Ардак грамоталар менен сыйланган.





## КАДЫРОВ Шамшы

1938-жылы Караташ айылында туулган. 1956-жылы Фрунзедеги финансы-кредит техникумун, 1961-жылы КМУну аяктаган. 1961-жылы Курулуш комбинатында экономист, Кыргыз ССР Министрлер Советинин алдындагы статистика башкармалыгындагы эсептөө борборунун башчысы, 1968-жылы Кызылкыя шаарындагы нан заводунун директору, 1972-жылы Кызылкыядагы межрайбазанын директору, Ош областтык керек-жарак коомунун төрагасынын орунбасары, 1977-жылы Ош областтык статистика башкармасынын начальнигинин орунбасары, винкомбинаттын директору, 1981-жылдан Оштогу арак заводунун директору, Ош областтык агроөнөржай комитетинин төрагасынын орунбасары, дан азыктарын өндүрүү бөлүмүнүн начальниги, 1990-жылы «Ошоблпищепром» ишканасынын генералдык директору, 1992-жылдан «Ош тамак-аш» өндүрүштүк компаниясынын башкы директору, 1994-жылы «Ошкүлазык» мамлекеттик акционердик компаниясынын президенти болуп эмгектенген. 1997-жылдан бери кыргыз-герман биргелешкен «Шамшы» акционердик-коомунун президенти, «Таджмахал корпорациясы» жабык типтеги акционердик коомунун президентинин кеңешчиси.

## КАРИМОВ Салы



1935-жылы 15-апрелде Кыргызата айылында туулган. Орто мектепти аяктагандан кийин 1955 – 60-жылдары ОшПИнин физика-математика факультетин аяктап, ушул эле окуу жайдын жогорку математика кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1961 – 64-жылдары Кыргыз ССРин ИАсында аспирантурада окуган. 1964-жылдан 1974-жылга чейин ОшПИнин жогорку математика кафедрасында ага окутуучу, доценттик кызматтарда эмгектенген. ОшПИнин математикалык анализ кафедрасында 1969-жылдан

1977-жылга чейин доценттик милдетти аткарган. 1977-жылдан бери математикалык анализ кафедрасынын башчысы. 1985-жылы анын аты республиканын «Эмгек даңкы» китебине киргизилген. 80ден ашуун илимий макалалардын жана 4 китептин автору. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын математика институтунун алдындагы Д.01.01.123 диссертациялык кеңештин мүчөсү. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор.

## КУДАЙБЕРДИЕВ Мурзакарим



1921-жылы Кызылбулак айылында туулган. Эмгек жолун 1935-жылы Ленин атындагы колхоздо секретарь болуп иштөө менен баштаган. 1943-жылы Ленин атындагы колхоздо башкы табелчи, 1944-жылы комсомолдун Молотов районунда (азыркы Кадамжай) биринчи катчы болуп эмгектенген. 1949-жылы Фрунзе шаарында эки жылдык Партиялык мектепте окуп келген. 1952-жылы партиянын Мырзаке райкомунун уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, партиянын Карасуу райкомунун катчысы, 1953-жылы партиянын Баткен райкомунун 1-секретары болуп эмгектенген. 1957-жылы Ташкенттеги жогорку партиялык мектепти аяктаган. 1961-жылы Ноокат райаткомунун төрагасы, 1962-жылы партиянын Алай райкомунун 1-катчысы, 1968-жылы Чоңалай совхозунун директору кызматтарын аркалаган. 1972-жылы Жал айылдык советинин төрагасы болуп иштеп, Ардактуу эс алууга чыккан. «Ардак белгиси» ордени, «Жаратылышты коргоонун отличниги», «Эмгектеги өзгөчөлөнгөндүгү үчүн» медалы, СССР куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдык юбилейлик медалы, «Эмгек ардагери» медалы жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган.





## КЫПЧАКОВ Абдулла



1918-жылы Караван айылында туулган. 1932-жылы эмгек жолун катардагы колхозчу болуп иштөө менен баштаган. 1949-жылы Кызылкыя совхозундагы тамекичилик звенону жетектеген. Бригадир кезинде эмгеги менен жогорку ийгиликтерге жетишкен. Ленин ордени жана СССРдин медалдары менен сыйланган. 1950-жылы Социалисттик Эмгектин Баатыры наамына татыган.

## КУДАЙБЕРДИЕВ Алым



1923-жылы Байыш айылында туулган. Жети жылдык мектепти аяктагандан кийин колхоз жумушуна катышып жүрүп, 1942-жылы Улуу Ата Мекендик согушка аттанган. Эмгек жолун 1946-жылы Араван районуна караштуу алыскы тоо арасындагы Чөгом мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1953-жылы Кеңеш жана Көкбел айылдык советтеринде жооптуу катчы, 1972-жылы № 44 жылкы заводунда жумушчулар комитетинин төрагасы болуп иштеген.

## МАМЫРОВ Абдуманап

1942-жылдын 5-февралында Эскиноокат айылында туулган. 1958-жылы Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумга тапшырган. 1962-жылы эмгек жолун совхоздо бухгалтер болуу менен баштаган. 1971-жылы КМУнун экономика факультетин бүтүргөн. 1971-жылдан 1980-жылга чейин партиянын Ош обкомунда инструктор, административдик жана соода экономикалык бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1980 – 1982-жылдары

КПСС БКнын алдындагы коомдук илимдер академиясында окуган. 1980 – 1983-жылдары Ош облаткомунун төрагасынын орунбасары, 1985 – 1990-жылдары партиянын Ташкөмүр шааркомунун 1-секретары, 1990-жылы Кыргызстан КП БКда Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы, 1990-жылдан 1994-жылга чейин партиянын Ош шааркомунун 1-секретары, Эл депутаттарынын Ош шаардык кеңешинин төрагасы, Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысы болуп иштеген. 1994-жылдан 1997-жылга чейин Чүй-Токмок шаарынын мамлекеттик администрациясынын башчысы, Жалалабат областындагы Ноокен районунун акими кызматтарын аркалаган. 1997-жылдан баштап, Ош областтык токой чарба башкармалыгынын начальниги болуп эмгектенген. 2002-жылы дүйнөдөн кайткан.

## МАМЫТОВ Миталип



1939-жылы 16-декабрда Көкжар айылында туулган. 1958-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1960 – 1966-жылдары Кызылкыя медициналык окуу жайын артыкчылык диплому менен, 1966-жылы Кыргыз мамлекеттик медицина институтун аяктаган. 1972-жылы кандидаттык диссертациясын Ленинград шаарында жактаган. 1976-жылы Саламаттыкты сактоо министрлигинде башкы нейрохирург, КММИнин доценти, 1989-жылы профессор (ВАК СССР), 1997-жылы КММИнин дарылоо факультетинин деканы, 1995 – 2000-жылдары КР ЖК эл депутаты, 1997 – 2002-жылдары КММАнын илимий иштери боюнча проректору болуп эмгектенген. 2002-жылдан 2005-жылга чейин Саламаттыкты сактоо министри болуп иштеген.

Россия нейрохирургдар Ассоциациясынын Башкармасынын президиумунун Ардактуу мүчөсү, Нью-Йорк Илимдер Академиясынын мүчөсү, Нейрохирургдар Дүйнөлүк ассоциациясынын аткаруу комитетинин мүчөсү, КР УИАнын мүчө-корреспонденти, 130дан ашык илимий иштердин, 4 ойлоп табуунун, 5 окуу китебинин автору. 2 монографиясы, 4 рационализатордук сунушу бар.





Кембридж эл аралык биографиялык Борборунун «Миллиондун бири» алтын медалы, III даражадагы «Манас» ордени, «Руханият» ж. б. көптөгөн сыйлыктар менен сыйланган, КР илимине эмгек сиңирген ишмер.

Практикалык ишмердүүлүгүнө 6 миңден ашык өтө татаал операцияларды мээге жана жүлүнгө жасаган.

## НАЗАРОВ Абдибаит

1922-жылы Жаркоргон айылында туулган. Эмгек жолун 1946-жылы Сталин атындагы колхоздо комсомол комитетинин секретары болуп иштөө менен баштаган. Андан соң, аталган колхоздун партиялык комитетинин секретары, Сталин атындагы колхоздун башкармалыгынын төрагасы болуп эмгектенген. 1958 – 1961-жылдары Советтик партиялык мектепте окуган. 1961-жылдан 1975-жылга чейин Белөрүк колхозунун башкармалыгынын төрагасы, Ноокаттагы малды бордоп семиртүү совхозунун директору, райондук ДОСААФ коомунун директору кызматтарын аркалаган. 1975-жылы 53 жашында дүйнөдөн кайткан. СССР ВДНХсынын алтын, күмүш медалдары, «Улуу Ата Мекендик согуштагы каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

## НИШАНОВ Паиз



1940-жылы Кеңеш айылында туулган. Эмгек жолун 1965-жылы Ноокаттагы М. Горький атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылдан 1981-жылга чейин Н. К. Крупская атындагы орто мектепте мугалим, интернаттын башчысы, директордун окуу-тарбиялык иштер боюнча орунбасары, аталган мектептин директору болуп эмгектенген. 1981-жылдан 1996-жылга чейин Ош шаардык элге билим берүү бөлүмүн жетектеген. 1997 – 99-жылдары Ош

шаардык эмгек жана калкты жумуш менен камсыз кылуу борборунда директор, 1999-жылы кесипчилик билим берүү башкармасынын начальниги кызматтарын аркалаган. Ош областтык, шаардык кеңештерге депутат болгон. В. И. Лениндин 100 жылдыгы юбилейлик медалы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген мугалими. Билим берүүнүн отличниги.

## ОРМОНОВ Эргеш



1933-жылы 5-январда Жал айылында туулган. 1949-жылы Кызылкыя шаарындагы №1 кыргыз орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун. 1950-жылы Ноокат райондук сотунун секретары болуп иштөө менен баштаган. 1956-жылы Ташкенттеги эл чарба институтун, 1959-жылы Ташкенттеги Ленин атындагы Орто Азия университетинин юридика факультетин аяктаган. Ошол эле жылдары Кызылкыя шаарында пландоо комиссиясынын төрагасы болуп иштеген. 1959-жылдан Кызылкыя шааркомунун төрагасынын орунбасары, 1963-жылдан 1966-жылга чейин Ош областтык статистика башкармасынын начальнигинин 1-орунбасары, 1966-жылдан партиянын Ош обкомунда инструктор, бөлүм башчынын орунбасары, 1970 – 1975-жылдары партиянын Ленин жана Базаркоргон райкомунун 2-секретары, андан соң райаткомдун төрагасы болуп эмгектенген. 1975-жылдан 1996-жылга дейре партиянын Токтогул райкомунун биринчи секретары, партиянын Карабуура райкомунун 1-секретары, райсоветтин төрагасы, Жалалабат облсовпрофтун төрагасы, Жалалабат облмамадминистрациясынын башчысы, губернатордун дин иштери боюнча кеңешчиси кызматтарын аркалаган. 2 жолу Эмгек Кызылтуу ордени, Октябрь революциясы ордени, Эмгектеги артыкчылыгы медалы, 3 жолу Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин XX, XXI, XXII чакырылыштарына депутат болуп шайланган. СССР





саламаттык сактоосунун жана СССР профтехникалык билим берүүсүнүн отличниги.

## ОРОЗАЛИЕВ Батырбек



1929-жылы 5-январда Кожоке айылында туулган. 1945-жылы Байыш орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ворошилов атындагы колхоздо катчы болуп иштөө менен баштаган. 1947 – 1950-жылдары Оштогу педагогикалык окуу жайда окуган. Ломоносов атындагы орто мектебинде улуу пионервожатый, мугалим болуп иштеген. 1957-жылы ОшПИнин тарых факультетин аяктаган. 1954-жылдан 1967-жылга чейин Ноокат райондук социалдык камсыздоо бөлүмүндө улук инспектор, 1964 – 1970-жылдары аталган ишканада начальник, 1970-жылдан Ноокат райондук мамлекеттик камсыздандыруу бөлүмүнүн начальниги, 1979-жылдан 1981-жылга чейин райондук даярдоо конторасынын начальниги кызматтарын аркалаган. 1982-жылдан 1992-жылга чейин Ноокат райондук социалдык камсыздандыруу бөлүмүнүн начальниги болуп эмгектенген. В. И. Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы жана Ардак грамоталары менен сыйланган. Райондук жана айылдык кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган.

## ОСМОНАЛИЕВ Шарип



1926-жылы июнда Алике айылында туулган. 1942-жылы Оштогу педагогикалык техникумду бүтүп, эмгек жолун Ноокат райондогу «Папан», Ленин атындагы мектептерде мугалим болуп иштөө менен баштаган. КМУнун юридикалык факультетин, ОшПИнин тарых факультетин аяктаган. 1955-

жылдан 1962-жылга чейин Куршаб (азыркы Өзгөн) райондук сотунун торагасы, Ош областтык соттун судьясы болуп иштеген. 1971 – 73-жылдары Көкбел айылдык советинин аткаруу комитетинин торагасы, андан соң 1978 – 86-жылдары Токтогул, Бөкөнбаев, Свердлов атындагы орто мектептерде директорлук кызматтарды аркалаган.

## ӨТӨНОВ Досон



1932-жылы 9-майда Чечдобе айылында туулган. 1941-жылы И. В. Сталин атындагы толук эмес мектептин 4-классын бүтүргөндөн кийин Көкбел айылында ар түрдүү жумуштарда иштеген. 1957-жылдан баштап, № 44 жылкы заводунда жардамчы чабан, андан кийин башкы чабан болуп эмгектенип келген. Райондук, областтык советтерге депутат болуп шайланган. Үзүрлүү эмгеги жана алдыңкы көрсөткүчтөрү үчүн Телегей Сагынбаева атындагы сыйлыктын лауреаты болгон. «Эмгек Кызыл Туу» ордени, андан кийин «Даңк» II, III тепкичтеги ордендери менен сыйланган.

## САИТОВ Эсенали



1927-жылы 17-июнда Бешбурхан айылында туулган. 1946-жылы Кызылкыя шаарындагы тоотехникумун бүтүргөн. Эмгек жолун Сталин атындагы колхоздо бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1950-жылы аталган колхоздо башкы бухгалтер, 1956-жылы Фрунзе райондук айыл чарба инспекциясында бухгалтер, 1960 – 1965-жылдары Үчкоргон райондук айыл чарба инспекциясында башкы экономист, Кызылкыя совхозунун бөлүм башчысы, башкы агроному болуп иштеген. 1965-жылы Оштогу айыл чарба техникумун аяктаган. 1975-жылы жаңыдан уюшулган «Жал» совхозунун директору, андан кийин, Т. Кулатов атындагы совхоздун директору болуп эмгектенген. Эл агартуунун отличниги, «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин, партиянын Ош обкомунун, Ноокат райкомунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Кыргызстан Компартиясынын XVII съездинин делегаты болуп шайланган.





## СЫДЫКОВ Аскарбек



1936-жылы Кыркол айылында туулган. Эмгек жолун Ноокат райондук «Колхозчу» гезитинин катардагы кызматкери болуп иштөө менен баштап, гезиттин жооптуу катчысы, редактордун орунбасары жана редактору болуп эмгектенген.

Москвадагы КПСС БКнын алдындагы Коомдук илимдер академиясын бүтүргөн. Партиянын Ош обкомунда басма сөз инструктору, «Советтик Кыргызстан» (азыркы «Кыргыз Туусу») гезитинин Ош областы боюнча өз кабарчысы, андан соң Ош областтык «Ош жаңырыгы» (мурдагы «Ленин жолу») гезитинин жооптуу катчысы, башкы редактордун орунбасары, башкы редактору, Оштогу Кыргыз драма театрынын, областтык филармониянын директору, Ош областтык мамлекеттик администрациясынын бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган. Эки китептин жана бир нече публицистикалык макалалардын автору. Кыргызстан журналисттер жана жазуучулар союзунун мүчөсү.

## СУЛАЙМАНОВ Сүйүн



1930-жылы Жаркоргон айылында туулган. 1951-жылы Оштогу мугалимдерди даярдоо институтунун кыргыз тили жана адабияты факультетин аяктаган соң, эмгек жолун Правда орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1955-жылы Т. Сатылганов атындагы орто мектебинде мугалим, 1960-жылы окуу бөлүмүнүн башчысы, 1963-жылы директору, 1967-жылы Көкбел айылдык советинин төрагасы, 1969-жылы № 44 жылкы заводунда партиялык уюмдун секретары, 1973-жылы кайрадан Т. Сатылганов атындагы орто мектептин директору болуп эмгектенген. 1979-жылдан Ноокаттагы бакчылык совхозунун башкармасы кызматтарын аркалаган. Эл агартуунун отличниги.

## ТАЖИБАЕВ Абдибаит



1930-жылы 6-майда Кыргызата айылында туулган. Ош педагогикалык окуу жайын 1950-жылы бүтүргөн. Эмгек жолун Ноокат районундагы Тельман атындагы мектепте мугалим болуп иштөө менен баштап, кийин Фёдоров атындагы толук эмес орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Ташкент финансы-экономикалык институтун аяктаган. 1957-жылдан 1959-жылга чейин Ноокат районундагы машина-трактор станциясында бухгалтер, андан кийин айыл чарба инспекциясында башкы экономист, 1959-жылы партиянын Ноокат райкомунун инструктору болуп эмгектенген. 1961-жылы Ноокат райондук финансы бөлүмүнүн башчылыгына дайындалган. 1964-жылы Араван райаткомунун төрагасынын орунбасары, андан соң, Ноокат райаткомунун төрагасы болуп шайланган. 1969-жылы Москвадагы Жогорку партиялык мектепти бүткөн. Партиянын Алабука райкомунун биринчи катчысы, 1974-жылы Кыргызстан КП БКнын партиялык иштерди уюштуруу бөлүмүнүн башчысынын биринчи орунбасары, 1975 – 78-жылдары партиянын Өзгөн, Карасуу райондук комитеттеринин биринчи катчысы, 1978-жылдан 1986-жылга чейин Эл депутаттарынын Ош областтык аткаруу комитетинин төрагасы кызматтарын аркалаган. 1986-жылдан 1989-жылга чейин Ош областтык мамлекеттик камсыздандыруу башкармасында начальник, 1989 – 94-жылдары областтык жаратылышты коргоо комитетинин төрагасы, 1994-жылдан 1997-жылга чейин Кыргызстан элдер ассамблеясынын Ош областтык бөлүмүнүн төрагасы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө «Кыргызтамекиси» МАКнын генералдык директорунун кеңешчиси. Кыргыз ССРинин Жогорку Советине төрт жолу депутат, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумуна мүчө болуп шайланган. «Ардак белгиси», «Эмгек Кызыл Туу» ордендери жана «Даңк» медалы, Кыргыз ССРинин Жогорку Кеңешинин Президиумунун «Ардак грамотасы», «Кыргыз Республикасынын жаратылышты коргоо боюнча эмгек сиңирген кызматкери» Ардак белгилеринин ээси.

## Ташиев Жолдош



1947-жылдын 24-майында Ноокат районунун Тескей-Кожеке айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1953-жылы Ломоносов атындагы орто мектепке кирип, 1963-жылы мектептин 10-классын бүтүргөн. Мектепти бүткөн соң Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетине сырттан окуу бөлүмүнө тапшырган жана Алмалык айылында мугалим болуп иштеген. 1973-жылы Фрунзе политехникалык институтуна тапшырып, 1982-жылы, автомобил жана автомобилдер чарбасы адистигине ээ болгон. 1983-жылдан баштап Ош облустук ИИБнин Ноокат райондук МАИ

бөлүмүндө инспектор болуп иштеген. 1986-жылы ушул эле Ноокат райондук МАИ бөлүмүнүн начальниги болуп дайындалган күнү күтүүсүз кырсыктан көз жумган.

## ТЕШЕБАЕВ Гапар



1828-жылы Өрнөк айылында туулган. Эмгек жолун 1943-жылы Ичкилик МТСында учётчик болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин Өрнөк колхозунда, 1962-жылы У. Салиева атындагы колхоздо тамекичилик боюнча бригадир болуп эмгектенген. Ленин, Эмгек Кызыл Туу ордени, СССРдин, ВДНХнын медалдары жана Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамоталары менен сыйланган.

## ТОЙГОНБАЕВ Абдувап



1931-жылы Кыргызата айылында туулган. Эмгек жолун 22 жашында колхозчу болуу менен баштаган. 1962-жылы Тельман атындагы колхоздо учётчик, бригадир болуп иштеген. Ал жетектеген бригада тамеки өстүрүү боюнча жогорку ийгиликтерге жетишкен. СССРдин орден, медалдары менен сыйланган. Кыргызстан Компартиясынын XVI съездинде ал борбордук комитетке мүчөлүккө кабыл алынган. Социалисттик Эмгектин Баатыры.





## ТУРДИЕВ Келдибай



1940-жылы 10-мартта Алашан айылында туулган. 1959-жылы орто мектепти аяктагандан кийин эмгек жолун тамеки боюнча звенавой болуп иштөө менен баштаган. 1971-жылы тамеки бригадасына бригадир болуп шайланган, Эмгек Кызыл Туу, Ленин жана Октябрь революциясы ордендери жана 1977-жылы Москва шаарында өткөн айыл чарба көргөзмөсүндө алтын медаль менен сыйланган. Социалисттик Эмгектин Баатыры.

## ТЕМИРБАЕВ Карим



1937-жылы 1-майда Бел айылында туулган. 1961-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун математика кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1969-жылдан 1975-жылга чейин К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун даярдоо бөлүмүнүн башчысы, аталган институтта улук окутуучу, жогорку математика жана теориялык механика кафедрасынын доценти болуп эмгектенген. 20дан ашык илимий макалалардын автору. Элге билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы жана «Эмгек ардагери» медалы менен сыйланган. Физика, математика илимдеринин кандидаты. 1993-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ШАМШИЕВ Турабы



1932-жылы туулган. 1951-жылы Ош мамлекеттик мугалимдер институтун аяктаган. Эмгек жолун Кокжар орто мектебинде математика мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1965-жылы Кокжар орто мектебинин директору, 1979 – 1981-жылдары Ноокат райондук Эл агартуу бөлүмүнүн башчысы, 1981-жылдан Кокжар орто мектебинин директору болуп эмгектенген. Эл агартуунун отличниги. Ленин ордени, «СССРдин эл агартуусунун мыктысы» төш белгиси менен сыйланган.

## ШАМУРЗАЕВ Турсун



1935-жылы 4-апрелде Жал айылында туулган. Эмгек жолун 1953-жылы Жаңынокат районундагы Стрельникова атындагы орто мектебинде улук пионервожатый болуп иштөө менен баштаган. 1959-жылы КМУнун тарых факультетин аяктагандан кийин, Ленин атындагы орто мектебинде тарых мугалими, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1961-жылы «Ынтымак» орто мектебинде директор, Караван айылындагы мектепке тарых мугалими, окуу бөлүмүнүн башчысы, 1969-жылы Каравандагы № 8-кесипчилик окуу жайынын директорунун окуу-тарбиялык иштер боюнча орунбасарлыгына дайындалган. 1971-жылы Педагогдордун билимин өркүндөтүү боюнча Бүткүлсоюздук институтунда квалификацияны жогорулатуу курсун аяктаган. Партиянын Ноокат райкомунда инструктор, 1973-жылы партиянын Ноокат райкомунун партиялык комиссиясынын төрагасы болуп дайындалган. 1980-жылдан 1985-жылга чейин Ноокат районунун элдик көзөмөл комитетин жетектеген. 1985-жылы Кулатов айылдык советинин төрагалыгына шайланып, он жыл иштеген соң, 1995-жылы Ардактуу эс алууга чыккан. «Эмгек ардагери», «Кужүрмөн эмгек» медалдары жана башка орден, грамоталар ыйгарылган.





## ЭРГАШЕВ Маматгази



1929-жылы 15-сентябрда Жаңынокат айылында туулган. Ферганадагы педагогикалык институтту аяктаган. Эмгек жолун 1951-жылы Ноокаттагы Фёдоров атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1952-жылы Фрунзе атындагы орто мектепте директор, 1953-жылдан 1957-жылга чейин комсомолдун Ноокат райкомунун 1-секретары, Ноокат райаткомунун төрагасынын орунбасары. 1958 – 61-жылдары райаткомунун төрагасы, 1961-жылы партиянын Ноокат райкомунун 1-секретары, 1963-жылдан 1971-жылга чейин партиянын Сузак райкомунун 1-секретары, 1971-жылдан 1978-жылга чейин партиянын Ленин райкомунун (азыркы Ноокен) 1-секретары, 1978 – 81-жылдары партиянын Карасуу райкомунун 1-секретары кызматтарын аркалаган. 1981-жылы Ош областтык мөмө-жемиш чарбасынын директорунун 1-орунбасары болуп дайындалган. 1996-жылдан баштап, Ош областтык профсоюздар кеңешинин, киночулар советинин төрагасы болуп эмгектенген. КПССтин XXV съездинин делегаты, КПСС БКнын 1964-жылкы май пленумунун катышуучусу, Кыргыз ССР Жогорку Советинин 5-чакырылышынын депутаты болуп шайланган. «Даңк» медалы жана «Данакер» ордени менен сыйланган.

## ЭГЕМНАЗАРОВ Давлет



1937-жылы 15-декабрда Кулуштан айылында туулган. 1954-жылы Пушкин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1959-жылы КМУнун тарых факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат районундагы Ломоносов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1960-жылы ОшПИде тарых кафедрасында окутуучу, 1962-жылы ага окутуучу, тарых факультетинин сырттан окуу бөлүмүндө декандын орунбасары, 1964-жылдан 1966-жылга чейин аталган факультеттин деканы болуп эмгектенген. 1969-жылы КМУнун кыргыз тарыхы кафедрасында окутуучу, ага окутуучу, 1986 – 88-жылдары ФПИнин КПССтин тарыхы кафедрасында окутуучу, 1988-жылдан 1992-жылга чейин ОшПИде СССР тарыхы кафедрасында доцент, кафедра башчысы, 1992-жылдан бери ОшМУнун тарых факультетинин сырттан окуу бөлүмү боюнча декандын орунбасары болуп иштеп келе жатат. Тарых илиминин кандидаты. Ош мамлекеттик администрациясынын Ардак грамотасы, «Манас — 1000» юбилейлик медалы менен сыйланган. Элге билим берүүнүн отличниги. «ОшМУнун ардагерлери» коомдук фондунун жетекчиси.






# III бөлүм

# Ноокаттыктар Алатоо арасында ар кайсы кызматтарда...

*«...Чыдамыңа чыдай албай келатам,*
*Чырагым эл, чырпыгыңды копшобо.*
*Чынар болом, керек кезде жыгып ал,*
*Чыр-чыр этип коломтоңо от болом...»*

***Олжобай Шакир***



### АБДАЗОВ
### Закир Аписович



1958-жылы 21-июлда Көкжар айылында туулган. 1975-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Көкжар совхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылы КМУнун юридика бөлүмүн аяктаган соң, Ош шаардык сотунда сот аткаруучу, 1987-жылдан 1990-жылга чейин Ош областтык юстиция башкармалыгында I категориядагы адис, Ош шаардык сотунда элдик судьянын милдетин аткаруучу, 1990-жылдан 1996-жылга чейин Өзгөн райондук сотунда судья болуп эмгектенген, 1996 – 2001-жылдары Кызылкыя шаардык сотунун төрагасы, Базаркоргон райондук сотунун төрагасы, Жалалабат областтык сотунун судьясы кызматтарын аркалаган. 2001-жылдан бери Карасуу райондук сотунун судьясы болуп иштеп келе жатат.

### АБДИВАСИЕВА
### Гавхар Нийматуллаевна



1957-жылы 1-августта Көкжар айылында туулган. 1977-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. Салиева атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1980-жылы КМУну аяктагандан кийин, 1983-жылга чейин айыл чарба министрлигинде бухгалтер, 1983 – 87-жылдары Ош областтык финансы башкармасында ага бухгалтер-эксперт, 1987-жылдан 1991-жылга чейин Ош облаткомунда башкы бухгалтер, 1991-жылдан 1994-жылга дейре, Ош шаардык финансы бөлүмүндө башкы бухгалтер болуп эмгектенген. 1994-жылдан бери Ош шаардык регионалдык казына





бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп келе жатат. Бир нече жолу шаардык жана областтык мамлекеттик администрациялардын, финансы министрлигинин, областтык финансы башкармалыгынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Финансы кызматынын отличниги.

### АБДИВАСИЕВ
### Миркамил Нийматуллаевич



1959-жылы 19-июлда Эскиноокат айылында туулган. 1981-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун Кызылкыядагы жол курулуш башкармасында мастердин жардамчысы болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылдан 1987-жылга чейин Комсомолдун Кызылкыя шаркомунда инструктор, бөлүм башчы, экинчи секретарь, биринчи секретарь, 1987 – 1990-жылдары ЛКСМ БКда бөлүм башчы, 1990-жылдан 1997-жылга дейре Жогорку Кеңештин Эл өкүлдөр жыйынында улук консультант, бөлүм башчы кызматтарын аркалаган. Борбордук шайлоо комиссиясынын төрага орунбасары, текшерүү группасынын жетекчиси, 2000-жылы Жогорку Кеңештин материалдык жана техникалык жактан тейлөө департаментинин директорунун орунбасары, 2001-жылдан Кызылкыя шаарынын мэри болуп эмгектенген.

### АБДРАХМАНОВА
### Зухра Мырзалиевна



1953-жылы 12-мартта Кызылкыя шаарында туулган. 1974-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун комсомолдун Ош шаардык комитетинде уюштуруу бөлүмүнүн инструктору болуп

иштөө менен баштаган. 1975 – 1977-жылдары Ош облысттык ички иштер башкармалыгынын паспорт бөлүмүндө инспектор, 1977-жылдан 1983-жылга чейин Ноокат РИИБинин паспорт бөлүмчөсүнүн начальниги болуп иштеген. 1983-жылдан 1988-жылга дейре Карасуу РИИБинин паспорт бөлүмчөсүн башкарган. 1988-жылы Карагандыдагы милициянын жогорку мектебин бүтүргөн. Ош облысттык ИИБинде кадрлар бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары, Ош шаардык ИИБинин паспорт бөлүмчөсүнүн начальниги болуп эмгектенген. Республикадагы кыз-келиндердин арасында 1-болуп Карагандыдагы милициянын жогорку мектебин бүтүргөн. Милициянын подполковниги. Бүгүнкү күндө Ош облысттык адвокаттар коллегиясында адвокат болуп иштеп жатат.

Коомдук тартипти сактоонун отличниги, «Кужурмөн эмгеги үчүн» медалынын ээси, ИИМдин Ардак грамоталары менен сыйланган.

## АБДЫРАХМАНОВ
## Камил Мырзалиевич

1957-жылы Салиева айылында туулган. 1978-жылы милициянын Караганда шаарындагы жогорку мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн кылмыш иликтөө бөлүмчөсүндө инспектор болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылдан 1987-жылга чейин Араван РИИБсинде улук инспектор, нөөметчү кызматында, 1989-жылы аталган райондун ички иштер бөлүмүндө менчикти уурдоого жана алып сатарлыкка каршы күрөш бөлүмчөсүнүн оперуполномоченныйы болуп иштеген. 1989-жылдан 1991-жылга чейин Ош ШИИБинин начальнигинин орунбасары, 1991-жылдан 1993-жылга чейин Араван, 1993 – 97-жылдары Карасуу райондорунун ички иштер бөлүмүнүн начальниги, 1997-жылы бир жыл Ош облысттык ИИБсинин баңгиликке каршы күрөш бөлүмүнүн начальниги болуп эмгектенген. Алай РИИБсин, Кызылкыя шаардык ички иштер бөлүмүн жетектеген. Бүгүнкү күндө ички иштер министринин өздүк коопсуздук кызматынын начальнигинин орунбасары, өздүк коопсуздук кызматынын түштүк





аймагы боюнча бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп жатат. Милициянын полковниги.

## АБДЫРАХМАНОВ
## Хамид Жумабаевич



1962-жылы Жал айылында туулган. 1979-жылы Ленин атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1985-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун Гипростройдо иштөө менен баштаган. 1986-жылдан 1990-жылга чейин «Ошколхозпроект» ишканасында иштеген. 1990-жылдан тартып, 6 жыл бою Жалалабат шаардык архитектурасын, 1996-жылы Ош шаардык архитектурасын, 1997-жылдан 1999-жылга чейин Каракол шаардык архитектурасын жетектеген. 1998-жылы Жалалабат облысттык архитектура бюросунун начальниги, андан соң Ош шаарынын, Ош облысынын башкы архитектору кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери Жалалабат шаарынын башкы архитектору болуп иштеп келе жатат.

## АБДЫКЕРИМОВ
## Сабыржан Токтосунович



1959-жылы 20-декабрда Баргы (мурунку Өсөр) айылында туулган. 1974-жылы Россия орто мектебин бүтүргөн. 1981-жылы КММИнин санитардык-врач адистигин аяктаган. Эмгек жолун Республикалык санитардык-эпидемиологиялык станциясында санитардык-врач болуп иштөө менен баштаган. 1987-жылы Саламаттыкты сактоо министрлигинде врач-инспектор, 1992-жылы санитар-

дык эпидемиологиялык башкармасынын начальнигинин орунбасары, 1994-жылдан баштап, аталган башкармалыктын начальниги болуп эмгектенген. 1997-жылдан бери Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө департаментинин генералдык директору болуп иштеп келе жатат. Медицина илимдеринин кандидаты.

## АБДУВАЛИЕВА
## *Өктөмхан Абдиназаровна*



1953-жылы 25-октябрда Биринчи Май айылында туулган. 1969-жылы Ю. Гагарин орто мектебин бүтүргөн. 1974-жылы Маяковский атындагы кыз-келиндер институтунун филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ю. Гагарин атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1976-жылы Кеңеш орто мектебинде окуу бөлүмүнүн башчысы, 1977-жылы Комсомолдун Ноокат райкомунда II секретарь, 1979-жылдан 1983-жылга чейин Кеңеш орто мектебинин директору, 1984 – 93-жылдары Ю. Гагарин орто мектебинде орус тили мугалими, 1993-жылдан баштап, Ноокат математикалык багыттагы жатак гимназияда директор болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө «Алтынкум» пансионатынын башкы администратору болуп иштет жатат. Мугалим-методист. 1991-жылы өткөрүлгөн Республикалык жана Союздук «Жылдын мыкты мугалими» конкурстарынын лауреаты. Кыргыз Республикасынын жана СССРдин эл агартуусунун отличниги. Мугалимдердин V – VI съездеринин делегаты.





## АБДУВАЛИЕВА
## *Райхан Абдижамиловна*



1963-жылы 21-апрелде Белерук айылында туулган. 1982-жылы Пржевальскийдеги музыкалык окуу жайын бүтүргөн. 1987-жылы Б. Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик искусство институтун аяктаган. К. Орозов атындагы оркестрде, М. Куренкеев атындагы музыкалык окуу жайда эмгектенген. 1987-жылы балдардын фольклордук ансамблин уюштурган. 1993-жылдан КТРде үн режиссёр болуп иштеген. 1997-жылдан бери «Периште» фольклордук эстрадалык топтун жетекчиси. Кыргызстан аялдар конгрессинин мүчөсү.

## АБДУЛЛАЕВА
## *Өктөмхан Авазовна*



1949-жылы 1-февралда Карасуу районунун Карасуу айылында туулган. КМУну аяктагандан кийин, эмгек жолун Ош облусттык финансы башкармалыгында инспектор болуп иштөө менен баштаган. 1994-жылга чейин Ош облусттык финансы башкармалыгынын начальниги болуп эмгектенген. 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министринин орунбасары болуп дайындалган. 1999-жылдан бери Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык жактан коргоо министринин орунбасары болуп иштей баштаган. Учурда Кыргыз Республикасынын вице премьер-министри.

## АБДУРАСУЛОВА *Тажиниса*



1948-жылы 10-февралда Кожоке айылында туулган. Эмгек жолун 1966-жылы № 44 жылкы заводунун балдар бакчасында тарбиячы болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин Ноокат райондук керек-жарак коомуна караштуу № 16-дүкөндө үйрөнчүк болуп иштеген. 1971-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Ош областтык райондор аралык базада товаровед, улук товаровед, Оштогу «Тароремонтной» базада директордун орунбасары, 1982 – 91-жылдары Ош областтык керек-жарак коомунда чарба товарлары жана курулуш материалдары бөлүмүнүн начальниги, 1991 – 92-жылдары Ош областтык керек-жарак коомунун коммерция жана маркетинг боюнча башкармалыктын башчысы болуп эмгектенген. 1992-жылы өндүрүштүк коммерциялык «Саламалик» фирмасынын төрайымы, Ош областтык керек-жарак коомунун Ноокат районундагы «Селкооп заготпром» башкармалыгынын төрайымы. «Улан дүкөнү» жабык типтеги акционердик коомунун директору кызматын аркалаган. 1996-жылы «Корпорация Тадж-Махал» Жабык Типтеги Акционердик Коомунун президенти болуп эмгектенген. 2000-жылы бери Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланган. СССР керек-жарак кооперациясынын отличниги, Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген экономисти.

## АБДУСАЛАМОВ *Абдувахид Абдуханонович*



1959-жылы 23-декабрда Жаңыноокат айылында туулган. 1981-жылы К. А. Тимирязев атындагы айыл чарба академиясын аяктаган. Эмгек жолун 1981-жылы Ноокат районунда агроном-экономист болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылдан 1985-жылга чейин ушул эле райондо улук агроном, Комсомолдун Ноокат райкомунда II секретарь, 1987 – 89-жылдары 1-секретарь, партиянын Ноокат райкомунда агрардык бөлүмдүн инструктору, Эл депутаттарынын Ош областтык советинде жетектөөчү инструктор, 1992-жылы Ош областтык жер инспекциясынын гендиректору, 1994-жылдан баштап, 2000-жылга чейин жер жана агрардык реформа боюнча Ош областтык борбордун директору болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Ош областтык мамлекеттик администрациясында агрардык өнүктүрүү бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

## АБДЫКАИМОВ *Маматашим Эркинович*



1959-жылы 10-январда Борбаш айылында туулган. 1976-жылы Кеңеш орто мектебин бүтүргөн. 1981-жылы Жалалабат шаарындагы Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын, 1984-жылы Санкт-Петербург (мурунку Ленинград) шаарындагы токой техникумун аяктаган. Эмгек жолун «Северо-Западное лесоустроительное предприятие» ишканасында техник-лесовод болуп иштөө менен баштап, 1994-жылга чейин иштеген. 1992-жылы токой академиясында окуган. 1995-жылдан 2000-жылга дейре мамлекеттик токой кызматынын токой жана мергенчилик башкы башкармасында башкы инженер болуп эмгектенген.

2000-жылдан бери башкы башкармалыктын начальниги болуп иштеп келе жатат.

## АБДЫКАДЫРОВ
## Акылбек Токтосунович



1973-жылы 18-январда Баргы айылында туулган. 1990-жылы К. Жакыпов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1996-жылы КМУнун юридика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ош областтык юстиция башкармасында жетектөөчү адис болуп иштөө менен баштаган. 2002-жылдан бери Баткен областтык юстиция башкармасынын начальнигинин 1-орунбасары болуп иштеп келе жатат. I класстагы юрист.

## АБДЫРАИМОВ Бекболот

1945-жылы Кыргызатада туулган. 1977-жылы Б. Бейшеналиева атындагы искусство институтун бүтүргөн. Мамлекеттик телерадиокомитетте, «Кыргызфильм» студиясында музыкалык редактор, редакция башчысы болуп иштеген. «Томсортпо тоонун кечтери», «Ак кайың», «Кызыл алма», «Баарынан кымбат ынтымак», «Махабат илеби» деген сыяктуу популярдуу обондору менен бирге композитор катары «Уркуя» контатасы, скрипка менен фортепиано боюнча сонатасы сыяктуу көп чыгармалары бар. Бир топ кинофильмдерге, спектаклдерге, мультфильмдерге музыка жазган. «Ош — 3000» маарекесинин музыкалык шекеттөөсүнө катышкан. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген кызматкер.





## АБИЛОВ
## Абдимухтар Раймжанович



1953-жылы 15-декабрда Кашкалдак айылында туулган. 1971-жылы III Интернационал орто мектебин бүтүргөн. 1979-жылы КМУнун журналистика бөлүмүн аяктаган. 1979-жылы Кыргыз Совет Энциклопедиясында илимий редактор болуп эмгек жолун баштаган. КСЭнин 4, 5, 6-томдоруна илимий редактор катары катышкан. 4 томдук Советтик Энциклопедиялык сөздүктүн илимий редактору, «Физика» терминологиялык сөздүктүн түзүүчүлөрүнөн болгон. «Манас» энциклопедиясынын илимий редактору жана макалалардын автору. «Кыргыз жергеси», «Үй-тиричилиги» энциклопедияларын чыгарууга катышкан. 1991 – 92-жылдары Кыргыз Республикасынын монополияга каршы саясаты боюнча мамлекеттик комитетинде жетектөөчү адис катары эмгектенген. 1993-жылдан бери «Кыргыз Туусу» газетасында иштеген. Учурда «Эркин-Тоо» газетасында эмгектенип жатат.

## АЛАМГИРОВ Муртаза



1953-жылы 17-апрелде Кызылбостон айылында туулган. 1969-жылы III Интернационал (азыркы Кашкалдак) орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ош шаардык ички иштер бөлүмүндө айдоочу болуп иштөө менен баштаган. 1978-жылдан 1983-жылга чейин Ош шаардык МАИде патрулдук жол кызматынын инспектору, 1983-жылы Ош областтык МАИде патрулдук жол кызматынын улуу инспектору болуп эмгектенген. Карагандыдагы жогорку милиция мектебин аяктаган. 2000-жылы Ош областтык ички иштер башкармалыгында РЭО-

нун начальниги болуп иштеген. 2001-жылдан бери ИИМдин МАИ башкармалыгынын Ош областы боюнча РЭО начальниги болуп иштеп келе жатат. Милициянын подполковниги. Кыргыз милициясынын 75 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган.

### АЛИБАЕВ Дарман



1943-жылы 8-апрелде Көкжар айылында туулган. 1965-жылы Москвадагы инженер-курулуш институтун бүтүргөн. Эмгек жолун 1965-жылы Талас областындагы севводстрой трестинин Киров райондук СМУсунда Киров суу сактагычынын курулушунда механик болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылдан 1971-жылга чейин «Севводстрой» трестинин Нарын областындагы Тяньшань ПМКсында начальник, 1971-жылдан 1977-жылга чейин аталган тресттин Москва ПМКсында начальник, 1977 – 85-жылдары Кыргызстан Компартиясынын айыл чарба бөлүмүндө инструктор, сектор башчысы, бөлүм башчысынын орунбасары болуп эмгектенген. 1985-жылдан 1990-жылга чейин партиянын Ысыккөл райкомунун 1-секретары, 1990 – 94-жылдары Кыргыз Республикасынын айыл чарба министринин орунбасары, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн уюштуруу бөлүмүнүн инспектору болуп эмгектенген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган.

### АЛИМОВ Жеңишбек Жайчиевич



1963-жылы 5-мартта Көкжар айылында туулган. 1980-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Көкжар совхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылы КМУну бүтүргөн. 1989 – 90-





жылдары Кызылкыя шаардык финансы бөлүмүндө улуу ревизор-инспектор, 1999-жылдары ушул эле бөлүмдө бюджет бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1999-жылдардан бери Баткен областтык финансы башкармасынын начальнигинин орунбасары болуп иштеп келе жатат.

### АЛЫМКУЛОВ Келдибай



1943-жылы Герейшорон кыштагында туулган. 1959-жылы Күрөңкеев атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1964-жылы КМУну аяктаган. Эмгек жолун Кыргыз ССР ИАсында иштөө менен баштаган. 1969-жылдан 1971-жылга чейин Көкжар орто мектебинде математика мугалими болуп эмгектенген. 1971 – 1998-жылдары ИАнын математика институтунда кенже, улук илимий кызматкер, лаборатория башчысы болуп иштеген. 1984-жылы СССР Илимдер Академиясынын Стеклов атындагы математикалык институтунда стажировкадан өткөн. 1 илимий китептин автору. Бүгүнкү күндө ОшМУнун жалпы информатика кафедрасынын башчысы болуп иштеп жатат. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор.

### АЛЫМОВ Абдималик



1952-жылы Көкжар айылында туулган. 1969-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн, 1976-жылы ОшПИни аяктап. «Россия», Ломоносов мектептеринде англис тили боюнча мугалим болуп иштеген. 1981-жылы Ош областтык ички иштер башкармасында, өспүрүмдөр боюнча ага инспектор, андан кийин начальник болуп эмгектенген. 1987-жылы милициянын Караганда шаарын-

нун начальниги болуп иштеген. 2001-жылдан бери ИИМдин МАИ башкармалыгынын Ош областы боюнча РЭО начальниги болуп иштеп келе жатат. Милициянын подполковниги. Кыргыз милициясынын 75 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган.

### АЛИБАЕВ Дарман



1943-жылы 8-апрелде Көкжар айылында туулган. 1965-жылы Москвадагы инженер-курулуш институтун бүтүргөн. Эмгек жолун 1965-жылы Талас областындагы севводстрой трестинин Киров райондук СМУсунда Киров суу сактагычынын курулушунда механик болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылдан 1971-жылга чейин «Севводстрой» трестинин Нарын областындагы Тяньшань ПМКсында начальник, 1971-жылдан 1977-жылга чейин аталган тресттин Москва ПМКсында начальник, 1977 – 85-жылдары Кыргызстан Компартиясынын айыл чарба бөлүмүндө инструктор, сектор башчысы, бөлүм башчысынын орунбасары болуп эмгектенген. 1985-жылдан 1990-жылга чейин партиянын Ысыккөл райкомунун 1-секретары, 1990 – 94-жылдары Кыргыз Республикасынын айыл чарба министринин орунбасары, Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн уюштуруу бөлүмүнүн инспектору болуп эмгектенген. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутат болуп шайланган.

### АЛИМОВ Жеңишбек Жайчиевич



1963-жылы 5-мартта Көкжар айылында туулган. 1980-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Көкжар совхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылы КМУну бүтүргөн. 1989 – 90-





жылдары Кызылкыя шаардык финансы бөлүмүндө улуу ревизор-инспектор, 1999-жылдары ушул эле бөлүмдө бюджет бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 1999-жылдардан бери Баткен областтык финансы башкармасынын начальнигинин орунбасары болуп иштеп келе жатат.

### АЛЫМКУЛОВ Келдибай



1943-жылы Герейшорон кыштагында туулган. 1959-жылы Күрөңкеев атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1964-жылы КМУну аяктаган. Эмгек жолун Кыргыз ССР ИАсында иштөө менен баштаган. 1969-жылдан 1971-жылга чейин Көкжар орто мектебинде математика мугалими болуп эмгектенген. 1971 – 1998-жылдары ИАнын математика институтунда кенже, улук илимий кызматкер, лаборатория башчысы болуп иштеген. 1984-жылы СССР Илимдер Академиясынын Стеклов атындагы математикалык институтунда стажировкадан өткөн. 1 илимий китептин автору. Бүгүнкү күндө ОшМУнун жалпы информатика кафедрасынын башчысы болуп иштеп жатат. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор.

### АЛЫМОВ Абдималик



1952-жылы Көкжар айылында туулган. 1969-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн, 1976-жылы ОшПИни аяктап. «Россия», Ломоносов мектептеринде англис тили боюнча мугалим болуп иштеген. 1981-жылы Ош областтык ички иштер башкармасында, өспүрүмдөр боюнча ага инспектор, андан кийин начальник болуп эмгектенген. 1987-жылы милициянын Караганда шаарын-

дагы жогорку мектебин бүткөн. 1984 – 91-жылдары Жалалабат шаардык милиция бөлүмүндө ага тергөөчү, 1991-жылдан Жалалабат облусттык ИИБде экономика жана коррупцияга каршы күрөшүү бөлүмүндө ага опер кызматкери, бөлүмчөнүн начальниги кызматтарын аркалаган. 2000-жылдан бери Ош облусттык ички иштер башкармалыгынын коопсуздук кызматынын ага опер өкүлү болуп иштеп жатат. Милициянын полковниги, Ош облустунун «алдыңкы тергөөчүсү», «алдыңкы опер кызматкер» деген наамдарга жетишкен. Ички иштер министрлигинин жана облусттык ИИБнын Ардак грамоталары жана баалуу сыйлыктары менен сыйланган.

## АНАРБАЕВ Абдималик



1952-жылы Жал айылында туулган. 1973-жылы «Мичурин» атындагы мөмө-жемиш институтун аяктаган. Эмгек жолун Жаңыжол районундагы Караван мөмө-жемиш өстүрүү совхозунда улук агроном болуп иштөө менен баштаган. 1974-жылдан Сузак районундагы Тайгараев совхозунда агроном, 1975-жылы Жал совхозунда улук агроном, башкы агроном, 1981-жылы партиянын Ноокат райкомунун агрардык бөлүмүндө инструктор, Баткен районундагы «Советтик Кыргызстан» совхозунда директор, 1987-жылы Баткен райаткомунун төрагасынын 1-орунбасары, райондук керек-жарак коомунун жетекчиси, 1989-жылы Кыргызстан КП БКда инструктор, 1991-жылы айыл чарба министрлигинде башкармалыктын начальнигинин орунбасары, 1992-жылы Ноокат районундагы мамлекеттик атайын чарбада (госспецхоз) директор, 1992-жылдан айыл чарба жана өнөр жай министринин орунбасары, Өзгөн районунун мамлекеттик администрация башчысы, 1997 – 99-жылдары Кыргыз Өкмөтүнө караштуу агрардык өнүктүрүү департаментинин башчысынын орунбасары, 1999-жылы айыл жана суу чарба министринин орунбасары, 2001-жылдан айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинде айыл чарба продукциясын өндүрүү башкармасынын начальниги, Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министри болуп иштеген. Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер.





## АРЫКБАЕВ Абсалам Каратаевич



1968-жылы 17-апрелде Көкбел айылында туулган. 1985-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. Оштогу курулуш техникумун аяктаган. Эмгек жолун 1989-жылы Ош облусттык өнөр жай курулуш банкында жалпы бөлүмдүн башчысы болуп иштөө менен баштаган. 1992-жылы эсептик бөлүмдө адис, 1992-жылдан 1995-жылга чейин аталган банктын Көкжар бөлүмүнүн башкы эсепчисинин орунбасары, 1995 – 97-жылдары өнөр жай курулуш банкынын Кызылкыя шаардык бөлүмүнүн башкаруучусу, 2001 – 2003-жылдары Нарын облусунун өнөр жай курулуш банкынын башчысы болуп эмгектенген. 2003-жылдан бери Өзгөн райондук өнөр жай курулуш банкынын башкаруучусу болуп иштеп келе жатат.

## АЙТИКУЛОВ Баяман Мырзабекович



1953-жылы 7-июлда Жаркоргон айылында туулган. 1980-жылы ФПИни аяктагандан кийин эмгек жолун Ош шаардык РЭСте мастер, диспетчер болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылы Кадамжай райондук РЭСте начальник, андан соң Ноокат райондук



7 — 326

РЭСте начальник, 1990-жылдан 2002-жылга дейре Ош областтык электр тармактар ишканасында директордун орунбасары болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы энергетика боюнча мамлекеттик агенттсвонун энергетика жана газ боюнча мамлекеттик инспекциясынын түштүк региону боюнча начальниги болуп иштеп келе жатат.

## АЙТИКУЛОВ
## *Маматкарим Нуркамилович*



1963-жылы 18-январда Көкбел айылында туулган. 1979-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. 1987-жылы КМУнун юридика факультетин аяктагандан кийин, Талас областтык прокуратурада тергөөчү, андан соң прокурордун ага жардамчысы. 1989-жылдан 2000-жылга чейин Ош областтык прокуратурада өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага тергөөчү, 2000 – 2002-жылдары Араван, Өзгөн райондорунда прокурордун орунбасары, Ош областтык прокуратурада тергөө бөлүмүнүн ага прокурору болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Араван районунун прокурору болуп иштеп келе жатат. Юстициянын II класстагы кеңешчиси.

## АШИРБАЕВ
## *Исламидин Маматович*



1963-жылы 25-сентябрда Жийде айылында туулган. 1983-жылы ОшПИни бүтүргөн. Эмгек жолун Ош шаарындагы № 17 Гагарин атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1988-жылдан 1993-жылга чейин Социализм орто мектебинде кыргыз тили мугалими, директордун орунбасары, 1994-жылдан баштап, Ош шаардык сотунда секретарь, сот аткаруучу болуп эмгектенген. 1996-жылы КМУнун юридика факультетин аяктаган. 1997 – 2000-жылдары Ноокат райондук сотунда улук сот аткаруучу, Ош шаардык сотунда сот аткаруучу, Ош областтык сот департаментинин начальнигинин орунбасары кызматтарын аркалаган. 2003-жылдан бери Ош областтык сот департаментинин начальниги болуп иштеп келе жатат.

Ош областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Юстициянын III класстагы кеңешчиси.





## БАЙЫШБАЕВ
## *Сайпидин Бекенович*



1959-жылы Чечдөбө айылында туулган. 1977-жылы Т. Сатылганов атындагы орто мектепти бүтүргөн. Өзбекстандагы Бухара атындагы диний окуу жайында жети жыл окуган соң, 1984-жылы Кызылкыя шаардык мечитинде 1 жыл иштеп, 1985-жылы Карабалта шаарынын Жайыл райондук мечитине имамдыкка чакырылган. 1989-жылы Пакистандагы ислам институтуна тапшырып, 1994-жылы аяктаган соң Панфилов, Жайыл районунда имам болуп иштеген. 2001-жылы Египеттеги ислам университетинин толук эмес курсун бүтүргөн. Бүгүнкү күндө Чүй областынын казысы болуп иштеп жатат.

## БАКИРОВ
## Абдулла Абдывахапович



1962-жылы 6-июнда Араван районунда туулган. 1989-жылы КМУну аяктаган. Эмгек жолун республиканын транспорт прокуратурасында иштөө менен баштаган. 1991-жылдан 1996-жылга чейин Кызылкыя шаарынын прокурорунун жардамчысы, Өзгөн районунун прокурорунун жардамчысы, 1999 – 2001-жылдары Ош облустук прокуратурада бөлүмдүн улук прокурору болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Өзгөн районунун прокурорунун орунбасары болуп иштеп келе жатат. Юстициянын II класстагы кеңешчиси.

## БАРКИТОВА
## Асият Досжановна



1951-жылы 6-апрелде Көкбел айылында туулган. 1972-жылы ОшПИни аяктаган. Эмгек жолун Токмок шаарындагы № 1 орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1973-жылы Чапаев атындагы орто мектепте мугалим, 1976 – 78-жылдары Жалалабат шаарындагы медициналык окуу жайында комсомол комитетинин секретары, андан соң комсомолдун Ош обкомунда инструктор, сектор башчысы, жалпы бөлүмдүн башчысы, 1983-жылы партиянын Ош обкомунда инструктор, 1983-жылдан 1993-жылга чейин партиянын Ташкөмүр шаарткомунун секретары, шаардык советинин төрагасынын орунбасары, шаардык мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, 1995 – 96-жылдары Ташкөмүр шаарындагы Н. Островский атындагы № 1 орто мектептин директору кызматтарын аркалаган. Ташкөмүр шаардык элге билим берүү бөлүмүн





жетектеген. 2002-жылдан бери Жалалабат облустук мамлекеттик администрациясынын социалдык-маданий өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

## ГАМБАРОВ Эркул



1957-жыл 4-майда Кулатов айылында туулган. 1974-жылы Ленин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1979-жылы Рязань шаарындагы радио-техникалык институтунун электроника факультетин аяктаган. Эмгек жолун Кыргыз ССРинин мамлекеттик пландоо комитетинин эсептөө борборунда инженер болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылга чейин электр-инженер, башкы инженер, нөөмөт начальниги болуп эмгектенген. 1982 – 1985-жылдары Кызылкыя шаарындагы «Динамо» фабрикасында башкы энергетик, андан соң аталган ишканада бөлүмдүн начальниги, 1994-жылдан 2001-жылга дейре Кызылкыя шаардык мамлекеттик администрациясында бөлүм башчы, «Кыргызтелеком» АКсынын Кызылкыя шаардык бөлүмүнүн директорунун орунбасары кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери «Кыргызтелекомдун» Кадамжай райондук бөлүмүнүн директору болуп иштеп келе жатат.

## ДУВАНАЕВ
## Мамырайым Абдувапович



1960-жылы 5-октябрда Көкбел айылында туулган. 1977-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. 1984-жылы КМУнун филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат райондук «Колхозчу» гезитинде кабарчы болуп иштөө менен баштаган. Гезиттин бөлүм башчысы, жооптуу катчысы болуп

1987-жылга чейин иштеген. 1987-жылдан 1991-жылга чейин партиянын Ноокат райкомунда инструктор, 1991 – 92-жылдары «Ош жаңырыгы» гезитинин кабарчысы, 1992-жылдан 1998-жылга чейин «Кыргыз Туусу» гезитинин өз кабарчысы, «Кыргыз руху» гезитинин башкы редакторунун орунбасары, 1999-жылдан «Ош жаңырыгы» гезитинин башкы редактору болуп эмгектенген. Кыргызстан Журналисттер союзунун Ош областтык бөлүмүнүн төрагасы. Журналисттер сыйлыгынын лауреаты. «Манас — 1000» медалынын ээси.

## ДЫЙКАНОВ
### *Ахмеджан Кеңешович*



1953-жылы 20-сентябрда туулган. Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун Өзгөн районундагы «КЗОСС НПО Табак» ишканасында кичи илимий кызматкер болуп иштөө менен баштаган. Ош областтык мамлекеттик айыл чарба продукцияларын сапаттоо жана сатуу боюнча инспекциясында инспектор, 1975-жылдан 1985-жылга чейин комсомолдун Ош обкомунда жумушчу жана айыл жаштары бөлүмүнүн башчысы, комсомолдун Карасуу райкомунун 1-секретары, комсомолдун Ош обкомунун 1-секретары, 1987-жылы Баткен райаткомунун председатели, 1991 – 95-жылдары Ноокат райондук жер реформасы жана жерге жайгаштыруу комитетинин башчысы, Арбын колхозунун төрагасы, № 44 жылкы заводунун директору, Жаңыбазар айылдык комитетинин төрагасы, 1995 – 98-жылдары Ноокат раймамадминистрация башчысынын орунбасары, Ош областтык мамадминистрациянын айыл чарба бөлүмүндө жетектөөчү адис, эксперт болуп эмгектенген. Президенттин алдындагы башкаруу академиясынын Оштогу филиалын бүтүргөн. 2001-жылы Ноокат районундагы «Астарта» ЖКЧнын директору болуп иштеген. 2001-жылдан бери Ош областтык мамлекеттик администрациясынын экономика-финансы жана ишкердикти





колдоо бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп жатат. 2005-ж. январь айынан баштап Ош областык Аристин жетекчиси. Түштүк региону боюнча Аристин координатору болуп иштеп жатат.

## ЖАМАЛДИНОВ
### *Зиядин Исламович*



1966-жылы 12-июнда Кожарык айылында туулган. 1983-жылы Правда орто мектебин бүтүргөн. 1988-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун Оштогу эт-консерва комбинатында бригадир болуп иштөө менен баштаган. 1994-жылдан баштап, Ош областтык салык инспекциясында оперуполномочен, Ош шаардык салык инспекциясында башкы инспектор, бөлүмдүн начальниги, 2003-жылдан Кыргыз Республикасынын Акыйкатчысынын (Омбудсмен) Ош облусу боюнча ыйгарым укуктуу өкүлү болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаты.

## ЖААНБАЕВА
### *Махабат Коргонбаевна*



1972-жылы 24-сентябрда Чечдөбө айылында туулган. 1989-жылы Кулатов айылы өкмөтүндөгү К. Надиров атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1994-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Кыргыз Республикасынын президентинин алдындагы Баалуу кагаздар боюнча улуттук комиссиясында иштөө менен баштаган. Андан соң Корпоративдүү финансылар башкармасынын башчысы, мамлекеттик мүлк

фондусунун бөлүм башчысы болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Жалалабат шаарындагы «Хаят» Жоопкерчилиги Чектелген Коомунун президенти болуп иштеп келе жатат.

### *ЖАНЫБЕКОВ Абдырасул Аширбаевич*



1953-жылы 27-декабрда Көкжар айылында туулган. 1971-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1978-жылы КММИни аяктаган. Эмгек жолун Кызылкыя шаардык ооруканасынын тез жардам станциясында врач болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылдан 1994-жылга чейин аталган оорукананын урология бөлүмүндө врач-уролог, 1994 – 2001-жылдары урология бөлүмүнүн башкы врачы болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Кызылкыя шаардык борбордук оорукананын башкы врачы болуп иштеп келе жатат.

### *ЖАПАРОВ Замирбек Паизович*



1963-жылы Кеңеш айылында туулган. 1986-жылы ОшПИнин орус тили жана адабияты факультетин бүтүргөн. Эмгек жолун В. Терешкова атындагы мектеп-интернатында мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1990-жылдан 2000-жылга чейин облусттык жаш туристтердин станциясында, балдар жана жаштар туризминин областтык борборунда, балдар чыгармачылыгынын областтык борборунда директор кызматтарын аркалаган.





Бүгүнкү күндө спорт, туризм жана жаштар саясаты боюнча Ош областтык комитетинин төрагасы болуп иштеп жатат. Эл агартуунун отличниги, «Манас – 1000» медалы менен сыйланган.

### *ЖОЛБОЛДИЕВА Айчүрөк*

1960-жылы 31-декабрда Көкжар айылында туулган. 1978-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1984-жылы Москвадагы технологиялык жеңил өнөр жай институтун аяктаган. Эмгек жолун Кызылкыя шаарындагы «Алай» бут кийим тигүү бирикмесинде мастер-инженер болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылдан 2002-жылга чейин Кызылкыя шаардык социалдык фондло жетектөөчү адис, башкы адис, бөлүмдүн начальниги болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Кызылкыя шаардык мэриясынын экономика бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

### *ЖОЛДОШЕВ Имарали*



1957-жылы Жал айылында туулган. 1974-жылы В. И. Ленин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1979-жылы Ош айыл чарба техникумун, 1984-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1979 – 1986-жылдары Лейлек районундагы Карабулак совхозунда агроном, башкы агроном-экономист болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылы Лейлек районундагы «Башкент» совхозунда партиялык комитетинин секретары, 1987 – 1994-жылдары Лейлек районундагы Машина мал-чарба станциясынын директору, 1994-жылдан 1996-жылга чейин Кызылкыя шаардык аймактык казынанын башчысы кызматтарын аркалаган. 1996-жылдан бери Кызылкыя шаарынын финансы бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын финансы-экономика кызматынын мыктысы.

## ЖОРОБЕКОВ Жолборс



1948-жылы 15-октябрда Жал айылында туулган. 1966-жылы Ынтымак орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Бешбуркан айылында баштапкы класстардын мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1974-жылы КМУнун тарых факультетин аяктаган. 1974-жылдан 1976-жылга чейин Кыргыз Илимдер Академиясынын тарых институтунда кенже илимий кызматкер болуп иштеген. 1978-жылы СССР Илимдер Академиясынын этнография институтунда илимий стажировкадан өткөн. 1981-жылы КМУда аспирантураны аяктаган. 1981 – 1993-жылдары Орус тили жана адабияты институтунда мугалим, ага окутуучу, доцент, докторант кызматтарын аркалаган. 1993-жылдан 1995-жылга чейин Ош областтык мамлекеттик администрациясында Улут аралык маселелерди жана коомдук пикирди изилдөөчү аналитикалык борборду жетектеген. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Мыйзам чыгаруу жыйынынын депутаты болуп шайланган. 1999 – 2001-жылдары Кыргыз Өкмөтүнүн алдындагы Дин иштери боюнча Мамлекеттик комиссиянын төрагасы, андан соң, Бишкек гуманитардык университетинин ректору, Кыргыз Мамлекеттик Юридикалык Академиясында Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын башчысы болуп эмгектенген. Философия илимдеринин кандидаты. Кыргызстандагы биринчи политология илимдеринин доктору. Профессор. Жүздөгөн илимий макалалардын жана беш китептин автору. Кыргыз Республикасынын Элге билим берүүсүнүн отличниги, Профтехникалык билим берүүсүнүн отличниги. Кызылкыя шаарынын Ардактуу атуулу.

## ЖУМАНОВ Муратаалы ажы

1973-жылы 1-майда Жал айылында туулган. Кызылкыя шаарындагы «Азрети Усман» атындагы медресени, 1998-жылы Уфа







шаарындагы Ислам институтун аяктаган. Эмгек жолун 1992 – 96-жылдары «Азрети Усман» атындагы медреседе мударис болуп баштап, 1996 – 99-жылдары Ош областынын Казысынын орунбасары, 1999 – 2000-жылдары Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармалыгынын жооптуу катчысы, андан соң Кыргызстан мусулмандарынын муфтийинин 1-орунбасары, 2001-жылдан «Ислам изилдөө борбору» фондунун директору болуп эмгектенген. ОшМУнун юридика факультетин бүтүргөн. 2002-жылдан бери Кыргызстан мусулмандарынын азирети муфтийи.

## ЖЭЭНБАЕВ Жолборс



1947-жылы 14-сентябрда Жал айылында туулган. 1966-жылы Кызылкыя шаарындагы медициналык окуу жайын, КММИни аяктаган. Эмгек жолун Ош шаардык оорукана-да катардагы хирург болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылы ОшМУнун медицина факультетинин биринчи деканы болгон. Бүгүнкү күндө Ош шаарынын башкы хирургу, ОшМУнун травматология, ортопедия, нейрохирургия, медицина кафедрасынын башчысы болуп иштеп жатат. «Мээ илими» боюнча КМШ өлкөлөрүнүн морфологдорунун Кыргызстандагы жалгыз мүчөсү. Эл аралык интегрантивдүү антропология академиясынын мүчө-корреспонденти, Нью-Йорк академиясынын мүчө-корреспонденти. Нейрохирургдардын түштүк региону боюнча координатору. ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин мүчөсү. Профессор, медицина илимдеринин доктору. 154 илимий макалалардын, 17 методикалык окуу куралдын, 2 монографиянын автору.

## ЗАИТОВ Токур



1953-жылы 31-январда Белорүк айылында туулган. Эмгек жолун айдоочу болуп иштөө менен баштаган. 1975-жылы милициянын Бишкектеги атайын мектебин, 1988-жылы милициянын Караганда шаарындагы жогорку мектебин бүтүргөн. 1977-жылы Ош шаардык ИИБнин кылмышкерлер менен иштөө бөлүмүнүн инспектору, 1980-жылы ИИБинин кылмышкерлерди иликтөө бөлүмчөсүнүн ага инспектору, 1985-жылы Баткен райондук ИИБсинин начальнигинин орунбасары, 1988-жылы Ноокат райондук ИИБсинин участкалык инспектору, улук оперуполномочен, 1990-жылы Ош областтык ИИБсинин кылмышкерлерди иликтөө бөлүмүнүн начальниги, Ош шаардык ИИБсинин начальнигинин орунбасары болуп эмгектенген. Республикада биринчи жолу курамында 760 кызматкер, анын ичинен 54 офицерден турган милициянын күзөт полку уюштурулуп, ошонун биринчи командири болгон. 1995-жылдан 1997-жылга чейин Өзгөн райондук ИИБсинин начальниги, 1998-жылы Жалалабат областтык ИИБнин коомдук тартипти сактоо бөлүмүнүн начальниги, Ош — Жалалабат — Баткен областтары боюнча контрабандага каршы күрөшүү башкармалыгынын начальнигинин орунбасары Ноокат райондук ИИБсинин начальнигинин орунбасары болуп эмгектенген. Милициянын полковниги. Милициянын отличниги, «Манас — 1000» медалы, милициянын 70 жылдык юбилейлик медалы, СССРдин куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдыгында юбилейлик медалы менен сыйланган.





## ЗАКИРОВ Кадырали Ысманович



1965-жылы 21-сентябрда Кайрагач айылында туулган. 1982-жылы Кыргызатадагы Киров атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1989-жылы КМУну аяктаган. Эмгек жолун Кыргызстан өнөр жай курулуш банкында иштөө менен баштаган. 1994-жылы Өнөр жай курулуш банкынын Карасуу райондук бөлүмүн жетектеген. 2000-жылдан бери Өнөр жай курулуш банкынын Кадамжай райондук бөлүмүнүн башкаруучусу болуп иштеп келе жатат.

## ЗУЛПИЕВ Абдивап Момунович



1958-жылы 12-мартта Көкжар айылында туулган. 1975-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1978-жылы ФПИнин Оштогу кечки факультетинде окуу менен бирге шаардык аткаруу комитетинин жашоо-эксплуатациялык конторасында техник болуп иштеген.

1984-жылы жогоруда аталган окуу жайын аяктаган соң, ушул эле окуу жайдын Курулуш өнөр жайы кафедрасында окутуучу, 1988-жылы Москвадагы В. В. Куйбышев атындагы инженердик-курулуш институтунда окутуучу, 1991-жылдан 1996-жылга чейин Ош жогорку техникалык колледжинде ага окутуучу, доцент, Инженердик факультетинин деканынын орунбасары болуп эмгектенген. 1994-жылы ОшТУнун профсоюз комитетинин төрагалыгына шайланган. 1996-жылдан тартып, Ош областтык эмгек жана калкты иш менен камсыз кылуу башкармасынын начальниги, 1997-жылдан Кыргыз Республикасынын эмгек жана социалдык жактан коргоо министрли-

гинде бөлүм начальнигинин орунбасары, 1997-жылдан 2002-жылга дейре Ош областтык мамлекеттик пособиелерди эсептөө жана төлөө борборунун начальниги кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери БАТМУнун Кызылкыядагы технология, экономика жана укук институтунун (КИТЭП БатМУ) директору болуп иштеп келе жатат. 20дан ашык илимий жана илимий методикалык эмгектердин автору. Ош областтык кеңештин депутаты.

## ЗУЛПУЕВА
## Анипа Мейраждиновна



1966-жылы 26-майда Көкжар айылында туулган. 1983-жылы Лейлек районундагы Исфана айылындагы Ю. Гагарин атындагы орто мектепти аяктаган. 1988-жылы КМУну аяктаган. Эмгек жолун Түштүк кыргыз окуу-илимий борборундагы экономикалык изилдөөлөр лабораториясында инженер-экономист болуп иштөө менен баштаган. 1991-жылы ОшТУда окутуучу болуп эмгектенген. 1995-жылдан ОшТУнун аспирантурасында окуган. 2000-жылдан бери ОшТУда финансы жана кредит кафедрасынын башчысы жана доценти болуп иштеп келе жатат. Экономика илимдеринин кандидаты. 10 илимий макалалардын жана 8 окуу методикалык колдонмолордун автору. Финансы-экономикалык факультетинин илимий советинин жана ОшТУнун методикалык советинин мүчөсү.





## ЗУЛПУЕВ
## Таалайбек Сабирович



1967-жылы 12-декабрда Айбек айылында туулган. 1989-жылы Скрябин атындагы айыл чарба институтунун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Россия колхозунда бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. Кашкалдак колхозунда башкы экономист, башкы бухгалтер, 1995-жылы Ош областтык финансы инспекциясында улук инспектор болуп эмгектенген. 1996-жылдан Ноокат райондук финансы инспекциясында начальник, 2000-жылы эсептөө палатасында башкы инспектор кызматтарын аркалаган. 2003-жылдан бери Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин алдындагы ички аудит кызматынын Ош — Жалалабат — Баткен областтары боюнча начальниги болуп иштеп келе жатат.

## ИБРАИМОВ Садир



1952-жылы 18-июнда Биринчи Май айылында туулган. 1975-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун Фрунзе (азыркы Кадамжай) райондук айыл чарба башкармалыгында башкы инженер болуп иштөө менен баштаган. 1976 – 1984-жылдары Фрунзе районунда башкы архитектор, андан соң Фрунзе МСОдо мастер, начальник, 1986-жылдан 1990-жылга чейин партиянын Фрунзе райкомунун уюштуруу бөлүмүндө инструктор, 1990-жылдан 1999-жылга дейре Кадамжай шахта курулуш башкармалыгынын директору кызматтарын аркалган.

1999-жылдан бери Баткен областтык мамлекеттик мүлк фондусунун начальниги болуп иштеп келе жатат. Посёлкалык, райондук кеңештерге депутат болуп шайланган.

## ИСАБАЕВ
## Мамадияр Исламович



1952-жылы 15-апрелде Алике айылында туулган. 1969-жылы Ч. Түлөбердиев атындагы орто мектепти аяктаган. 1977-жылы Жалалабат шаарындагы А. С. Пушкин атындагы педагогикалык окуу жайын бүтүргөн. Эмгек жолун Көкжар мектебинде мугалим болуп иштөөдөн баштаган. 1974-жылы КМУнун юридика факультетин аяктаган. 1979-жылы Кыргыз ССРинин юстиция министрлигинде консультант, 1980-жылдан Ош областтык сотунда судья, 1983-жылы Ташкөмүр шаардык сотунун төрагасы, 1987-жылдан Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунда судья, 1991-жылы Жалалабат областтык сотунун төрагасы болуп эмгектенген. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун төрагасы болуп шайланган. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Конституциялык сотунда бөлүм башчы болуп иштеп жатат. Кыргыз Республикасына эмгек сиңирген юрист.

## ИСАКОВ
## Алымкул Дооронович



1960-жылы 20-апрелде Күнгөйкожоке айылында туулган. 1977-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин аяктаган. 1977-жылы Ташкенттеги театралдык институтта билим алган. 1981-жылы Алматы театралдык институтун бүтүргөн. 1981-жылдан бери Ош кыргыз драма театрында актёр болуп иштеп келе жатат. Чыгармачылык жолунда 49 образды жаратып, анын ичинен 14 башкы ролду ойногон.





## ИСАКОВ
## Каныбек Абдиваситович



1969-жылы 4-июнда Кызылтейит айылында туулган. 1986-жылы ВЛКСМ орто мектебин бүтүргөн. 1988-жылы ОшМУну аяктаган. Эмгек жолун 1993-жылы ОшМУнун кыргыз тили илими кафедрасынын окутуучусу болуп баштаган. 1995-жылдары «Нур» газетасынын редактору, 1997-жылы кыргыз филологиясы факультетинде декандын орунбасары болуп эмгектенген. 1998-жылдан ОшМУда коомдук жана тарбиялык иштер боюнча проректор, андан кийин мамлекеттик тил иштери боюнча иштей баштаган. Филология илимдеринин кандидаты. ОшМУнун «Үмүт» телевидениесин, «Заман», «Азия Ош» эстрада топторун негиздеген. Областтык журналисттердин «Алтын калем» сыйлыгынын лауреаты. 20 илимий макалалардын жана окуу усулдук эмгектердин автору. Учурда Ош гуманитардык-педагогикалык институтунун ректору.

## ИСМАНОВ
## Кубанычбек Молдоевич



1956-жылы 25-февралда Жаркоргон айылында туулган. 1973-жылы Киров атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун ПАРУда слесарь болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин Ош областтык мамлекеттик коопсуздук комитетинде (КГБ) дежур-



8 — 326

дун жардамчысы болуп кызматка орношкон. ОшПИнин филология факультетин, 1987-жылы Горький шаарындагы КГБнын жогорку курсун аяктаган. КГБнын Алай райондук, Базаркоргон райондук бөлүмдөрүндө опер, улук опер болуп эмгектенген. Аскердик чалгындоо башкармалыгында улук опер, Улуттук коопсуздук комитетинин Бишкек шаардык башкармалыгында начальниктин жардамчысы, бөлүм начальниги, 1997-жылдан баштап, 2000-жылга чейин УККнын өзгөчө бөлүмдүн (особый отдел) Түштүк региону боюнча начальниги, «Альфа» группасынын башкармалыгынын начальник орунбасары кызматтарын аркалаган. 2000-жылдан 2005-жылга чейин улуттук коопсуздук кызматынын Баткен областтык башкармалыгынын начальниги. 2006-жылдан бери Чүй областтык башкарма начальниги болуп эмгектенип келе жатат.

Коопсуздук кызматынын полковниги. КГБнын юбилейлик медалы менен сыйланган.

## ИСМАНОВ Марс Молдоевич



1962-жылы 21-ноябрда Жаркоргон айылында туулган. 1980-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн. Карагандыдагы милициянын жогорку мектебин аяктаган. ОБХССте оперуполномочен, Ош областтык ички иштер башкармалыгында, Ош ШИИБде тергөөчү болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Аксы райондук сотунун төрагасынын орунбасары болуп иштеген. Юстициянын II класстагы кеңешчиси.

2007-ж. 27 декабрында Президентинин Указы менен Ноокат райондук судьялыкка дайындалган.





## ИМЕТОВ Букарбай



1951-жылы 5-январда Акбулак айылында туулган. Эмгек жолун Тельман колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1976-жылы ОшПИни аяктап, аталган окуу жайдын музыка факультетинде лаборант, ага лаборант, даярдоо бөлүмүнүн окутуучусу, музыкалык тарбиялоонун усулу жана теориялык сабактар кафедрасынын окутуучусу, ага окутуучу, кафедра башчысы, 1994-жылы ОшМУнун тарбия иштери боюнча проректору, 1997-жылы квалификацияны жогорулатуу жана адистерди кайра даярдоо институтунун бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган. 1998-жылдан бери аталган институттун директору, ОшМУнун профсоюз комитетинин төрагасы болуп иштеп келе жатат. 20дан ашуун илимий макалалардын, окуу программалардын автору. ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин мүчөсү. Билим берүү жана маданият министрлигинин Ардак грамотасынын, республикалык профсоюздар федерациясынын Ардак грамотасынын, «Манас — 1000» медалынын ээси. Педагогика илимдеринин кандидаты, доцент.

## КАДЫРОВА Анара



1953-жылдын 20-апрелинде Күнгөйкөжоке айылында туулган. 1974-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Токтогул районундагы Карл Маркс орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1980-жылы ОшМУда окутуучу, мугалимдердин билимин өркүндөтүү жана квалификациясын жогорулатуу институтунда лектор, 1998-жылы ЖАМУда доцент, аталган университетте мугалимдердин билимин өркүндөтүү жана ква-

лификациясын жогорулатуу институтунда лектор болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери ЖАМУнун филология факультетинин деканы болуп иштеп келе жатат. Ондон ашык илимий эмгектердин жана кырктан ашуун илимий макалалардын автору. Кыргыз Республикасынын билим берүү жана маданият министрлигинин Ардак грамоталарынын ээси. Кыргыз Республикасынын элге билим берүүсүнүн отличниги.

## *КАДЫРОВ Мэлс Шамшиевич*



1958-жылы 14-мартта Фрунзе шаарында туулган. 1975-жылы Кызылкыя шаарындагы № 6 Т. Сатылганов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1981-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Оштогу пахтадан кездеме токуу бирикмесинде экономист болуп иштөө менен баштаган. 1984-жылдан 1988-жылга чейин Көкжар совхозунун экономисти, Кызылкыя шаарындагы автомобилдерди техникалык жактан тейлөө станциясынын бухгалтери, 1988 – 1992-жылдары Кызылкыя шаарындагы нан заводунун директору, 1992-жылы Ноокат райондук «ОРПК» директору, 1993-жылы Кызылкыя шаардык мамадминистрациясында инструктор, 1994-жылдан 1998-жылга дейре Кызылкыядагы «Горкоопторг» ишканасынын директору болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Кызылкыя шаардык байланыш түйүнүнүн начальниги болуп иштеп жатат.





## *КАЛДАРОВ Эсенбай*



1951-жылы 23-августта Көкбел айылында туулган. Эмгек жолун 1968-жылы Ош областтык басмаканада басуучу болуп иштөө менен баштаган. 1970-жылы КМУну аяктаган. 1970-жылы «Ленинчил жаш» гезитинде кабарчы, 1979-жылы «Советтик Кыргызстан» гезитинде кабарчы, 1991-жылы «Эне тил» гезитинин башкы редактору, 1993-жылы «Кыргыз Туусу» гезитинин башкы редакторунун орунбасары, 1994-жылдан Кыргыз телекөрсөтүүсүнүн башкы редактору, «КТР-ОБО» гезитинин башкы редактору, 1999-жылдан «Кыргыз Туусу» гезитинде башкы редактордун орунбасары болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери «Эркин Тоо» гезитинин башкы редактору болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Кыргызстан Журналисттер союзунун эки жолку лауреаты. 1992-жылы КМШ өлкөлөрүнүн журналисттеринин конфедерациясынын лауреаттык жогорку наамын жаңип алган.

## *КАМАЛОВ Абдимитал*



1940-жылы 4-майда Кожоке айылында туулган. 1964-жылы КМУнун филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун кыргыз тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен баштаган. Андан соң Ноокат райондук «Колхозчу» гезитинде адабий кызматкер, 1966-жылдан 1972-жылга чейин Ош областтык «Ленин жолу» газетасында адабий кызматкер болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө «Ош – 3000» мамлекеттик телерадиокомпаниясында редактор болуп иштеп жатат.

СССР жазуучулар союзунун, Кыргызстан Журналисттер, Жазуучулар Союзунун мүчөсү.

## КАМЧИЕВ Жамбылбек



1954-жылдын 10-январында Жаркоргон айылында туулган. Ош мамлекеттик педагогикалык институтун 1981-жылы аяктаган. 1982-жылдан бери маданият тармагында эмгектенет. 1992-жылы «Супер куудул» конкурсунда 2-орунду ээлеген. Бүгүнкү күндө «Аралаш» тамаша театрын жетектейт.

## КАМЧЫБЕКОВ Калмат



1950-жылы 5-декабрда Абшырата айылында туулган. 1965-жылы азыркы Т. Бекиев атындагы орто мектебинин 8-классын бүтүргөн. Ош шаарындагы № 12 кесипчилик окуу жайынан окуган. Эмгек жолун Оштогу СМУ – 1де калыптоочу болуп иштөө менен баштаган. 1973-жылы дене тарбия институтун аяктаган. 1973-жылдан бери Оштогу № 2-балдардын спорт мектебинде греко-рим күрөшү боюнча машыктыруучу болуп иштеп келе жатат. Кыргыз улуттук күрөшү жана греко-рим күрөшү боюнча Кыргыз Республикасынын 8 жолку чемпиону. 1973-жылы греко-рим күрөшү боюнча бүткүлсоюздук мелдештерде 1 – 2-орундарды ээлеген. СССРдин жана Кыргыз ССРинин спорт чебери. Отуздан ашуун спорт чеберлерин даярдап чыгарган. Түштүк Кыргызстандын тарыхында биринчи болуп Кыргыз ССРинин эмгек сиңирген машыктыруучусу деген наамга жетишкен. Эл агартуунун, Спорт жана туризм боюнча мамлекеттик комиссиянын, облысттык, шаардык мамлекеттик администрациялардын Ардак грамоталары жана Президеттин Ардак грамотасы менен сыйланган.Ош шаарындагы «Тимур» соода борборунун негиздөөчүсү. Ош шаарына 2000-жылы «Тимур» спорт комплексин куруп, ошол мезгилден бери мектеп окуучуларын акысыз машыктырып келет.





## КАМЧЫБЕКОВ Тимур Калматович



1977-жылы 6-октябрда туулган. 1992-жылы № 38 Барпы атындагы орто мектебин, 1995-жылы Оштогу айыл чарба техникумун аяктаган. 1996-жылдан бери Оштогу «Тимур» соода борборунун президенти болуп иштеп келе жатат. Күрөш боюнча кыргыз спортунун чебери. 1996-жылы Борбордук Азиянын, Кыргыз Республикасынын 1-спартакиадасында, андан сырткары облысттык, республикалык, эл аралык мелдештерде абсолюттук жеңишке жетишкен. 1997 – 99-жылдары Ноокат, Баткен, Кадамжай, Ош, Майлысай, Шамалдысай, Кызылкыя шаарларында болгон эстафеталык күрөштөрдө абсолюттук чемпион болуп, көптөгөн байгелүү орундардын ээси болгон.

## КАРАТАЕВ Анварбек Токтоматович



1955-жылы 18-майда Жал айылында туулган. 1978-жылы ФПИни бүтүргөн. 1991-жылы ОшТУнун «Колдонмо механика» кафедрасынын кафедра башчысы болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери инженердик-технологиялык факультеттин деканы болуп иштеп келе жатат. ОшТУнун инженердик-технолоиялык факультетинин илимий сове-

тинин мүчөсү. 18 илимий макалалардын, тезистердин жана 12 методикалык эмгектердин автору. Техника илимдеринин кандидаты.

## КАРИМОВ
## Тариэл Келдибекович



1967-жылы 2-декабрда Кыргызата айылында туулган. 1985-жылы С. М. Киров атындагы орто мектебин бүтүргөн. КММИни, КМУнун юридика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Бишкек шаарындагы № 3 Балдар клиникасында хирург болуп иштөө менен баштаган. Бүгүнкү күндө «Грандел» фирмасынын генералдык директору болуп иштеп жатат.

## КАРМЫШАКОВ
## Маматаир Мадумарович



1960-жылы 10-августта Кожоке айылында туулган. КМУну аяктаган. Эмгек жолун музыка сабагынан мугалим болуп иштөө менен баштаган. Ош шаарындагы педагогикалык окуу жайдын директорунун орунбасары, Кыргыз керек-жарак коомунда товаровед, склад башчысы, 1996-жылы Ош облаcттык юстиция башкармалыгыда мамлекеттик каттоо бөлүмүнүн башчысы, Ош облаcттык юстиция башкармасынын начальнигинин орунбасары болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ош шаардык юстиция башкармасынын начальниги болуп иштеп жатат. Юстициянын III класстагы кеңешчиси.





## Карагозуева
## Гүлзада Женишбековна



1968-жылы 5-июлда Ноокат районундагы Ломоносов айылында туулган. Ошол эле айылдагы «Жусуп Турусбеков» атындагы орто мектебин аяктаган. 1985-1990-жылдары В. В. Маяковский атындагы ККПИнун физика-математикалык факультетин аяктап, 1993-жылга чейин айыл мектептеринде мугалим болуп иштеген. 1994-жылы Бишкек шаарындагы № 71 орто мектепте иштеп. 1995-1997-жылы аспирантурада окуп. КМПУнин педагогика жана психология кафедрасында окутуучу болуп иштеген. 2004-2006-жылы КМУнин алдындагы кайра даярдоо жана билимин жогорулатуу институттун алдындагы магистратура билимин окуп. 2006-2008-жылы ушул эле окуу жайдын психология билимин аяктаган. И. Арабаев атындагы КМУнин алдындагы КЖ жана ККДИнун мугалими болуп иштеп келген.

2005-жылдан тартып учурда КББАда ага окутуучу катары илимий иш аткарып келатат жана төмөндөгүдөй эмгектерди жаратты; 20 статья жана методикалык эмгектер: «Педагогика», (авторлош), (2001), «Ата-эне жана мектеп» (2006), «Адеп-ахлах» (2008), «Адептүүлүк тарбия» (2009). И. Арабаев атындагы КМУнин жана КББАнын, Билим берүү министрлигинин ардак грамоталарына, «Эл агартуунун отличниги» деген наамга ээ.

## КАРМЫШАКОВ Орозбай



1944-жыл 28-сентябрда Ноокат районун өрнөк айылында туулган. 1971-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинен математика мугалимдик кесипти алган. 1971-1972-жылдары Политехникалык институтунда кенже илимий кызматкери болуп иштей баштаган.

1980-жылы инженер программист. 1982-жылы жетектоочу адис, 2000-жылы Информатика институтунда жетектоочу илимий кызматкер, 2008-жылдан бери Кыргыз билим берүү академиясында бөлүм башчы болуп эмгектенүүдө.

### КАСЫМБАЕВ
### Бактыбек Адашевич



1967-жылы Байыш айылында туулган. 1985-жылы Байыш орто мектебин бүтүргөн. 1992-жылы ОшМУну аяктаган. Эмгек жолун ОшТУнун сызма геометрия кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1998-жылы ОшМУнун математика жана информатиканы окутуунун методикасы кафедрасында иштеген. Азыркы учурда ОшМУнун физика-математика жана информатика факультетинде декандын орунбасары жана математика-информатиканы окутуунун методикасы кафедрасынын доценти болуп иштейт. Педагогика илимдеринин кандидаты.

### КОЙЧУКУЛОВ
### Маматкарим Мамырович



1964-жылы 10-июлда Эскиноокат айылында туулган. 1986-жылы Карагандыдагы милициянын Жогорку мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун 1986-жылы Карасуу РИИБде кылмыш иликтөө бөлүмчөсүндө оперуполномочен болуп иштөө менен баштаган. 1987 – 1990-жылдары Ноокат РИИБде кылмыш иликтөө бөлүмүндө, 1990 – 1997-жылдары Ош ШИИБде, 1997 – 2000-жылдары Карасуу РИИБде начальниктин орунбасары, 2000 – 2002-





жылдарга чейин Ош облИИБде тергөө бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары болуп эмгектенген. Милициянын подполковниги. Бүгүнкү күндө Ош шаарындагы эс алуу үйүндө директор болуп иштеп жатат. ИИМдин, облИИБнин Ардак грамоталары, Кыргыз милициясынын 75 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган. «2001-жылдын мыкты тергөөчүсү» деген наамдын ээси.

### КОЖОНОВ
### Талантбек Акунович



1966-жылы 17-январда Эскиноокат айылында туулган. 1983-жылы Оштогу № 17 орто мектебин бүтүргөн. КМУнун, ММУнун юридика факультеттерин аяктаган. Эмгек жолун 1989-жылы Карасуу райпрокуратурасында иштөө менен баштаган. 1990-жылы Ош шаардык прокуратурасында ага тергөөчү, 1993 – 1996-жылдары Ош облласттык прокуратурасында тергөөчү, 1996-жылдан Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын өзгөчө маанилүү иштер боюнча бөлүм начальнигинин орунбасары 2003-жылдан бери Кызылкыя шаарынын прокурору болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ош шаарынын прокурору болуп иштеп жатат. Юстициянын II класстагы кеңешчиси.

### КУДАЙБЕРДИЕВ
### Камилжан Мурзакаримович



1944-жылы 9-майда Жал айылында туулган. Эмгек жолун Правда колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1968-жылы КМУнун экономика факультетин аяктап, Кадамжай (мурунку Фрунзе)

районундагы Калинин колхозунда экономист болуп иштеген. 1970-жылы комсомолдун Ош обкомунун инструктору, бөлүм башчысы, 1974 – 1980-жылдары айыл чарба кызматкерлеринин профсоюздарынын Ош областтык комитетинин секретары, 1980-жылдан 1990-жылга чейин тамак-аш, өнөр жай кызматкерлеринин профсоюздарынын Ош областтык комитетинин төрагасы, өнөр жай кызматкерлеринин профсоюздарынын областтык комитетинин төрагасынын орунбасары, 1990-жылдан Профсоюздардын Ош областтык советинин төрагасы, 1997-жылдан 1999-жылга дейре областтык элди иш менен камсыз кылуу башкармалыгынын начальниги болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Ош шаардык элди иш менен камсыз кылуу башкармалыгынын начальниги болуп иштеп келе жатат. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

## КУДАЙБЕРДИЕВ
## Абибилла Алымович



1962-жылы 1-июнда Кожоке айылында туулган. 1979-жылы Ломоносов атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1983-жылы Алматыдагы И. С. Конев атындагы Жогорку жалпы аскердик окуу жайын аяктаган. Андан соң аталган окуу жайдын жолдомосу менен Хабаровск шаарындагы Ыраакы Чыгыш аскер округуна келген. 1983-жылы взводдун командири, ротанын командири, батальондун командиринин орунбасары. 1990-жылы Германиядагы батыш аскер группасында аскер кызматтарын өтөгөн. 1994-жылы Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинде бөлүм начальнигинин орунбасары болуп дайындалган. Андан соң бөлүмдүн начальниги, башкармалыктын начальнигинин орунбасары, башкармалыктын начальниги кызматтарын аркалаган. Россия федерациясынын аскер күчтөрүнүн Москва шаарындагы Фрунзе атындагы жалпы аскердик академиясында билимин өркүндөткөн. «Эрдик» медалы, III даражадагы «Манас» ордени менен сыйланган. Аскер кызматынын полковниги.





## КУЛМАТОВ
## Абдиллпатта Калмурзаевич.



1959-жылы 26-мартта Ош облусунун Ноокат районуна караштуу Жал айылында туулган. 1987-жылы СССРдин ИИМ ФМАОМсын, 1992-жылы ФПИ бүтүрүп, инженер-механик кесибине ээ болгон.

Өзүнүн эмгек жолун 1976-жылы Жал совхозунда жумушчу болуп баштаган, 1978-1980-жылдары Советтик армияда кызмат өтөгөн, 1981 – 2002-жылдары ИИМ де ар кандай кызматтарда эмгектенген.

2002-жылдан бери Кызыл-Кыя шаарындагы КР ИИМнин «Динамо» тигүү фабрикасынын директору болуп иштейт.

Республиканын жеңил өнөр жай тармагында жана Ички Иштер Министрлигинде көрсөткөн үзүрлүү эмгеги үчүн «Кыргыз милициясына 80 жыл», III-II даражадагы «Азамат», «Ардак» жана «Кадырман» медалдары менен, ошондой эле ИИМдин КР Социалдык фондунун жана Кыргыз Республикасынын «Ардак Грамоталары» менен сыйланган.

## КУПУЕВ Пирмат

1942-жылы 15-мартта Кыргызата айылында туулган. 1959-жылы Горький атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун 1959-жылы Москва шаарындагы станкостроительный заводдо слесарь болуп иштөө менен баштаган. 1965-жылы Москвадагы станкоинструментальный институтту аяктагандан кийин Фрунзе шаарындагы Ленин атындагы машина куруу заводунда

инженер-технолог, улук инженер-технолог, мастер, смендин начальниги, 1969-жылы КМУда окутуучу, ага окутуучу, доцент, профессор, кафедра башчысы, декандын орунбасары, декан кызматтарын аркалаган. 1991-жылы ОшТУнун ректору, Ош областынын администрация башчысынын кеңешчиси, 1994-жылы КРУИАсынын коомдук илимдер институтунун Түштүк бөлүмүнүн директору болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери ОшМУнун укук экономика жана башкаруу институтунда директор болуп иштеп келе жатат. Ош областтык советине депутат болуп шайланган. СССР Жогорку мектебинин отличниги. Экономика илиминин доктору, профессор. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын мүчө-корреспонденти. Кыргыз Республикасынын инженердик академиясынын академиги.

## КУШБЕКОВ
## Азим Мансурович



1958-жылы 1-августта Көкжар айылында туулган. 1965 – 73-жылдары Токтогул атындагы мектеп-интернатында, 1975 – 76-жылдары Кызылкыя шаарындагы № 2 кесиптик техникалык окуу жайында, 1976 – 79-жылдары Душанбе шаарындагы индустриялык-педагогикалык техникумда окуган. Эмгек жолун № 70 КТОЖдо өндүрүштүк устат болуп иштөө менен баштаган 1980 – 84-жылдары Хайдаркан сымап комбинатынын Улутоо шахтасында жумушчу, бригадир, мастер болуп иштеген. 1987-жылы КМУну аяктаган. № 70 КТОЖдо өндүрүш устаты, мугалим, 1992 – 98-жылдары окуу-тарбия, окуу өндүрүшү боюнча директордун орунбасары, 1999-жылдан 2003-жылга чейин директор болуп эмгектенген.

2003-жылдан бери Н. Мусаев атындагы № 8 кесипчилик лицейинде директор болуп иштеп келе жатат.





## МАДУМАРОВА
## Зияда Садыковна



1948-жылы Алай районунда туулган. 1970-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ош облаткомунун соода башкармасында товаровед болуп иштөө менен баштаган. Андан соң башкармалыктын начальнигинин орунбасары, «Ошкоопторг» ишканасынын директорунун орунбасары, «Ошдүңсоода» Акционердик Коомунун башкармалыгынын төрайымы болуп эмгектенген, 1993-жылдан бери «Ошдүңсоода» Акционердик Коомунун директору болуп иштеп келе жатат. «Кужүрмен эмгеги үчүн», «Манас — 1000», «Ош — 3000» медалдары менен сыйланган.

## МАМАЮСУПОВ
## Өмүрзак Шеранович



1954-жылдын 4-январында Эскиноокат айылында туулган. 1973-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин артыкчылык диплому менен бүтүргөн. 1973 – 75-жылдары Ноокат районундагы мектептерге математика мугалими, 1975-жылы Улуттук илимдер академиясынын математика институтунда илимий кызматкер, 1979 – 1984-жылдары Новосибирск мамлекеттик университетинин аспиранты, 1985-жылы кандидаттык диссертациясын коргогон. 1995-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин мыйзам чыгаруу жыйынына депутат болуп шайланган. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы дин иштери боюнча мамкомиссиянын төрагасы болуп иштеп жатат. III класстагы мамлекеттик кеңешчи. «Манас — 1000», «Ош — 3000»,

«Даңк» медалдары менен сыйланган. 4 методологиялык, жарыяланган 20 илимий эмгектердин автору.

## МАМАЮСУПОВ
## Макамбай Шеранович



1955-жылы 5-январда Эскиноокат айылында туулган. 1971-жылы Калинин атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1976-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. 1976 – 1978-жылдары Жалалабат облусундагы Калинин орто мектебинде мугалим, 1978-жылдан 1993-жылга чейин азыркы ОшПИде окутуучу, матанализ кафедрасынын улук окутуучусу, физика-математика факультетинин деканынын орунбасары, университеттеги студенттик профкомдун төрагасы болуп иштеген.

1993-жылы «Мударис» ОсООсун түзгөн жана түрк ишкерлери менен биргикте түрк лицейлерин ачууга катышкан. 1994-жылы Ош, Жалалабат шаарларындагы түрк фирмаларынын ярмарка-соодасын уюштурган. «ТЭИС» (түрк элдеринин иш соода борбору) биргелешкен ишканасынын учредители болгон. 1998 – 2002-жылдары «Ош — 3000» МТРКнын башкы директорунун биринчи орунбасары болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө ОшМУнун «Фундаменталдык дисциплиналар жана коммуникациялык технологиялар» кафедрасынын башчысы болуп иштеп жатат.

Физика-математика илимдеринин кандидаты. Жыйырмадан ашык илимий макалалардын жана бир монографиянын автору.





## МАРИПОВ Арапбай

1939-жылы Кыргызата айылында туулган. 1960-жылы КМУнун физика-математикалык факультетин бүтүрүп, ошол эле жылы Москвадагы М. В. Ломоносов атындагы университеттин физика факультетинде билимин өркүндөткөн. Эмгек жолун 1964-жылы Кыргыз илимдер академиясында кенже илимий кызматкер болуп иштөө менен баштаган. 1970 – 72-жылдары ФПИнин ага окутуучусу, 1972-жылдан 1991-жылга чейин физика кафедрасынын башчысы, доценти, 1991 – 95-жылдары Оштогу жогорку технологиялык колледждин физика кафедрасынын башчысы, илимдер академиясынын Жаңы технологиялар институтунун директору, 1995 – 2000-жылдары И. Раззаков атындагы КТУнун профессору кызматтарын аркалаган. 2000-жылдан бери КТУнун прикладдык физика кафедрасыны башчысы болуп иштеп келе жатат. 25тен ашуун илимий макалалардын автору. 4 патенттин жана 4 автордук күбөлүктүн (СССРдин) ээси. Бир монография, физика боюнча 4 окуу куралын жазган. Жалпы басылган эмгектеринин саны 80ден ашык. Негизги илимий эмгектери англис тилинде басылган. Физика-математика илимдеринин доктору. Профессор, Нью-Йорк илимдер академиясынын академиги, Эл аралык Оптика инженерлер коомунун (SPIE) анык мүчөсү, SPIEнин голография тобунун мүчөсү, СССРдин Жогорку билим берүүсүнүн отличниги, Эл агартуунун отличниги.

## МАРИПОВ Асамидин



1948-жылы Кыргызата айылында туулган. 1965-жылы К. Маркс атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1972-жылы Фрунзе шаарындагы Мамлекеттик медициналык институтун аяктаган. Эмгек жолун 1972-жылы Ноокат райондук борборлоштурулган ооруканасында врач-хирург болуп иштөө менен баштаган. 1975-жылдан 1988-жылга чейин



9 — 326

райондук ооруканын хирургия бөлүмүнүн башчысы, 1988-жылдан 2005-жылга чейин райондук борборлоштурулган ооруканын башкы дарыгери болуп эмгектеген. 2000-жылы Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөр жыйынынын депутаты болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин үчүнчү чакырылыштагы депутаты.

«Эмгектеги артыкчылык» медалы, «СССРдин Саламаттыкты сактоонун отличниги», «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген дарыгери». Бир нече жолу айылдык, райондук жана облустук кеңештерге депутат болгон. Азыр убакта райондук администрациясынын орун басары.

## МАРАШ-ОГЛЫ
## Шукри Вазирович



1954-жылы 7-апрелде Жаңыноокат айылында туулган. 1972-жылы Пушкин атындагы орто мектепти бүтүргөн. ОшПИнин чет тилдер факультетин 1977-жылы аяктаган. Эмгек жолун Ош облисттык комсомол комитетинде иштөө менен баштаган. 1979-жылдан бери ОшПИнин чет тилдер факультетинин окутуучусу, доцент, декан болуп иштеп келе жатат. 1982 – 84-жылдары Санкт-Петербург университетинин филология факультетинин угуучусу болгон. 20 илимий макалалардын жана жалпы тил илими боюнча 2 колдонмо китептин автору. Филология илимдеринин кандидаты, доцент. Эл агартуунун отличниги. Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган.





## МАТИСАКОВ
## Абдиламит Мурзаевич



1956-жылы 14-мартта Күңгөйкожоке айылында туулган. 1979-жылы КМУнун журналистика бөлүмүн аяктаган. Эмгек жолун «Ленинчил жаш» гезитинде корректор болуп иштөө менен баштаган, Кабарчы, улук кабарчы, бөлүм башчы, жооптуу катчы болуп 1987-жылга чейин иштеген. 1987-жылдан 1991-жылга чейин «Советтик Кыргызстан» гезитинде бөлүм башчы, 1991 – 92-жылдары Журналисттер Союзунун төрагасынын биринчи орунбасары, 1992-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин басма сөз кызматында бөлүм башчы, 1993 – 94-жылдары «Советтик Кыргызстан» гезитинин башкы редактору, 1994-жылдан 1996-жылга чейин Кыргыз мамлекеттик телерадиокорпорациясынын президенти, андан соң Президенттик администрациянын мамлекеттик кызмат бөлүмүнүн башчысы, 1996-жылдан бери «Кыргыз Туусу» гезитинин башкы редактору болуп эмгектенген. СССР Журналисттер Союзунун мүчөсү, эл аралык «Руханият» ассоциациясынын лауреаты. Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, «Даңк» медалынын ээси. Азыр Ж. Баласагын атындагы улуттук университетте профессор болуп эмгектенет.

## МЕНДИБАЕВ
## Кочкор Төлөнович



1956-жылы 16-майда Эскиноокат айылында туулган. 1973-жылы Калинин атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1979-жылы КММИнин дарылоо факультетин аяктаган. Эмгек жолун Фрунзе шаарындагы № 1-шаардык ооруканада иштөө менен баштаган. 1980-

жылы Фрунзе шаарындагы клиникалык ооруканасында врач-нейротравматолог, республикалык клиникалык ооруканада нейрохирург, 1989-жылдан 1992-жылга чейин республикалык клиникалык ооруканада врач-нейрохирург, Жалалабат областтык ооруканасынын нейрохирургия бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Кыргыз Республикасынын Саламаттыкты сактоо министрлигинин нейрохирургиялык клиникасында 1998-жылга чейин врач болуп иштеген. 1999-жылдан бери Саламаттыкты сактоо министрлигинин нейрохирургиялык клиникасынын № 2-бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Медицина илимдеринин кандидаты.

## МОЙДУНОВ Сейдали



1947-жылы 25-январда Жал айылында туулган. 1976-жылы КМУнун юридика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун юридика бөлүмүндө улук консультант болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылдан 2002-жылга чейин Ош областтык прокуратурада бөлүм прокурору, бөлүм башчы, областтык прокурордун орунбасары, Араван районунун прокурору кызматтарын аркалаган. Бүгүнкү күндө Өзгөн район аралык прокуратуранын прокурору болуп иштеп жатат. Юстициянын I класстагы кеңешчиси.





## МУРАТОВ Абдыкерим Жаркынбаевич



1956-жылы Шаңкол айылында туулган. 1976-жылы ОшПИни бүткөн. Эмгек жолун Ломоносов, Свердлов атындагы орто мектептерде мугалим болуп иштөө менен баштаган. ОшПИде окутуучу, Кыргыз педагогика илим изилдөө институтунда илимий кызматкер, «Эне тили», «Ислам маданияты», «Zaman Кыргызстан» газеталарында башредактордун орунбасары болуп иштеген. «Ак чыйыр» деген аңгемелер жыйнагы, «Чыңгыз Айтматовдун «Кылым карытар бир күн» романын үйрөнүү», «Адабият — ыйман сабагы», «5 – 8-класстарга адабият теориясын окутуу», «Көркөм текстти жана адабият теориясын үйрөнүү» деген китептери чыккан. «Адабият терминдеринин түшүндүрмө сөздүгү», «Кыргыз адабияты: терминдердин түшүндүрмө сөздүгү» деген китептерге авторлош. Жалпы билим берүүчү мектептер үчүн «Кыргыз адабияты программасынын», 7- жана 11-класстар үчүн Кыргыз адабияты окуу китебинин авторлорунун бири. «Курманбек баатыр», «Ордолуу жыландар», «Алтын, алтын!», «Акыркы адам жапайынын арманы» деген повесттери мезгилдүү басма сөздөргө жарыяланган. Бүгүнкү күндө «Замандаш», «Билим. Илим. Маданият» журналынын башредактору, эл аралык «Zaman Кыргызстан» газетасында башредактордун орунбасары, Кыргыз Республикасынын Билим берүү академиясында улук илимий кызматкер болуп иштеп жатат. Педагогика илимдеринин кандидаты. Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги.

## МЫРЗАМАТОВ
## Рустамбек Мамырович



1955-жылы 25-апрелде Өсөр айылында туулган. 1972-жылы Россия орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ош шаарындагы «Ошстройтрестте» жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылы Фрунзедеги автожол техникумун аяктаган соң эмгек жолун Ош ШИИБде милиционер-мотоциклист болуп иштөө менен улаган. Ош шаараткомунун жол көзөмөлдөө бөлүмүндө инспектор, Ош шаардык ички иштер бөлүмүнүн МАИ бөлүмчөсүндө патрулдук жол кызматында мотовзводдун командири, Лейлек РИИБсинде мамлекеттик автоинспектор, Ташкөмүр ШИИБсинин кылмыш иликтөө бөлүмчөсүнүн оперуполномочени болуп эмгектенген. 1989-жылы Караганда шаарындагы Жогорку милиция мектебин аяктаган. 1991-жылы Ош облусттык ИИБде кылмышкерлерди издөө бөлүмүндө өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага оперуполномочен, аталган башкармалыктын наркобизнеске каршы күрөшүү бөлүмүндө ага оперуполномочен, 1992-жылы аталган бөлүмдө уюштуруу-методикалык оперативдүү иштер боюнча бөлүмүнүн начальниги, Ош облустук ИИБнин коопсуздук кызматында өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага оперуполномочен, 1993 – 97-жылдары Карасуу РИИБсинин начальнигинин орунбасары, 1997-жылдан 2000-жылга чейин начальниги, 2000-жылдан Баткен облустук ИИБнин начальнигинин орунбасары, ИИМдин өздүк коопсуздук кызматынын начальнигинин орунбасары, өздүк коопсуздук кызматынын түштүк аймагы боюнча бөлүмүнүн начальниги кызматтарын аркалаган. Ош шаардык ички иштер башкармалыгынын начальниги болуп иштеген. Милициянын полковниги. ИИМдин юбилейлик медалдары, ИИМдин, облустук ИИБнин Ардак грамоталары менен сыйланган.





## МЫРЗАМАТОВ
## Рысбек Мамырович



1962-жылы 10-мартта Өсөр айылында туулган. Ташкенттеги командирлерди даярдоочу Жогорку аскер окуу жайына тапшырган. 1983-жылдан баштап, Казакстан, Тажикстан, Россия, Түркмөнстандагы аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөгөн. Аскер кызматынын көбүн Тажикстан, Афганистанда өткөргөн. 1983 – 85-жылдары Түркмөнстандын Элатан шаарындагы аскерлерди даярдоо бөлүгүндө кызмат өтөп, жоокерлерди Афганистанга даярдаган. Өз кызмат жолунда взводдун командирлигинен баштап, бригада командиринин орунбасарлыгына чейинки кызмат тепкичтерин басып өткөн. Араван, Карасуу райондук аскер комиссариатында иштеген. 2002-жылдан бери Ош шаарынын аскер комиссары. Куралдуу күчтөрүнүн полковниги. Бир нече жолу СССРдин орден, медалдары, «Эрдик» жана юбилейлик медалдары, куралдуу күчтөрдүн грамоталары менен сыйланган.

## НИЗАМИЕВ
## Абдурашит Гумарович



1967-жылы 16-январда Лейлек районуна караштуу Сумбула айылында туулган. 1984-жылы Ноокат районундагы Ломоносов атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1993-жылы ОшМУнун география жана биология факультетин аяктаган. 1999-жылы Тажикстан Республикасынын илимдер академиясынын дүйнөлүк экономика жана эл аралык байланыштар институтунда кандидаттык диссертациясын коргогон. ОшТУда окутуучу, ага окутуучу, кафедра башчысы болуп

эмгектенген. Бүгүнкү күндө ОшМУнун география жана жаратылышты пайдалануу факультетинин деканы болуп иштеп жатат. Экономика илимдеринин кандидаты, доцент.

## ОСМОНАЛИЕВ
## Акылбек Шарипович



1964-жылы Жаңыбазар айылында туулган. Эмгек жолун 1981-жылы № 44 жылкы заводунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1988-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун бүтүргөн. Өз адистиги боюнча № 44 жылкы заводдо бир жыл иштеген соң, Ноокат райондук агроөнөр жай комплексинде башкы зоотехник кызматына которулуп 3 жыл иштеген. 1992-жылдан 1994-жылга чейин Ноокат райадминистрациясында, 1994-жылдан 1996-жылга чейин совхоздун директорунун орунбасары болуп иштөө менен дыйкан-чарбаны жетектеген. КМУнун юридика факультетин сырттан бүтүргөн. 1996-жылдан 1999-жылга чейин Жогорку Кеңештин Эл Өкүлдөр жыйынынын агрардык маселелер боюнча комитетте эксперт, 1999 – 2000-жылдары айыл чарба министрлигинин мал чарбачылыгы боюнча департаментинин начальниги, Жогорку Кеңештин Эл Өкүлдөр жыйынынын төрагасынын орунбасарынынын жардамчысы кызматтарын аркалаган. Андан соң Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратында жана Президенттик Администрациясында жооптуу кызматкер болгон. 2009-жылдын январь айынан ушул күнгө чейин КРнын Улуттук Статистика комитетинин төрагасынын орун басары болуп эмгектенип жатат. Мамлекеттик кызматтын I класстагы кеңешчиси.





## ӨМҮРЗАКОВ
## Анарбай Исакович



1956-жылы 19-июнда Кызылкыя шаарында туулган. Эмгек жолун 1974-жылы Көкжар совхозунда жумушчу болуп баштаган. 1982-жылы Алматыдагы эл чарба институтун аяктаган. Аяктаган соң Жамбыл областтык финансы башкармалыгында улук экономист болуп эмгектенген. 1982-жылдан 1986-жылга чейин Ош областтык финансы башкармалыгында улук экономист, 1986 – 87-жылдары Чаткал райондук финансы бөлүмүндө бюджеттик инспекция бөлүмчөсүнүн начальниги, 1990-жылы Ош областтык финансы башкармалыгынын бюджет бөлүмүнүн улук экономисти, 1990 – 96-жылдары Кызылкыя шаардык салык инспекциясынын начальниги, 1996 – 98-жылдары аталган салык инспекциясынын начальнигинин орунбасары, Ош областтык финансы башкармасынын начальнигинин орунбасары кызматтарын аркалаган. 1999-жылдан бери Баткен областтык финансы башкармалыгынын начальниги болуп иштеп келе жатат. Салык кызматынын II рангадагы кеңешчиси. Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин, коргоо министрлигинин, Баткен областтык мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Финансы-экономика тармактарынын отличниги.

## ӨСӨРОВ Эшполот



1951-жылы 20-майда Биринчи Май айылында туулган. 1973-жылы КМУнун экономикалык факультетин аяктаган. Эмгек жолун Салиева атындагы колхоздо экономист болуп иштөө менен баштаган. 1974-жылдан 1978-жылга чейин Ноокат райондук айыл чарба башкармасында улук экономист, 1978 –

1982-жылдары партиянын Ноокат райкомунда инструктор, партиялык комиссиянын төрагасы болуп эмгектенген. 1982-жылдан 1984-жылга дейре Ташкенттеги партиялык мектептин угуучусу. 1984-жылдан партиянын Ноокат райкомунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 1985 – 1992-жылдары Ноокат райондук элдик контролдун төрагасы, эл депутаттарынын Ноокат райондук кеңешинин төрагасынын орунбасары, Агропромбанктын райондук бөлүмүнүн башкармасы, 1993-жылдан 2003-жылга чейин Кыргыз Республикасынын Президенттик аппаратынын консультанттык эксперттик группанын башчысы, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аппаратынын айыл чарба бөлүмүнүн референти, Кыргыз Агрардык академиясынын кафедра башчысы, айыл чарба министрлигинин экономика боюнча башкы башкармалыктын начальнигинин орунбасары, кредиттик союздарды өнүктүрүү жана колдоо боюнча финансы компаниясынын бөлүм начальниги, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин аппаратынын экономика, инвестиция жана мамлекеттик менчик боюнча башкармалыктын референти кызматтарын аркалаган. 2003-жылдан бери Айыл, суу жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин, Жайыттар департаментинин генералдык директорунун 1-орунбасары болуп иштеп келе жатат.

СССР куралдуу күчтөрүнүн 60 жылдык медалы менен сыйланган.

## Өтөнбай уулу Дүйшөнбек ажы



1951-жылы Белөрүк айылында туулган. Бухарадагы 7 жылдын диний орто билим берүүчү «Мирараб» медресесин, андан соң Ташкенттеги СССР учурундагы жалгыз Жогорку маалымат берүүчү Имам Бухарий атындагы Ислам институтун аяктаган.

1978-жылдан 1985-жылга чейин Фрунзе шаарындагы Борбордук мечитте башкы имам, 1985-жылдан Кыргызстан мусулмандарынын башкы казыятында казынын орунбасары, жоопту катчы, Кыргызстан мусулмандарынын диний башкармасынын азрети муфтийинин жардамчысы кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери Кыргызстан мусульмандарынын азрети муфтийинин башкы кеңешчиси кызматын аткарып келе жатат. Ошону менен бирге «Хуску-Хат» (көрком козуу) араб арип-терин эрежеге ылайыктуу ыкмалары менен көркемдоп жазуу предмети боюнча мударрис болуп эмгектенин келүүдө. Бишкек Ислам медресесинде (институтунда) балдарга сабак берет. 4-ирет ажылык зыяратка барып келген. Элге тараган бир канча диний китептердин автору. «Асаасул — Ислам», «Китаабул Жанааиз», «Ислам ибадаттары», «Шарият», «Кураан алиппеси», «Ибадаатул Исламия» аттуу китептердин кыргызча котормосун рецензиялаган.





## ПОЛОТОВ Абдужалил



1952-жылы 10-ноябрда Бел айылында туулган. 1979-жылы Фрунзедеги айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун Лейлек райондук ХСУда прораб болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылдан 1984-жылга чейин Исфанадагы «Южводстрой» трестинин Карабулак ПМКсында башкы инженер, начальник, 1987-жылдан баштап, беш жыл боюу Жаңыжол (азыркы Аксы) районундагы «Южводстрой» трестинде ПМК начальниги, Жалалабат суу, курулуш трестинин начальниги, Кыргыз Республикасынын Суу чарба министринин милдетин аткаруучу, 1993-жылдан 1995-жылга дейре министрдин орунбасары, Суу чарба министрлигинде башкармалыктын начальниги, Өзгөчө кырдаалдар жана граждандык коргонуу министрлигинин Чүй областтык базасынын начальниги, 1998 – 2000-жылдары мамлекеттик мүлк фондусунун бөлүм начальниги кызматтарын аркалаган. 2000-жылдан бери УМРК начальниги болуп иштеп келе жатат.

Айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер.

## ПРАТОВ Шамшидин Дүйшеевич



1966-жылы 30-майда Эскиноокат айылында туулган. 1983-жылы Калинин орто мектебин аяктаган. Чымкент шаарындагы Казак химия-технологиялык жогорку окуу жайын бүтүргөн. Эмгек жолун Чечмесай орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1993-жылы өз ыктыяры менен Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн катарына чакырылып, Ноокат райондук аскер комиссариатынын 1-бөлүмүнүн ага жардамчысы, 1999-жылы аскер комиссарынын орунбасары болуп, 2001-жылга чейин кызмат өтөгөн.

2001-жылдан бери Кызылкыя шаардык аскер комиссариатынын комиссары болуп иштеп келе жатат. Куралдуу күчтөрүнүн подполковниги.

## РАЗЫКОВ Каныбек



1956-жылы 22-февралда Караван айылында туулган. 1973-жылы Гайдар атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1981-жылы Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун аяктаган. Эмгек жолун аталган институттун жеңил атлетика кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1984 – 86-жылдары Ички иштер министрлигинин Коргоо башкармалыгынын полкунда ротанын командиринин орунбасары, 1986 – 91-жылдары аталган башкармалыктын полкунда ротанын командири, андан соң Аламүдүн РИИБсинде улук инспектор, кылмыш иликтөө бөлүмчөсүндө улук оперуполномочен, начальниктин орунбасары болуп эмгектенген. 1991-жылы КМУнун юридика факультетин сырттан окуп





бүтүргөн. 2000 – 2001-жылдары Чүй облисттык ички иштер башкармалыгынын штабын жетектеген. Бүгүнкү күндө ИИМдин башкы штабында бөлүмдүн начальниги болуп иштеп жатат. Милициянын полковниги.

## РАХМАНОВ Бактыбек



1955-жылы 23-январда Жаркоргон айылында туулган. 1972-жылы Т. Сатылганов атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1977-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун Ошто-гу үй куруу комбинатында мастер болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылы формалоочу цехтин начальниги болуп дайындалган. 1988-жылдан бери «Азат-Юг» акционердик коомунда бөлүмдүн начальниги болуп иштеп келе жатат.

## САДЫБАКАСОВА Гүлшайыр



1953-жылы 10-декабрда Кожоарык айылында туулган. Ленин атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1976-жылы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыка жана педагогика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1976-жылы Оштогу педагогикалык окуу жайда мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылдан 1995-жылга чейин ОшМУда ага окутуучу, 1995 – 99-жылдары Ош шаардык мамлекеттик администрациясынын маданият бөлүмүнүн башчысы, 1999-жылдан 2000-жылга чейин Ош облисттык маданият башкармасынын башчысынын орунбасары кызматтарын аркалаган. 2000-жылдан бери Ош облисттык Р. Абдыкадыров атындагы филармониянын директору болуп иштеп келе жатат.

Республикалык аялдар конгрессинин Ош областтык бөлүмүнүн вице-президенти, Маданият тармактары боюнча Республикалык Көркөм кеңештин мүчөсү.

1973-жылдан 1976-жылга чейин «Шоола» кыздар эстрадалык тобун жетектеген, 1976-жылдан баштап, «Кызбурак» кыздар тобунун музыкалык жетекчиси, 1980-жылдан бери Кыргызстан Жаштар Союзу сыйлыгынын лауреаты, элдик коллектив, легендарлуу «Кызбурак» кыздар эстрадалык ансамблинин көрком жетекчиси.

Кыргызстан жаштар союзунун сыйлыгынын лауреаты. Кыргыз ССР Жогорку Советинин Президиумунун Ардак грамотасы, СССР элдеринин достугу медалы, Кыргыз Республикасынын президентинин Ардак грамотасы жана «Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти» деген Ардактуу наам жана сыйлыктарын алган.

## САЛАЙДИНОВ
### *Кожобек Садирович*



1966-жылы 12-июлда Кыргызата айылында туулган. 1983-жылы Ф. Энгельс атындагы орто мектепти бүтүргөндөн кийин өз ыктыяры менен Ноокат аскер комиссариаты аркылуу Орджоникидзе атындагы жалпы аскердик Жогорку окуу жайга тапшырган. Эмгек жолун 1987-жылы Белоруссиядагы аскер округунда взвод командири болуп кызмат өтөө менен баштаган. 1990 – 92-жылдары ушул эле аскер округунда мото аткычтар взводунун командири, 1992-жылы Тогузторо райондук аскер комиссарынын орунбасары. 1993 – 96-жылдары Көкжаңгак шаардык аскер комиссарынын орунбасары, 1996-жылдан 1999-жылга чейин Кадамжай райондук аскер комиссариатында 1-бөлүмдүн начальниги, аскер комиссарынын орунбасары, Ош областтык аскер комиссариатында 3-бөлүмдүн начальниги кызматтарын аркалаган. 1999-жылдан бери Кадамжай районунун аскер комиссары. Куралдуу күчтөрүнүн





подполковниги. СССР куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдык, Кыргыз Республикасынын куралдуу күчтөрүнүн 10 жылдык юбилейлик медалдары менен сыйланган.

## САСЫКУЛОВ
### *Абдисалам Жалиевич*

1959-жылы 17-декабрда Көк-Белде туулган. 1977-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. Бир жыл № 44 жылкы заводдо жумушчу, 1983-жылы Фрунзедеги политехникалык институту бүтүргөн. 1984-жылдан бери Оштогу электр-курулуш тармактары ишканасында инженер, прораб болуп иштеп келе жатат. Электр линияларын Ош шаарында, Ош областында өз бригадасы менен жүргүзгөн. 1986-жылы Иркутск областынын Акунайка айылында, 1998-жылы Кытай Эл Республикасында линия тарткан.

## САТАРОВ *Жоомарт*



1949-жылы 10-январда Көкжар айылында туулган. 1966-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1972-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун ОшПИде окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1980 – 82-жылдары Санкт-Петербург университетинде аспирантурада окуган. 1983-жылы ОшПИнин физикалык математика факультетинде ага окутуучу, доцент, кафедра башчысы болуп эмгектенген. 1991-жылдан бери ОшТУда жогорку математика кафедрасынын башчысы болуп иштеп келе жатат. Физика-математика илимдеринин доктору, профессор. Отуздан ашуун илимий макалалардын автору. Эл агартуунун отличниги.

## САТЫБАЛДИЕВ Адылбек



1946-жылы 26-январда Көкжар айылында туулган. Эмгек жолун жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылдан 1972-жылга чейин Кызылкыядагы тамеки ферменттөөчү заводунда бөлүм начальниги, 1972 – 1973-жылдары Каравандагы тамеки кабыл алуу пунктунда, табаковод-агроном, 1973-жылдан 1975-жылга чейин У. Салиева атындагы колхоздо табаковод-агроном, 1975 – 1979-жылдары 1-Май совхозунда башкы агроном болуп иштеп, андан соң Кызылкыя совхозунда башкы агрономдук кызматка которулган. 1979-жылы Кызылкыя шаарындагы тамеки-ферменттөөчү заводго башкы директорлукка дайындалган. 1983-жылдан 1987-жылга чейин жыгач соодалоо базасында директор болуп иштеген. 1987-жылдан 1995-жылга чейин агартуучулук кесипти аркалап, № 8 лицейде жаштарга билим берген. 1995-жылы Кызылкыядагы агрохимиялык лабораторияга башчылык кызматына келип, 7 жыл бою жетектеген. 2002-жылдан бери Кызылкыя шаарындагы «Айбекбазары» Жоопкерчилиги Чектелген Коомунун генералдык директору.

## СЕЙДАЛИЕВ Акрамали



1956-жылдын 18-октябрында Ноокат районундагы Жал айылында туулган. Эмгек жолун 1973-жылы Найман ПМКсында бетонщик болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылы Фергана политехникалык институтун аяктаган. 1982-жылга чейин Кызылкыядагы РСУда мастер болуп иштеген. 1982-жылдан 1983-жылга чейин «Табакпром» мекемесинин өндүрүштүк лабораториясында начальник, 1982-жылдан 1985-жылга чейин Тамеки ферменттөөчү заводдо улук мастер, 1985-жылдан 1987-жылга дейре өндүрүштүк бирикме комбинатында башкы инженер, андан соң ошол эле Кызылкыя өндүрүштүк бирикме комбинатында директор болуп иштеген.

Бүгүнкү күндө Кызылкыя шаарынын вице-мэри болуп иштеп жатат.





## СЕЙИТОВ Эсенбай



1951-жылы 27-декабрда Бел айылында туулган. 1975-жылы Кыргыз айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун аталган институттун окуу-тажрыйба чарбасында ветеринардык врач болуп иштөө менен баштаган. 1977-жылдан 1980-жылга чейин Салиева атындагы колхоздо ветврач, башкы ветеринардык врач, 1982 – 1986-жылдары партиянын Ноокат райкомунун уюштуруу бөлүмүндө инструктор, айыл чарба бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1986 – 1988-жылдары Ташкенттеги Жогорку партиялык мектептин угуучусу катары артык чылык диплому менен аяктаган. 1988 – 1990-жылдары партиянын Ноокат райкомунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1990-жылдан 1997-жылга дейре Ноокат райондук айыл чарба башкармасынын начальниги, Салиева атындагы колхоздун башкармалыгынын төрагасы, Ош областтык мамлекеттик ветеринария башкармасынын начальнигинин орунбасары, 1997 – 2000-жылдары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүндө референт, эксперт кызматтарын аркалаган. 2003-жылдан бери Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик ветеринария департаментинин генералдык директорунун 1-орунбасары болуп иштеп келе жатат.



10 — 326

## СЕЙИТОВА
## Алийма Сатаровна



1952-жылы 25-январда Бел айылында туулган. 1969-жылы Гагарин атындагы орто мектепти бүтүргөн. Эмгек жолун 1969-жылы Белөрүк колхозунда колхозчу болуп иштөө менен баштаган. 1977-жылы Кыргыз айыл чарба институтун аяктаган. 1977 – 1980-жылдары Салиева атындагы колхоздо кадрлар бөлүмүнүн инспектору, 1980 – 1982-жылы Ноокат райондук айыл чарба башкармасынын ага гидротехниги, 1982 – 1983-жылдары Ноокат райондук селхозхимия өндүрүштүк бирикмесинде агрохимик, 1983 – 1997-жылдары аталган башкармада гидротехник, агроном жана ага экономист болуп эмгектенген. 1997 – 2001-жылдары айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинде кадрлар бөлүмүнүн инспектору, 2001 – 2002-жылдары Кыргыз Республикасынын агрардык жер реформа борборунда жетектөөчү адис болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Республикалык мамлекеттик үрөнчүлүк инспекцияда жетектөөчү адис болуп иштеп келе жатат.

## СУЛТАНОВ Абдуталип



1954-жылдын 18-майында Ташбулак айылында туулган. 1972-жылы Кызылкыя шаарындагы мектеп-интернатын бүтүргөн. ФПИни 1977-жылы артыкчылык диплому менен аяктаган. Эмгек жолун аталган институтта окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1978-жылы ФПИнин комсомол комитетинин секретарлыгына шайланган. Кыргызстан ЛКСМ БКда инструктор, сектор башчысы кызматтарын аркалаган. Ош облаткомунда жана облústтык элдик көзөмөл





комитетинде жооптуу кызматтарда иштеген. 1991 – 93-жылдары Ош товардык-фондулук биржасынын директору. 1993-жылы «Ошинвест» инвестициялык фондунун башкармалыгынын төрагасы болуп шайланган. 1998-жылы Баалуу кагаздар рыногу боюнча улуттук комиссиянын төрагалыгына дайындалган. 1999-жылы «Ошинвест» фондусунун директорлор кеңешинин төрагалыгына шайланган.

Бүгүнкү күндө андан сырткары «Биржалык товардык система» Жабык Типтеги Акционердик Коомунун жана «Кыргыз комволдук-нооту комбинаты» Акционердик Коомунун директорлор кеңешинин төрагасы. Бештен ашуун илимий эмгектердин автору.

## СУЛТАНОВ Абдиназар



1958-жылы 7-январда Ташбулак айылында туулган. 1980-жылы ФПИни бүтүргөндөн кийин, эмгек жолун Баткен жана Хайдаркен участкаларында инженер-куруучу болуп иштөө менен баштаган. БХССтин Сатаров шаарындагы жогорку окуу жайын, КМУнун юридика факультетин аяктаган. Ош облásттык экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү бөлүмүндө катардагы оперативдүү кызматкер, өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага оперативдүү кызматкер болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ош облásттык ички иштер башкармалыгынын 9-бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп жатат. Жогорку квалификациядагы юрист.

ИИМдин «Эң жакшы оперативдүү кызматкери» наамына татыган.

## СУЛАЙМАНОВ
## Алтынбек Турдубаевич



1972-жылы 24-сентябрда Ош облусунун Ноокат районундагы Шанкол айылында туулган. 1989-жылы Свердлов атындагы орто мектебин аяктаган. 2003-жылы Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин «Юрист» кесибин бүтүрүп, андан кийин Ош мамлекттик университетинин «Экономист» деген кесибине ээ болгон.

Эмгек жолу: 1990-жылдан 1992-жылга чейин Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1992-жылдан тартып 1997-жылга чейин жеке ишкердик менен алектенген. 1997-жылдан 1999-жылга чейин «Монолит — Ош» филиалында улук инспектор, 1999-2001-ж. «Алтын Темир» корпорациясында директордун орун басары, 05.2001 – 09.2001 жылга чейин Ош облустунун ММ «Темир» өкүлчүлүгүнө улук инспектор, 2001-жылдан 2007-жылга чейин Баткен областы боюнча ММ «Темир» өкүлчүлүгүндө директор болуп эмгектенген. 2007-жылдан тартып «Ак Жол» элдик партиясы тарабынан Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин IV чакырылышынын депутаты болуп келди. Азыркы күндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин өнөр жайдын, сооданын, туризмдин, чакан, орто бизнестин, транспорттун, коммуникациясынын, курулуш жана архитектураныын өнүктүрүү боюнча комитетинин мүчөсү жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Куба жана башка түштүк-америка мамлекеттери менен кызматташуу достук тобунун жетекчиси. Кыргыз Республикасынын сот адилеттиги иштери боюнча улуттук кеңешинин мүчөсү. Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигине кошкон чоң салымы үчүн «Ардак» медалы менен сыйланган.





## СУЛАЙМАНОВ
## Жылдызбек Ысманалиевич



1966-жылы 21-июлда Күңгөй Кожоке айылында туулган. 1993-жылы ОшМУнун тарых факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1997-жылы Ноокат жана Араван райондор аралык Салык полициясында оперуполномочен болуп иштөө менен баштаган. 1999-жылы Карасуу райондук салык полициясында ага оперуполномочен, Ноокат райондук финансы полициясында ага оперуполномочен болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Ош — Баткен областтары жана Ош шаары боюнча финансы полициясында өзгөчө иштер боюнча ага оперуполномочен болуп иштеп келе жатат.

Республикалык, областтык финансы полициялардын Ардак грамоталары менен сыйланган.

## СЫДЫКОВ
## Космосбек Аскарбекович



1962-жылы 11-августта Кыркол айылында туулган. 1980-жылы Ю. Гагарин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1982 – 83-жылдары ОКДТда электрик болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1985-жылы Фрунзедеги атайын орто милициялык окуу жайын аяктаган. 1985 – 91-жылдары Ош областтык ИИБде опер өкүл болуп иштеген. 1986 – 87-жылдары Ленинградда милиция мектебинин атайын курсунда окуган. 1988 – 91-жылдары Ташкенттеги атайын жогорку милиция окуу жайын бүтүрүп, юрист-укук таануучу адистигине ээ болгон. 1991-жылы Алай РИИБде тергөөчү, Ош ШИИБде тергөөчү, ага тергөөчү, Ош областтык

ИИБде тергөө бөлүмүндө ага тергөөчү, 1994-жылы Ош областтык ИИБнин бандиликке каршы бөлүмүндө өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага тергөөчү, 1995 – 97-жылдары Карасуу РИИБнин начальнигинин тергөө иштери боюнча орунбасары, 1997 – 2001-жылдары Ош областтык ИИБде коопсуздук кызматынын начальниги кызматтарын аркалаган. 2001-жылдан бери ИИМдин тергөө башкармалыгынын түштүк региону боюнча өзгөчө маанилүү иштер боюнча ага тергөөчүсү болуп эмгектенип келе жатат. Милициянын полковниги. ИИМдин Ардак грамотасы, Кыргыз милициясынын75 жылдык юбилейлик медалы менен сыйланган.

## ТАГАЕВ
## Айтибай Султанович



1958-жылы Караташ айылында туулган. 1974-жылы Калинин атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Чапаев атындагы колхоздо жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Кызылкыядагы курулуш материалдары комбинатында башкы бухгалтердин орунбасары, 1982-жылдан 1991-жылга чейин башкы бухгалтери, 1991-жылы директордун орунбасары, 1993-жылы «НУР КМ» Акционердик Коомунун башкармалыгынын төрагасынын орунбасары, 1994-жылдан төрага, 1998-жылдан бери «НУР КМ» Акционердик Коомунун директорлор кеңешинин төрагасы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин спикери. «Даңк» медалы менен сыйланган.





## ТАЖИБАЕВ
## Абибилла Кадырович



1955-жылы 10-февралда Бешбадам айылында туулган. 1972-жылы Калинин атындагы орто мектепти бүткөн. Эмгек жолун Чапаев атындагы колхоздо колхозчу болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылы КМУнун юридика факультетин аяктаган. Карасуу райондук прокуратурасында тергөөчү, прокурордун жардамчысы, прокурордун ага жардамчысы, 1989 – 92-жылдары Ош областтык прокуратурасында тергөө бөлүмүнүн прокурору, Кадамжай райпрокурорунун орунбасары, 1992-жылдан 1998-жылга чейин Лейлек районунун прокурору, 1998 – 2002-жылдары Каракулжа районунун прокурору кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери Жалалабат областынын прокурорунун орунбасары болуп иштеп келе жатат. Юстициянын I класстагы кеңешчиси.

## ТАЖИБАЕВ
## Рашид Миңбаевич



1959-жылы 7-августта Көтөрмө айылында туулган. 1976-жылы К. Маркс атындагы орто мектебин бүтүргөн. К. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун зооинженер факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1983-жылы Араван районундагы XXII партсъезд атындагы колхоздо зоотехник болуп иштөө менен баштаган. 1985 – 87-жылдары ошол эле райондо башкы зоотехник, андан соң партиянын Араван райкомунда инструктор, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1991-жылдан 1994-жылга чейин айыл чарба тармагында, 1994-жылдан 1998-жылга чейин Ош областтык асыл тукум чарбада директор

кызматтарын аркалаган. Эки жыл «Каттаталдык» асыл тукум чарбасын жетектеген. 2002-жылдан бери Каракулжа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы болуп иштеп келе жатат.

## *ТАЖИБАЕВ*
## *Абдулнасир Абдибаитович*



1961-жылы 16-августта Эскиноокат айылында туулган. 1983-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун гидромелиорация факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1983-жылы Сузак районуна караштуу Жаркыштак айылынын «Главсредазирсовхозстрой» 85-ПМКсында мастер болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылы ушул ПМКнын прорабы, 1987-жылдан 1990-жылга чейин Базаркоргон районуна караштуу Совет айылынын Ленин ПМКсынын, «Ошмелиоводстрой» трестинин башкы инженери, 1990 – 91-жылдары № 85 ПМКсынын начальниги, 1991 – 93-жылдары «Жалалабатводстрой» трестинин башкы инженери, 1993 – 96-жылдары Ош областтык суу чарба башкармасынын начальниги, 1996-жылдан бери «Түштуксуудолбоор» институтунун жетекчиси болуп иштеп келе жатат.





## *ТАШБАЕВ*
## *Азизбек Мазанович*



1955-жылы 23-августта Кеңеш айылында туулган. 1972-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. 1976-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат районундагы Н. К. Крупская атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1979 – 84-жылдары аталган мектептин директорунун тарбиялык иштер боюнча орунбасары, 1984-жылы Кыргыз ИАсынын математика институтундагы ЭЭМ лабораториясында инженер, 1985-жылы стажёр-иликтөөчү болуп эмгектенген. 1989-жылы Түштүк кыргыз окуу илимий борборунун Оштогу бөлүмүнүн прикладдык математика лабораториясында илимий кызматкер, 1990-жылы ФПИнин Оштогу факультетинде улуу окутуучу, 1991-жылы Ош технологиялык жогорку колледжинде (азыркы ОшТУ) жогорку математика кафедрасынын башчысы, 1992-жылы кечки, сырттан окуу факультетинин деканы, ректордун тарбиялык иштер боюнча жардамчысы кызматтарын аркалаган. 1993-жылдан бери ОшТУнун финансы-экономика факультетинин деканы болуп иштеп келе жатат. Физика-математика илимдеринин кандидаты, доцент. 50дөн ашуун илимий макалалардын, окуу-методикалык колдонмолордун автору. Эл агартуунун отличниги. ОшТУнун профессору.

## *ТАШМАТОВА*
## *Гүлнара Эргешовна*



1963-жылы 20-октябрда Эскиноокат айылында туулган. 1981-жылы Ленин районуна (азыркы Ноокен) караштуу № 1 мектепти бүтүргөн. 1986-жылы Ташкент айыл чарба институтунун мөмө-жемиш факуль-

тетин аяктаган. Эмгек жолун Улуутоо МТХКсында агроном болуп иштөө менен баштаган. 1987-жылы башкы агроном болуп дайындалган. 1987 – 89-жылдары Комсомолдун Ноокат райкомунда инструктор, 1989-жылдан 1991-жылга чейин Улуутоо МТХКсында башкы агроном, 1991-жылдан 1999-жылга чейин ОшТУда «Экономикалык теория жана маркетингдин негиздери» кафедрасында окутуучу болуп эмгектенген. 1999-жылдан 2001-жылга чейин экономика кафедрасында ага окутуучу, 2001-жылы экономика кафедрасынын башчысы болуп иштеген. 2002-жылдан бери экономика кафедрасынын башчысы жана доцент болуп иштеп келе жатат.

## ТЕМИРБАЕВ
## Бакытбек Каримович



1968-жылы 10-августта туулган. 1985-жылы Фрунзе шаарындагы № 17 орто мектепти бүтүргөн. 1990-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун ВАСХНИЛдин Кыргыз бөлүмүнүн илим изилдөө, экономика институтунда кенже илимий кызматкер болуп иштөө менен баштаган. 1992 – 1996-жылдары «Кевсер» фирмасынын генералдык директору, «Price Waterhouse LLP/USAIDде» консультант. «Прагма» корпорациясында регионалдык аудитору болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери «Кемоникс Интернешнл» долбоорунда жетектөөчү адис болуп иштеп келе жатат.





## ТОКТОМАМАТОВ Абдибали



1957-жылы Кеңеш айылында туулган. 1973-жылы Свердлов атындагы орто мектебин бүтүргөндөн кийин эмгек жолун Ленинизм колхозунда курулуш бригадада, анан колхоздор аралык курулуш бирикмеде курулушчу болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылы ОшПИнин биология факультетин аяктаган. Аталган институтка химия багытында келечектеги адис катары калтырылган. 1985-жылы табият таануу жана география факультетинин химия кафедрасында ага окутуучу, доцент, 1989 – 92-жылдары ОшПИнин проректорунун илим боюнча жардамчысы, 1992-жылдан 1994-жылга чейин ОшМУнун табият таануу факультетинин сырттан окуу боюнча деканынын орунбасары, 1994-жылдан 1998-жылга чейин аталган факультетте айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, 1998-жылдан бери ОшМУнун табият таануу жана география факультетинин деканы кызматтарын аркалаган. Бүгүнкү күндө ОшМУнун проректору болуп иштеп жатат. Алтымыштан ашуун химия тармагы боюнча жарык көргөн макалалардын, билдирүү, тезистердин автору. Эл агартуунун отличниги. Химия илимдеринин кандидаты, доцент.

## ТОКТОРОВ
## Алмазбек Сатиевич



1966-жылы Эскиноокат айылында туулган. 1983-жыл Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1988-жылы КММИни аяктаган. Эмгек жолун Ош областтык аптека башкармалыгында иштөө менен баштаган. 1990-жылы Ош шаарындагы № 311 аптека башчысынын орунбасары, 1991-жылы Ош областтык аптека башчысынын орун-

басары, 1995-жылы «Ош — ФармКА» директорунун орунбасары болуп эмгектенген. 1996-жылдан бери «Ош — ФармКА» Акционердик Коомунун башкармалыгынын төрагасы болуп иштеп келе жатат.

Кыргыз Республикасынын фармацевттер ассоциациясынын вице-президенти. Саламаттыкты сактоонун отличниги.

## ТУРГУНБАЕВ Жусуп



1956-жылы 22-мартта Кожоке айылында туулган. 1981-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1980-жылы Фрунзе шаарындагы «Продторг» бирикмесинде экспедитор болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылдан 1983-жылга чейин Карасуу районундагы «Учкун» совхозунда улук экономист, андан соң 1987-жылдан № 44 жылкы заводунда башкы экономист, директордун финансы-экономикалык тармактар боюнча орунбасары болуп иштеген. 1990-жылдан 1992-жылга чейин СССР Министрлер Советинин алдындагы айыл чарба академиясынын күндүзгү бөлүмүнүн угуучусу. 1992 – 97-жылдары Ош областтык мамлекеттик мүлк фондусунда, турмуш-тиричилик, курулуш бөлүмүнүн начальниги, андан соң өнөр жай, транспорт байланыш бөлүмдөрүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. 1997-жылдан бери Ош областтык финансы башкармалыгынын начальниги болуп иштеп келе жатат. Экономика илимдеринин доктору, профессор. Инженердик Академиянын мүчө корреспонденти.





## ТУРДУКУЛОВ Маматшарип



1953-жылы Жал айылында туулган. 1973-жылы Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумду, 1981-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1973-жылы Баткен райондук мамлекеттик камсыздандыруу инспекциясында бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1978-жылы Ноокат райондук мамлекеттик камсыздандыруу инспекциясынын начальниги, 1981-жылы партиянын Ноокат райкомунда инструктор, 1982-жылдан 1988-жылга чейин Ноокат райондук пландоо комиссиясынын төрагасы, андан соң партиялык комитеттин секретары, Кулатов атындагы совхоздун директору, 1994-жылдан баштап, Ош облаcттык финансы башкармасынын начальниги, 1997-жылы Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, 2000-жылдан Кыргыз Республикасынын айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министринин 1-орунбасары кызматтарын аркалаган.

## УМАРАЛИЕВ Рустамбек Аманбаевич



Ноокат районун Кашкалдак айылында 1961-жылы 20-октябрда колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1978-жылы III Интернационал орто мектебин бүтүрүп, Ош соода технология университетин аяктаган. Алгач эмгек жолун 1985-жылы Ош шаардык соода бирикмесинде жумушчу болуп ишке кирген. Дүкөн башчысынын орун басары. Дүкөн башчысы, товароведдик кызматтарды өтөгөн. 1993-1995-жылдарда Ноо-

кат "Керек-жарак" коомун башчысы. 1998-жылы конкурстун негизинде "Түркия Лидер Интернешнл" компаниясында директордун орун басары. 2001-жылы Ноокат шаарынын борборунда Улуттук эмеректер менен жасалгаланган кооз боз үйлөрдү отургузуп суу фонтандарын чыгарган. Учурда Ош "Динамо" спорт клубунун ардагери. Улан кичи менчик ишканасынын жетекчиси.

## УРАИМОВ Мамасабыр



1947-жылы 12-ноябрда Кожоке айылында туулган. 1965-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1970-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун өзү бүтүргөн Фрунзе политехникалык институтунун «Машина деталдары» кафедрасында окутуучу болуп иштөө менен баштаган. Андан соң Кыргыз ССР илимдер академиясынын автоматика институтундагы механика жана машина куруу бөлүмүндө жетектөөчү адис, улук жана жетектөөчү илимий кызматкер болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын Улуттук Илимдер академиясынын машина таануу институтунда лаборатория башчысы болуп иштеп жатат. Кыргыз Республикасынын инженердик академиясынын академиги. Техника илимдеринин доктору.





## ХАЛМУРЗАЕВ Хабийбулла Алыбаевич



1955-жылы 10-июлда Жал айылында туулган. 1972-жылы Кызылкыя шаарындагы № 6 Токтогул атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Кызылкыя шаарындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу автобазада автослесарь болуп иштөө менен баштаган. 1978-жыл ФПИнин тамак-аш өндүрүү боюнча инженер-механик адистигине ээ болгон. Кызылкыя эт комбинатына кызматка жолдомо аркылуу келген. 1990-жылы Кызылкыя шаарындагы дан азыктарын таркатуу базасынын директорлугуна дайындалган. 1993-жылы дан азыктар комбинатын негиздеген. 1995-жылдан бери «Дан» акционердик коомунун директору болуп иштеп келе жатат. «Манас — 1000» жана «Даңк» медалы, Кыргыз Республикасынын айыл жана суу чарба министрлигинин Ардак грамоталары менен сыйланган. 1995-жылдан 2000-жылга чейин Ош шаардык советине депутат. 2005-жылы Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. 2008-жылын апрелинде Кыргыз Республикасынын өкмөтүнө караштуу мамлекеттик материалдык резервтер фондусунун регионду өкүлчүлүктүн башчысы. АО «Дан» генералдык директору.

## ХАЛМУРЗАЕВ Асатилла Алыбаевич



1960-жылы 22-августта Жал айылында туулган. 1977-жылы Кызылкыя шаарындагы Токтогул атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1982-жылы ФПИнин технология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Оштогу эт комбинатта иштөө менен баштаган. 1989-жылы СССР ИИМнин Саратов шаарындагы экономикалык

кылмыштуулукка каршы күрөшүү (БХСС) жогорку курсунун угуучусу болгон.

1989-жылдан 1994-жылга чейин Ош ИИБсинин экономикалык кылмыштуулукка каршы күрөшүү бөлүмүндө, 1994-жылы Ош облусттык салык полициясында эмгектенген. 1995-жылдан 2003-жылга чейин Кызылкыя шаарындагы «Сүтазык» мамлекеттик акционердик коомунун төрагасы болуп иштеген. 2003-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ХАЛМУРЗАЕВ
## Абдибакыт Алыбаевич



1968-жылы 1-ноябрда Кызылбулак айылында туулган. 1986-жылы Ош шаарындагы А. Навои атындагы № 18 мектепти бүтүргөн. Кыргыз мамлекеттик университетинин юридика факультетин 1993-жылы аяктаган соң, эмгек жолун Бишкектеги Октябрь райондук прокуратурасында тергөөчү болуп иштөө менен баштаган. Прокурордун ага жардамчысы, 1996-жылдан 1998-жылга чейин Бишкектеги 1-Май райондук прокурорунун орунбасары, 1998 – 2000-жылдары Алай районунун прокурору 2002-жылдан Ноокен районунун прокурору кызматтарын аркалаган. Бүгүнкү күндө Жалалабат шаарынын прокурору болуп иштеп жатат. 1984 – 85-жылдары катары менен бокс боюнча бүткүлсоюздук мелдеште 1-орунду ээлеген. 1985-жылы Бухарест шаарында өткөн жаштардын бүткүлдүйнөлүк бокс мелдешине катышкан. Бокс боюнча дүйнөлүк мелдешке Кыргызстандын тарыхында биринчи болуп катышкандардын бири. СССРдин бокс боюнча курама командасынын мүчөсү. Канада, Эфиопия, Алжир, Индонезия, Йемен, Германия ж. б. мамлекеттерде болгон бокс боюнча мелдеште байгелүү орундарды ээлеген. 2005-жылдары шаардык прокурор. 2007-жылды май айынан 2009-жылга чейин Жалал-Абад облустук прокурор. 2009-ж. Кыргыз Республикасынын транспорт прокурору. Юстициянын I класстагы кеңешчеси. Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы менен сыйланган. СССРдин эки жолку чемпиону. Бокс федерациясынын президенти.





## ЖАПАРОВ
## Рахманали Жаныбекович

1959-жылы 14-декабрда Ноокат районуна караштуу Жар-Коргон айылында туулган. 1978-жылы Токтогул орто мектебин аяктаган. 1979-1981-жж. советтик армиянын катарына алынып Ооганистан Республикасында кызмат өтөгөн. 1981-жылы эмгек жолун Ноокат райондук өрт өчүрүү бөлүмүнө жумушчу болуп кирген. 1983-жылы Татар ССРде кичине жана орто башчы өрт өчүрүү күзөт курсун аяктаган. 1988-жылы 28-декабрында Улуттук аскер грамотасын алган. 1988-жылы 15-майында Ооганистан Республикасынын президентинин улуттук аскердик Ардак грамотасын алган. 1988-жылы 30-июнь СССРдин куралдуу күчтөрүнө 70 жыл медалы менен сыйланган. 2004-жылы 28-майында Ооганистандан советтик аскерлерди чыгарганга 15 жыл медалын алган. 3 уул, 2 кызы бар. 2006-жылы дүйнөдөн кайткан.

## ЧАЛОВ
## Алмазбек Абдышович



1965-жылы 8-декабрда Чечдөбө айылында туулган. 1983-жылы Т. Сатылганов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1988-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун № 44-жылкы заводунун автопаркында үнөмдөөчү болуп иштөө менен баштаган. 1990-жылдан баштап, аталган совхоздо экономист, 1992-жылы шаардык салык инспекциясында инспектор, 1995-жыл-



11 — 326

дан 1999-жылга чейин «Келдибек» дыйкан чарбасынын төрагасы болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери «Градиент» фирмасынын башкы менеджери болуп иштеп келе жатат.

## *ШАИЕВ Мамат Орозматович*



1958-жылы 28-апрелде Кеңеш айылында туулган. Эмгек жолун 1976-жылы Ленинизм колхозунда колхозчу болуп иштөө баштаган. 1980-жылдан 1983-жылга чейин Фрунзе шаарындагы «Кыргызавтомаш» заводунда жумушчу болуп иштеген. 1988-жылы КМУнун юридика факультетин аяктап, Сузак райсоветинде юрист, 1991 – 93-жылдары Ош шаарында адвокат, 1993-жылдан 1995-жылга чейин Ноокен райондук прокурордун жардамчысы, тергөөчү, 1995 – 96-жылдары Кыргыз Республикасынын Аскер сотунун судьясы, 1996-жылдан 1999-жылга чейин Чоңалай райондук сотунун төрагасы, 1999 – 2001-жылдары Баткен областтык сотунун судьясы болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Кызылкыя шаардык сотунун төрагасы болуп иштеп келе жатат.

## *ШАМУРЗАЕВ Нурлан Турсунович*



1959-жылы 5-майда Бишкек шаарында туулган. 1976-жылы Крупская орто мектебин бүтүргөн. 1981-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Чапаев атындагы колхоздо экономист, кийин комсомолдун Ноокат райкомунда уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, Комсомолдун Бор-





бордук Комитетинин (ЛКЖСБК) инструктору, 1987-жылдан баштап, комсомолдун Талас обкомунун II секретары, 1988-жылдан Комсомолдун Калинин райкомунун (азыркы Жайыл) I секретары, 1990-жылы ЛКЖС БКнын I секретары кызматтарын аркалаган. 1991-жылдан Карабалтадагы «Кыргызавтобанк» жетекчиси, «Казкоммерцбанк — Кыргызстан» филиалынын жетекчиси болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө «Инэксимбанк» жабык акционердик коомунун Карабалта шаарындагы филиалынын директору болуп иштеп жатат.

## *ШАМУРЗАЕВ Таалайбек Турсунович*



1968-жылы 21-июлда Караван айылында туулган. 1985-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1990-жылы Ленинграддагы Аскердик инженердик-космостук институтун аяктаган. 1992-жылга чейин «Байконур» космодромунда кызмат өтөгөн. 1993-жылдан 1995-жылга чейин Бишкек шаарындагы Космостук изилдөө институтунун өзгөчө конструктордук бюросунда инженер, 1995-жылдан 2001-жылга чейин Кыргыз-америкалык «Алибет Спейс» бириккен ишканасынын генералдык директору болуп эмгектенген. 1999-жылы КМУнун юридикалык факультетин аяктаган. 2002-жылдан бери «Аалам» өзгөчө конструктордук бюронун филиалынын директору болуп иштеп келе жатат. Эркин күрөш боюнча СССРдин спорт чебери.

### ШЕРАЛИЕВ Абдибек



1953-жылы 8-апрелде Кеңеш айылында туулган. 1970-жылы Свердлов атындагы орто мектепти бүтүргөн. Эмгек жолун Ноокат райондук камсыздоо бөлүмүндө катардагы эсепчи болуп иштөө менен баштаган. 1974-жылы райондук камсыздоо бөлүмүндө бухгалтер болуп эмгектенген. 1975-жылдан Ноокат райондук байланыш түйүнүнүн башкы инспектору, 1978-жылы Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун аяктап, райондук байланыш бөлүмүндө башкы бухгалтер, начальниктин орунбасары, 1980-жылы Ноокат райондук байланыш түйүнүнүн начальниги болуп иштеген. КМУнун экономика факультетин сырттан окуп бүтүргөн. 1984-жылы Ош областтык байланыш башкармалыгында башкы бухгалтер, 1991-жылы Ош областтык байланыш башкармалыгынын начальнигинин почта байланышы боюнча орунбасары, 1994-жылдан Жалалабат областтык «Кыргызпочтасы» ишканасынын директору болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө «Кыргызпочта» ишканасынын Ош областтык филиалынын начальниги болуп иштеп жатат. Кыргыз Республикасынын байланыш министрлигинин сыйлыктарына жана алкыштарына ээ болгон.

### ЭГЕМБЕРДИЕВ Абдималик Абдыкаарович



1953-жылы 10-августта Кыргызата айылында туулган. 1969-жылы Карл Маркс атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1974-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун 1974-жылы Алабука райондук айыл чарба башкармасында улук зоотехник болуп иштөө менен баштаган. Андан кийин Ноокат райондук айыл чарба башкармасында улук





зоотехник, Тельман атындагы колхоздо комсомол комитетинин секретары, колхоздун башкы зоотехниги, 1978-жылдан 1982-жылга чейин комсомолдун Ноокат райкомунун секретары, Ош обкомунун инструктору болуп иштеген. 1984 – 85-жылдары Ташкенттеги жогорку партиялык мектептин угуучусу, партиянын Жаңыжол (азыркы Аксы) райкомунун 2-секретары, Кыргызстан КП БКсынын инструктору, партиянын Ош обкомунун айыл чарба бөлүмүнүн башчысы, Ош облаcттык советинин төрагасынын айыл чарбасы боюнча орунбасары, 1992 – 93-жылдары Ноокат районунун акими, аталган райондун айыл чарба-химия бирикмесинин төрагасы, Ош областтык айыл чарба департаментинин гендиректору, 1995-жылдан 2000-жылга чейин Каракулжа райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы, 2000-жылдан Кадамжай районунун акими. 2002-жылдан Ош областынын губернаторунун орунбасары. Андан соң Аксы райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы — акими кызматтарын аркалаган. Бүгүнкү күндө Түп райондук мамлекеттик администрация башчысы — акими болуп иштеп жатат. «Саламаттыкты сактоонун отличниги», «Эл агартуунун отличниги». III класстагы мамлекеттик кеңешчиси. Кыргыз Республикасынын айыл чарбасына эмгек сиңирген кызматкер.

### ЭРГАШЕВ Захиджан Маматгазиевич



1954-жылы 11-июлда Эскиноокат айылында туулган. 1971-жылы Сузак районундагы «Октябрдын 50 жылдыгы» орто мектебин бүтүргөн. 1976-жылы Ферганадагы политехникалык институтту аяктаган. Эмгек жолун Кыргызстан Бургалоочу иштер башкармалыгында геолог болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылы «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинде комсомол комитетинин секретары, 1982-жылы Кыргызстан бургулоочу иштер башкармалыгынын начальнигинин орун-

басары, 1989 – 1991-жылдары партиянын Ленин райкомунун инструктору, «Кыргызнефть» өндүрүштүк бирикмесинин партиялык комитетинин секретары, 1991-жылдан «Медок» чакан ишканасынын директору, 1993-жылдан 1995-жылга чейин геология министрлигинин Түштүк нефть чалгындоо партиясынын башкы инженери болуп эмгектенген. 1995-жылдан бери «Кыргызгеофизика» АКсынын башкармалыгынын төрагасы болуп келе жатат. Ноокен райкеңешине 3 жолу депутат болуп шайланган.

## ЭРГАШЕВ
## Вахиджан Маматгазиевич

1955-жылы 16-ноябрда Эскиноокат айылында туулган. 1972-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1977-жылы Андижан шаарындагы пахтачылык институтунун гидромелиорация факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ленин райондук (азыркы Ноокен) ПМКсында техникалык өндүрүштүк бөлүмүндө инженер болуп иштөө менен баштаган. 1979-жылы Карасуу ПМКсында мастер, 1984 – 87-жылдары «Южводстрой» трестинин курулуш-механизациялоо башкармасында өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн начальниги, 1987-жылы Ош областтык элдик көзөмөл комитетинин инспектору, 1989-жылы Жалалабат шаардык элдик көзөмөл комитетинин төрагасы, 1991-жылы «Жалалабатводстрой» трестинин ПМК – 85 ишканасынын начальниги кызматтарын аркалаган. 1993-жылы Жалалабат шаардык мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары, Жалалабат областтык мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары, 2000-жылдан 2002-жылга чейин «Кыргызайылтехсервиз» лизингдик компаниясынын президенти болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Россия — Кыргызстан биргелешкен «Дустлик» Ачык Типтеги Акционердик Коомунун генералдык директору болуп иштеп келе жатат. Жалалабат областтык, шаардык кеңештерге депутат болуп шайланган. «Манас — 1000» юбилейлик медалы жана Кыргыз Республикасынын Ардак грамоталары менен сыйланган.





## ЭРГЕШОВ Исираил



1951-жылы 1-майда туулган. 1969-жылы Ленин атындагы орто мектебин бүтүргөн. Москва шаарындагы кооперативдик институттун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1973-жылы Кыргыз керек-жарак коомдор союзунун даярдоо башкармалыгында башкы бухгалтердин орунбасары болуп иштөө менен баштаган. 1976-жылы Кенесанархай кооперациясында башкы бухгалтер, андан соң Сузак райондук керек-жарак коомунда башкы бухгалтер. 1980-жылдан, Ош областтык керек-жарак коомунда текшерүү бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары, 1983-жылы Карасуу шаардык коопторг ишканасынын директору, 1985 – 1995-жылдары Ош облаткомунун алдындагы соода башкармасында улук текшерүүчү, Кызылкыя шаардык соода мекемесинин башкы директору, Кызылкыя шаардык мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Кызылкыя шаардык социалдык жактан коргоо башкармасынын башчысы болуп иштеп келе жатат.

## ЭРКЕБАЕВ
## Тажимамат Кудайбердиевич



1962-жылы Кыргызата айылында туулган. 1980-жылы С. М. Киров атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1986-жылы ОшПИнин биология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Крупская атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылы аталган мектептин директорунун тарбия иштери боюнча орунбасары, ОшПИнин биология факультетинин лаборанты, 1990-жылы ботаника жана БОУ кафедрасында

окутуучу болуп эмгектенген. 1994-жылы ОшМУнун «Табият таануу» факультетинин ботаника жана БОУ кафедрасында окутуучу, 1997-жылы ага окутуучу, доценттик кызматтарды аркалаган. 1998-жылдан бери ОшМУнун «Табият таануу» факультетинин деканынын окуу иштери боюнча орунбасары болуп иштеп келе жатат. Жыйырмага жакын илимий макалалардын, 2 автордук күбөлүктүн жана 1 окуу-методикалык колдонмонун автору. Бир нече жолу Ош облосттук мамлекеттик администрациянын, шаардык администрациянын, ОшМУнун Ардак грамоталары менен сыйланган. Биология илимдеринин кандидаты.

***ЭРМАТОВ***
***Абдимиталип Маматисаевич***



1961-жылы Көкжар айылында туулган. 1978-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1983-жылы ФПИни аяктаган. Эмгек жолун Ош облосттук окуу комбинатынын Кызылкыя шаарындагы филиалында окутуучу болуп иштөө менен баштаган. 1989-жылдан 1992-жылга чейин Кызылкыя шаарындагы нефтебазада улук инженер, андан соң директору, 1999-жылдан 2001-жылга чейин менчик фирмада директор кызматтарын аркалаган. 2001-жылдан бери «Коммунальщик» Акционердик Коомунун башкармалыгынын төрагасы болуп иштеп келе жатат.





# *IV бөлүм*

# *Ноокаттагы мекеме-ишкана жетекчилери*

***«...Эл менен сен адамсың,***
***Элден чыксаң жамансың.***
***Эл менен сен бийиксиң,***
***Элден чыксаң кийиксиң...»***

***Арстанбек***



## АБДИБАИТОВ
## Шамурза Аязович



1964-жылы 16-сентябрда Өсөр айылында туулган. 1981-жылы К. Жакыпов атындагы орто мектебин бүтүргөн. Фрунзе шаарындагы финансы техникумун, КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1986-жылы Ош областтык социалдык жактан коргоо башкармасында инспектор болуп иштөө менен баштаган. Аталган башкармалыкта 1996-жылга дейре пенсия, пособие чектөө боюнча башкы экономист болуп эмгектенген. 1996-жылдан бери райондук социалдык казына бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Райондук кеңештин депутаты.

Кыргыз Республикасынын Президентинин, Ош областтык мамадминистрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

## АБДИМИТАЛОВ Акимжан



1957-жылы 8-июнда Эскиноокат айылында туулган. 1975-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун сельхозтехника бирикмесинде слесарь болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылы КМУну аяктагандан кийин Ноокат райондук финансы бөлүмүндө, андан соң «Живпром» ишканасында, райондук мампланда экономист болуп эмгектенген. 1987-жылдан 1989-жылга чейин элдик көзөмөл комитетинде инспектор, 1989-жылдан 1993-жылга дейре райондук пландоо комитетинин төрагасы, «Кашкалдак» колхозунун башкармалыгынын төрагасы, Ноокат райондук айыл чарба департаментинин башкы экономисти кызматтарын аркалаган. 1996-жылдан бери райондук социалдык жактан коргоо башкармасынын башчысы болуп иштеп келе жатат. Эки жолу райондук кеңешке депутат болуп шайланган. Министрликтин, областтык, райондук мамлекеттик администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган. 2007-жылы июнь айынан баштап КР. Эмгек жана социалдык өнүгүү министрлигинин ички аудит башкармалыгынын башка адиси.





## АБДРАЗАКОВА Сурма



1951-жылы 21-ноябрда Улутоо посёлогунда туулган. 1968-жылы Ленин орто мектебин бүтүргөн. 1972-жылы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер институтун аяктаган. Эмгек жолун 1972-жылы Карл Маркс атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1980-жылга чейин мугалим, 1980 – 1986-жылдары аталган мектепте директор, 1986-жылдан 1996-жылга чейин Кыргызата айылдык кеңешинин төрайымы, 1996-жылдан 2001-жылга чейин айылдык кеңештин төрайымы жана айыл өкмөтүнүн башчысы кызматтарын аркалаган. 2001-жылдан бери Райкеңештин жооптуу катчысы болуп иштеп келе жатат. 3 кыз, 2 уулу бар. Эл агартуунун отличниги, «Даңк» медалы, Ардак грамоталары менен сыйланган. Айылдык, райондук кеңештердин депутаты.

## АБДЫКАРОВ
## Рахман Жороевич



1962-жылы Ноокат районундагы Күнгөй-Кожеке айылында туулган. 1980-жылы Токтогул Сатылганов атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1980-83-жылдар Аскер Деңиз Флотунда кызмат өтөгөн. 1986-91-жылы Скрябин

атындагы айыл чарба институтунун «зооинженер» кесипчилигин бүтүргөн. 2003-жылдан баштап өзү түзгөн «Рахман» дыйкан чарасын жетектейт.

## АБДУЛЛАЕВ Абдусаттар



1943-жылы Эскиноокат айылында туулган. 1973-жылы Ташкенттеги темир жол транспортунун инженерлер институтун бүтүргөн. Эмгек жолун Эскиноокат МСОсунун мастери, прорабы болуп иштөөдөн баштаган. 1967 – 1985-жылдарда Эскиноокат РСУсунун мастери, прорабы, начальниги, Ноокаттагы музоо багуу комплексинин директору, Ноокат райаткомунун төрагасынын орунбасары, партиянын Ноокат райкомунда үгүт жана насаат бөлүмүнүн инструкторy болгон. 1985-жылы «Маданият» колхозунун башкармасынын төрагалыгына, ал эми 1990-жылы эл депутаттарынын Ноокат райондук советинин аткаруу комитетинин төрагалыгына шайланган. 1990 – 1994-жылдарда райондук советинин төрагасынын биринчи орунбасары, райондук мамлекеттик администрация башчысынын биринчи орунбасары болуп иштеген. 1994-жылдан тартып, Эл депутаттарынын Ноокат райондук кеңешинин төрагасы болуп эмгектенген. Өкмөттүк сыйлыктарга ээ. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жана жергиликтүү кеңештерге депутат болуп шайланган. 2002-жылы дүйнөдөн кайткан.

## АБДУЛЛАЕВ Абдурахман



1956-жылы Эскиноокат айылында туулган. 1973-жылы Менделеев атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1979-жылы КГМИни артыкчылык диплому менен аяктаган. Эмгек жолун Жалалабат шаардык ооруканасында






врач-хирург болуп иштөө менен баштаган. 1980-жылы Көкбел участкалык ооруканасында врач-хирург, райондук борборлоштурулган ооруканасынын тез жардам бөлүмүндө врач, 1986-жылы башкы дарыгердин орунбасары жана поликлиника башчысы, 1998-жылдан баштапкы медикосанитардык жардам боюнча биргелештирилген поликлиниканын башкы дарыгери кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери «Барын» үй-бүлөлүк дарыгерлер тобунун директору болуп иштеп келе жатат. Саламаттыкты сактоонун отличниги.

## АБДЫРАИМОВ Эшполот



1950-жылы 13-январда Кыргызата айылында туулган. 1966-жылы К. Маркс атындагы орто мектепти аяктаган. Эмгек жолун 1966-жылы «Фрунзегорстрой» трестинде арматурщик болуп иштөө менен баштаган. 1972-жылы Кыргызстан айыл чарба институтун бүтүргөндөн кийин, Тельман атындагы колхоздо экономист болуп иштеген. 1976-жылы партиянын Ноокат райондук комитетинде инструктор, агитация жана пропаганда бөлүмүнүн башчысы, 1983-жылы Көкжар совхозунун партиялык комитетинин секретары, 1985-жылы «Ленинизм» колхозунун башкармасынын төрагасынын орунбасары, Тельман атындагы колхоздун башкармасынын төрагасы болуп эмгектенген. 1989-жылы Кыргыз Эл депутаттыгына шайланган. 1991-жылы Ноокат райондук кеңешинин төрагасы, 1992-жылдан Ош областтык айыл чарба башкармасынын начальнигинин экономика боюнча орунбасары болуп иштеген. 1995-жылдан бери «Ноокат-Намеда» Акционердик Коомунун президенти болуп иштеп келе жатат.

## АБЖАЛИЕВ Камбарбек Асанович



1958-жылы 28-апрелде Арбын айылында туулган. 1975-жылы Свердлов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1982-жылы Фрунзедеги автожол техникумун аяктаган. Эмгек жолун Ленинизм колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. Аталган колхоздо механик, слесарь, борбордук слесардын башчысы, экспедитор, башкарманын орунбасары, 1994-жылы Арбын айыл чарба кооперативинин инженери, «Бакыт» дыйкан чарбасынын төрагасы болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери райондук киновидео дирекциясынын директору болуп иштеп келе жатат. Райондук кеңештин депутаты. 3 уул, 1 кыз бар. Өмүрлүк жары — үй кызматкери.

## АЙТИКУЛОВ Абдисамат Мырзабекович



1961-жылы 12-апрелде Жаркоргон айылында туулган. 1978-жылы Т. Сатылганов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1984-жылы ФПИнин архитектура факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ош облаткомунун архитектура жана курулуш бөлүмүндө иштөө менен баштаган. 1987-жылдан 1992-жылга чейин Ноокат райондук архитектурасын жетектеген. 1992-жылдан 1998-жылга дейре Ош областтык архитектура жана курулуш башкармасында, Кыргыз НИИПтин Ош областтык филиалында архитектор болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери Райондун башкы архитектору болуп иштеп келе жатат. Кыргызстан архитекторлор кошунунун мүчөсү. 3 баласы бар. Өмүрлүк жары — мугалим.





## АЛЫМОВ Абдыкалыл



1955-жылы 17-февралда Кожоке айылында туулган. 1972-жылы Ломоносов атындагы орто мектепти аяктаган. 1976-жылы Украина айыл чарба академиясына тапшырып, айыл чарба өндүрүшүнүн экономисти адистигине ээ болгон. 1982-жылдан 1986-жылга чейин Ноокат райондук статистика бөлүмүндө ага экономист, 1986 – 88-жылдары Ноокат РАПОсунда жетектоочү адис, башкы экономист, ал эми 1988-жылдан 1992-жылга чейин партиялык кызматта инструктор, № 44 жылкы заводунун партиялык комитетинин секретары болуп эмгектенген. 1992 – 94-жылдары Ноокат райондук айыл чарба башкармасында башкы экономист, башкы бухгалтер, 1994-жылдан 1998-жылга чейин Ноокат жана Араван райондор аралык финансы полициясында ага оперуполномочен, 1998-жылдан 2000-жылга чейин Ош областтык салык полициясында өзгөчө иштер боюнча ага оперуполномочен, 2000 – 2001-жылдары Баткен областы боюнча салык полициясынын начальнигинин орунбасары болуп иштеген. 2001-жылдан бери Ноокат жана Араван райондор аралык финансы полициясынын начальниги болуп иштеп келе жатат. Финансы полициясынын полковниги.

## Бексултан уулу Замирбек



1974-жыл 1-июньда Исанов айыл өкмөтү караштуу Алике айылында туулган. 1991-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1991-жылы Ош мамлекеттик университетинин алдындагы торговый техникумда окуган. 2001-жылга чейин Ош автобазада инспектор. 2003-жылдын 2004-жылга чейин Ош Кара-Суу авто жолунда инженер-механик. 2004-жылдан баштап. Астана

— Бишкек авто жолунун башка көзөмөлдөгүсү 2007-жылдан жеке «Нуриза» фирмасынын генеральный директору болуп эмгектенүү үйдө.

## ДАМИНОВ Шамши



1949-жылы Көкбел айылында туулган. 1971-жылы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун Ноокат райондук айыл чарба башкармасында инженер-гидротехник болуп иштөө менен баштаган. Андан соң, Кызылкыя совхозунда агроном, 1973-жылы Көкжар совхозунун башкы агроному, комсомолдун Ноокат райкомунун 1-секретары болуп 1978-жылга чейин иштеген. 1978 – 1980-жылдары Ташкенттеги жогорку партиялык мектептин угуучусу, 1980-жылдан 1983-жылга чейин № 44 жылкы заводунун башкы агроному, 1983-жылдан баштап 1986-жылга дейре РАПОдо башкы агроном болуп эмгектенген. 1986-жылы 38 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

## ЖАНЫБЕКОВ Абдыганы Жапарович



1952-жылы 13-сентябрда Ноокат районунун Жаркоргон айылында туулган. 1969-жылы Токтогул мектебин бүтүргөн. 1980-жылы Свердлов өрткө каршы училищасын бүтүргөн. 1982-жылы өрттөн көзөмөлдө инспектор. 1994-жылы Баткен райондук инспекциясынын башчысы болуп дайындалган. 2009-жылдын февраль айынан бери Ноокат райондук № 71 өрткө каршы бөлүмүнүн башчысы. Өрткө каршы кызматынын майору.





## ЖОРОЕВ Таштемир



1942-жылы 4-майында Көкбел айылында туулган. 1967-жылы К. А. Тимирязев атындагы айыл чарба академиясын аяктаган. Эмгек жолун № 44 жылкы заводунда башкы экономист болуп иштөө менен баштаган.1969-жылдан 1977-жылга чейин № 44 жылкы заводунда башкы экономист, партиялык комитеттин секретары болуп эмгектенген. Партиянын Ош обкомунун уюштуруу бөлүмүндө, партиянын Чаткал райкомунда экинчи секретарь, партиянын Ош обкомунда инструктор, 1981-жылдан 1984-жылга дейре партиянын Ноокат райкомунда экинчи секретарь, райондук мамлекеттик инспекцияда башкы инспектор, 1986-жылы Ноокат райондук керек-жарак коомунун төрагасынын орунбасары, Россия колхозунда башкы экономист, Ноокат райондук мамлекеттик камсыздандыруу бөлүмүнүн начальниги, 1995-жылдан баштап 2000-жылга чейин атайын мамлекеттик чарбада («Госспецхоз») директор болуп иштеген. 2000-жылдан бери Ноокат райондук шайлоо комиссиясынын катчысы.

## КАРАБАЕВ Рахман



1940-жылы Көкбел айылында туулган. 1960-жылы Ломоносов атындагы орто мектебти бүтүргөн. Эмгек жолун № 44 жылкы заводунда учётчик болуп иштөө менен баштаган. 1961-жылы аталган совхоздогу механикалык парктын склад башчысы, 1966-жылы № 44 жылкы заводунда комсомол комитетинин секретары болуп иштеген. 1969-жылы Ноокат РИИБнин паспортстолунун начальниги, аталган РИИБде тергөөчү, улук тергөөчү кызматтарын аркалаган. 1976-жылы



12 — 326

Караганда шаарындагы милициянын жогорку мектебин аяктаган соң, Ленин (азыркы Ноокен) РИИБсинин начальнигинин орунбасары, 1979 – 81-жылдары Өзгөн РИИБсинин начальниги, Ноокат РИИБинде улук тергөөчү, 1986-жылдан тергөө бөлүмчөсүнүн начальниги, начальниктин тергөө иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенип, 1994-жылы отставкага чыккан. 1995-жылы Чечдөбө айыл чарба кооперативин негиздеп, 2002-жылга чейин жетектеген. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук адвокатурасында адвокат болуп иштейт. СССР юристтеринин 1-съездине делегат болуп катышкан. «Советтик милициянын отличниги», 1987-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советинин президиумунун Ардак грамотасы ыйгарылган, «Ош — 3000» юбилейлик медалы менен сыйланган. Милициянын отставкадагы подполковниги.

## *КАМЧИЕВА Дилбар Тешебаевна*



Камичева Дилбар Тешебаевна 1958-жылы 10-майда Ош облусунун, Ноокат районунда Эски-Ноокат айылында колхозчунун үй-бүлөсүндө туулган. 1965-жылы Крупская атындагы орто мектепке биринчи класска окуга кирип, аны 1975-жылы ийгиликтуу бутурду. 1975-жылдын сентябрь айынан 1978-жылдын август айына чейин райондук оорукананын тубдиспансер бөлүмүндө раздатчица болуп иштеген. 1979-жылдын июнь айына чейин Оштогу бир жылдык бухгалтердик курсун бүтүрдү. 1979-жылдан 1990-жылга чейин Фрунзе атындагы колхоздо расчетный бухгалтор. 1990-жылдан 1992-жылга чейин Чечме-Сай колхозунда ст. расчетный бухгалтер. 1992-жылдан 1993-жылга чейин райондук статистика комитетинде башкы бухгалтер, 1993-жылдан 1996-жылга чейин райондук статистика комитетинде экономист. 1996-жылдын 1997-жылдын октябрь айына чейин райондук сотто канцелярия башчысы. 1997-жылдын октябрь айынан 1999-жылдын апрель айына чейин Ноокат райондук адвокат. 1999-жылдын апрель айынан ушул кунге чейин Ноокат райондук адвокатурасынын башчысы болуп ушул иштеп келе жатам. 1988-жылы Фрунзе шаарындагы Скрябин атындагы институттун экономика факультетин 1993-жылы сырттан окуу бөлүмүн бүтүрдү. 1995-жылы Ош шаарындагы Улуггук Университеттин юридикалык факультетин 1998-жылы ийгиликтуу бүтүрдү (сырттан). Иштеп жүргөндө төмөндөгүдөй сыйлыктардын ээси болгон: 2004-жылдын июнь айында Ош облдосттук администрациясынын "Ардак грамотасы", 2005-жылы жылдын жыйынтыгы боюнча Ош облосттук адвокаттар коллегиясынын Президиумунун Ардак грамотасы, 2005-жылдын июнь айында Кыргыз республикасынын адвокаттар Союзунун "Ардак грамотасы" менен адвокаттардын I съездинде, 2005-жылдын октябрь айында Ош областык адвокаттар коллегиясынын Президиумунун "Ардак гамотасы" менен 9 айдын жыйынтыгы боюнча, 2006-жылдын февраль айында жылдын жыйынтыгы боюнча Ош областтык адвокаттар коллегиясынын Президиумунун "Ардак грамотасы" менен 2007-жылдын декабрь айында Ош областтык шайлоо комиссиясынын мүчөсү болуп Кыргыз Республикасынын Жогорку Кенештин депутаттарынын шайлоосуна карата үзүрлүү иштегендиги үчүн Ош областтык мамлекеттик администрациясынын "Ардак грамотасы" .2007-жылы Ош областтык шайлоо комиссиясынын торагасынын "Ардак грамотасы" 2008-жылдын январь айында Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинин Грамотасы.

Ноокат райондук администрациясынын Ардак грамотасы менен сыланган.

## КИШИКТАЕВА
## Гуля Токтобакаевна



1949-жылы 1-майда Эскиноокат айылында туулган. 1966-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун райондук керек-жарак коомунда эсепчи болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылдан баштап, нан заводунда улук бухгалтер, көп тармактуу дүкөндүн директору болуп иштеген. 1973-жылы КМУнун экономика факультетин аяктагандан кийин Ноокат райондук керек-жарак коомунда партиялык уюмунда секретары, пландоо бөлүмүнүн башчысы, башкы экономист болуп эмгектенген.

## КАЛЫБАЕВ Садибай



1941-жылы Кыркол айылында туулган. Эмгек жолун 1960-жылы «Өсөр» колхозунда тракористтин жардамчысы болуп иштөө менен баштаган. Кыргыз мамлекеттик дене тарбия институтун аяктагандан кийин, Менделеев атындагы орто мектебинде мугалим, Ноокат райондук дене тарбия жана спорт комитетинин төрагасы, райондук спорт мектебинин директору болуп эмгектенген. Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген машыктыруучусу. «Манас — 1000» юбилейлик медалынын ээси. Областтык, республикалык, Союздун спорт комитеттеринин Ардак грамоталары менен сыйланган.





## КУШБАКОВ
## Равшанбек Шамшидинович



1966-жылы 3-июлда Карасуу районунун Савай айылында туулган. 1983-жылы Киров атындагы № 3 орто мектепти бүтүргөн. Эмгек жолун 1985-жылы Оштогу ХБКда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1991-жылы ФПИни инженер адистиги аяктаган. 1993-жылы Ош областтык электр тармактар ишканасында электромонтёр, 1996 – 98-жылдары Кызылкыя шаардык электр тармактар ишканасында башкы инженер, 1999-жылы Лейлек райондук электр тармактар ишканасында начальник болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери Ноокат райондук электр тармактар ишканасынын начальниги болуп иштеп келе жатат. 2 баласы бар. Өмүрлүк жары — мугалим.

## МАМАНОВ
## Мурзакарим Байдиллаевич



1960-жылы 20-январда Чечдөбө айылында туулган. 1977-жылы Ломоносов атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1981-жылы Фрунзе шаарындагы К. И. Скрябин атындагы кыргыз айыл чарба институтун бүтүргөн, эмгек жолун № 44 жылкы заводунда жардамчы бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылдан комсомол комитетинин секретары, 1983-жылдан 1995-жылга чейин № 44 жылкы заводунун экономисти, Чечдөбө көп тармактуу айыл чарба кооперативинин башкы бухгалтери болуп эмгектенген. 1999-жылы Ноокат району боюнча мамлекеттик салык инспекциясынын сырттан көзөмөлдөө бөлүмүнүн инспектору, 2000-жылы аталган бөлүмдүн ага инспектору, ошол эле сырттан көзөмөлдөө бөлүмүнүн начальниги, 2001-

жылы Ноокат району боюнча мамлекеттик салык инспекциясынын начальнигинин орунбасары болуп иштеген. 2002-жылдан бери Ноокат району боюнча мамлекеттик салык инспекциясынын начальниги болуп иштеп келе жатат.

## *МАМАТАЛИЕВ Муктар Абдыраимович*



1969-жылы 1-июлда Караташ айылында туулган. 1981-жылы ОшПИни аяктаган. Эмгек жолун Арал айылындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылы Чапаев атындагы колхоздо комсомол комитетинин секретары, профсоюз комитетинин төрагасынын орунбасары, 1989 – 93-жылдары Ноокат райаткомунда бөлүм башчы, Граждандык коргонуу штабынын начальниги болуп эмгектенген. 1993-жылдан бери Агроөнөржай кызмакерлеринин профсоюзунун Ноокат райондук комитетинин төрагасы болуп иштеп келе жатат. Райондук, айылдык кеңештерге бир нече жолу депутат болуп шайланган. Кыргызстан АӨЖ кызматкерлеринин Борбордук комитетинин мүчөсү жана областтык комитеттин президиумунун мүчөсү. Төрт баласы бар. Өмүрлүк жары — мугалим.

## *МАТНАЗАРОВ Нияз Сабирович*



1964-жылы 11-майда Кожоке айылында туулган. 1981-жылы Ломоносов атындагы орто мектепти аяктаган. Эмгек жолун милициянын катардагы кызматкери болуп иштөөдөн баштаган. 1985 – 87-жылга чейин СССРдин ички иштер министрлигинин Краснодар шаарындагы МАИ мектебин бүтүрүп келген. 1987 – 88-жылдары Ташкөмүр шаардык ички иштер бөлүмүнүн участкалык инспектору, 1988 – 96-жылдары МАИнин башкы инспектору, 1996-жылдан 1998-жылга чейин Ош областтык МАИнин техникалык көзөмөлдөө инспектору, 1998 – 99-жылдары Ноокат райондук ички иштер бөлүмүнүн МАИ бөлүмчөсүнүн начальниги, 1999-жылдан 2002-жылга чейин Ош областтык МАИнин техникалык көзөмөлдөө инспектору, 2002-жылдан бери Ош областтык МАИ башкармасынын начальниги кызматтарын аркалаган. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук МАИ бөлүмчөсүнүн начальниги болуп иштеп жатат. Милициянын подполковниги.

## *СУРАНОВ Аскар*



1939-жылы Акбулак айылында туулган. Эмгек жолун 1967-жылы райондук маданият бөлүмүндө айдоочу болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылы маданият техникумун аяктаган, 1987-жылы Ш. Термечиковдун мараке тоюнда 1-орунду жеңип, баалуу сыйлык алып, лауреат деген наамга татыган. Токтогулдун 125 жылдык мааракесинде куудулдардын республикалык конкурсунда 1-орунду, андан соң куудулдардын республикалык конкурсунда 210 куудулдун ичинен 1-орунду, Манас эпосунун 1000 жылдык мааракесинде 1-орунду, Оштун 3000 жылдыгында алдыңкы орунду ээлеген. «Манас — 1000» юбилейлик медалы менен сыйланган. «Тойдогу тамаша», «Водканын өлүмү», «Доктор оору», «Саипкамал чакырганда», «Прокурор эмне дейт экен?», «Шофёрдун каты» аттуу сатиралык чыгармалардын автору. Бүгүнкү күндө райондук маданият үйүндө иштейт.

## ТЕМИРАЛИЕВ Тайлакбай



1949-жылы 29-октябрда Кыргызата айылында туулган. 1967-жылы Жалалабат шаарындагы педагогикалык окуу жайын аяктаган. Эмгек жолун «Алмалык» толук эмес орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. Андан соң, А. Үсөнбаев атындагы толук эмес орто мектебинде башталгыч класстын мугалими болуп иштеген. 1972-жылы ОшПИнин орус тили жана адабияты мугалими, К. Маркс атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими, директордун тарбиялык иштер боюнча орунбасары, 1984-жылы райондук билим берүү бөлүмүнүн кадрлар боюнча инспектору, 1995-жылдан 2001-жылга чейин Ноокат райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. Эл агартуунун отличниги. Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган. 2001-жылдын 31-августунда 52 жаш курагында дүйнөдөн кайткан.

## ТЕМИРОВ Кудайберген



1949-жылы 17-октябрда Кыргызата айылында туулган. 1966-жылы эмгек жолун Ноокат райондук маданият үйүндө иштөө менен баштаган. Алгачкы обондору «Айбыгып жүрөм», «Карап койчу», «Саадатым», «Кыргызата», «Тууган жер», «Ноокаттын сары алтыны», «Садагам» ж. б. Москвада болгон бир нече жолку фестивалдардын лауреаты, Фрунзе шаарында болгон бир нече жолку кароо-конкурстарынын жеңүүчүсү. Маданият министрлиги тарабынан бир нече Ардак грамоталар ыйгарылган. 1980-жылкы Москва шаарында өткөн Олимпиаданын катышуучусу. Жетимишке жакын обондун автору.





## ТАШБАЛТАЕВ Розимахаммат



1951-жылы 23-июнда Эскиноокат айылында туулган. 1968-жылы орто мектепти бүтүргөндөн кийин Самарканд шаарындагы кооперативдик институттун экономика факультетине кирип, 1972-жылы аяктаган. Эмгек жолун Ош областтык аткаруу комитетинин соода башкармасында баалар боюнча экономист болуп иштөө менен баштаган. 1974-жылдан 1984-жылга чейин Ноокат райондук керек-жарак коомунда кадрлар боюнча инспектор, «Алтын бешик» универмагында директор, 1-Май айылдык керек-жарак коомунда башкарманын соода боюнча орунбасары кызматтарын аркалаган. 1985-жылдан бери Ноокат райондук керек-жарак коомунун төрагасы болуп иштеп келе жатат. Ош областтык, Ноокат райондук кеңештерге депутат болуп шайланган. 1974 – 88-жылдар ичинде керек-жарак коомдор союздарынын съездине делегат болуп шайланган. КПСС БКнын жана министрлер советинин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын керек-жарак коомдор союзунун баалуу сыйлыктарына татыган.

## УРАИМОВА Жумагүл Абдыкадыровна



1963-жылы Бел айылында туулган. Жогорку билимдүү. Эмгек жолун 1980-жылы Белөрүк колхозунун комсомол комитетинин секретарына орунбасар болуп иштөө менен баштаган. 1986 – 87-жылдары аталган колхоздун комсомол комитетинин секретары, 1987-жылдан 1997-жылга чейин Белөрүк орто мектебинде мугалим, директордун окуу-тарбиялык иштер боюнча орунбасары, 1997-жылдан 1998-жылга чейин Ноокат рай-

ондук элге билим берүү бөлүмүндө методист болуп иштеген. 1999-жылдан бери. Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келатат. 1983-жылы өткөрүлгөн «Студенттик жаз — 83» фестивалынын лауреаты, 1982-жылы «Беш ыргай» аттуу республикалык фестивалдын катышуучусу, 1993-жылы райондогу «Жылдын мыкты мугалими» конкурсунун, областтагы «Перизат» телеконкурсунун, 1989 – 1999-жылдары өткөн «Ишкер айым» конкурсунун район, област, республикадагы жеңүүчүсү. Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнүн отличниги. 2005-жылдан 2007-жылдын март айына чейин ОШ облустук маданият башкармалыгында башкы адис, 2007-жылдын апрель айынан бери Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын орун басары болуп иштеп жатат.

## ТУРДУКУЛОВ
## Абдыш Асанович



1959-жылы 15-августта Калинин айылында туулган. 1980-жылы Фрунзедеги автожол техникумун аяктаган. Эмгек жолун 1982-жылы Карасуу районундагы Фрунзе колхозунда инженер-механик болуп иштөө менен баштаган. 1984-жылы Ош ШИИБсинин МАИ бөлүмчөсүндө жол көзөмөлдөө инспектору, 1987-жылдан 1993-жылга дейре агитация, пропаганда боюнча инспектор, МАИнин нөөмөтчү инспектору, 1993 – 1998-жылдары Ош шаардык МАИнин начальниги, 1998-жылдан Ош ШИИБнин кылмыш иликтөө бөлүмүнүн опер өкүлү, Ош областтык ИИБде кылмыш иликтөө бөлүмүнүн ага опер өкүлү болуп эмгектенген. 2000-жылдан баштап, Баткен областтык МАИнин начальниги кызматтарын аркалаган. Ноокат райондук Ички иштер бөлүмүнүн начальниги болуп иштеген. 2002-ж. Алай РИИБин ИДН начальник 2002-ж. март Ноокат РИИБин Көк-Жар милиция бөлүмчөсүн начальниги 2005-ж. Ноокат РИИБин начальниги 2006-ж. Кара-Кульжа РИИБин начальниги. 2007-ж. Ош обл.ИИБнын МАИ бөлүмүнүн начальниги. 2008-ж. Ноокат РИИБин МАИ бөлүмүнө начальник. 2009-ж. 15 август күнү органда иштеген 25 жыл.Өзү 50 жаш толгондугуна байланыштуу ардактуу эсалууга чыкты.





## КУЛМАТОВ
## Абдилла Жаңыбаевич

1956-жылы 18-февралда Көкбел айылында туулган. 1972-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектепти бүтүргөн. Эмгек жолун Россия колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылы Рязань шаарындагы радио-техникалык институтту аяктагандан кийин, Оштогу өндүрүштүк-техникалык байланыш башкармасында инженер, улук инженер, цехтин башчысы болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери «Кыргызтелеком» акционердик коомунун Ош областтык филиалынын Ноокаттагы бөлүмүнүн начальниги болуп иштеп келе жатат.

## МУРЗАБАЕВ
## Абдыгапар Разыкович



1967-жылы 18-декабрда Эскиноокат айылында туулган. 1985-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1989-жылы мамлекеттик дене тарбия институтун аяктаган. Эмгек жолун Ноокаттагы балдардын спорт мектебинде эркин күрөш боюнча машыктыруучу болуп иштөө менен баштаган. 1991-жылы аталган мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1999-жылы балдар, өспүрүмдөр дене тарбиясын чыңдоо клубунун директору, райондук физкультура, спорт жана туризм комитетинин башчысы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук туризм жана спорт комитетинин төрагасы болуп иштеп жатат. Төрт баласы бар.

## *ИБРАГИМОВ Кадырбек*



1964-жылы 20-ноябрда Араван районунун Карл Маркс айылында туулган. 1991-жылы Москвадагы политехникалык институтун инженер-технолог адистигин аяктаган. Эмгек жолун Оштогу мебель фабрикасында (азыркы «Чынар» АКсы) текшерүүчү болуп иштөө менен баштаган. Андан соң мастер, цехтин технологу, 1997-жылы «Чынар» Акционердик Коомунун генералдык директорунун орунбасары, 1998-жылдан Араван райондук почта байланыш түйүнүнүн начальниги болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери Ноокат райондук почта байланыш түйүнүнүн начальниги болуп иштеп келе жатат. ОшМУнун юридика факультетин аяктаган.

## *ЭГЕМБЕРДИЕВ Махаматадыл Момунович*



1958-жылы 10-январда Кыргызата айылында туулган. 1975-жылы Карл Маркс атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1981-жылы КММИни аяктаган. Эмгек жолун Кыргыз илим-изилдөө кардиология институтунда иштөө менен баштаган. 1982 – 1986-жылдары Ноокат райондук борборлоштурулган ооруканасында врач-кардиолог, 1986-жылдан 1989-жылга чейин башкы дарыгердин орунбасары, 1989-жылдан 1998-жылга дейре «Россия» айылдык ооруканасынын башкы дарыгери болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери Ноокат райондук кургак учукка каршы диспансеринин башкы врачы болуп иштеп келе жатат. Эки уул, үч кызы бар. Өмүрлүк жары — мугалим. 2005-жылдын сентябрь айынан 2007-ж. август айына чейин райондук аймактык ооруканасынын директору болуп иштеген.





2009-ж. январь айынан райондук кургап учукка каршы диспансер башкы директор болуп иштеп жатат.

## *МАМЫТОВ Талант Омонович*



1965-жылы 7-августта Чечтебө айылында туулган. 1982-жылы Токтогул атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ош шаардык ички иштер бөлүмүндө катардагы кызматкер болуп иштөө менен баштаган. Милициянын Бишкектеги окуу жайын, КМУнун юридика фыкультетин аяктаган. 1993-жылы Ош облакттык ички иштер башкармалыгында улук инспектор, кылмыш иликтөө бөлүмүндө опер, улук опер, улук оперуполномочен, 2000-жылдан 2003-жылга чейин Ноокат райондук ИИБсинин кылмыш иликтөө бөлүмчөсүнүн начальниги болуп эмгектенген. Учурда Ноокат райондук ичик иштер бөлүмүнүн начальнигинин орунбасары болуп иштеп жатат. Милициянын подполковниги. ИИМдин, областтык ички иштер башкармалыгынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Эки баласы бар. Өмүрлүк жары — үй кызматкери.

## *БОБУЛОВ Акматаалы Маматович*



1946-жылы Баргы (мурдагы Өсөр) айылында туулган. 1969-жылы КМИИнин стоматология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Кызылкыя шаардык ооруканасында врач-стоматолог болуп иштөө менен баштаган. 1970-жылдан 1982-жылга чейин Ноокат райондук борбордук ооруканасында стоматология бөлүмүнүн башчысы, 1982 –

1986-жылдары райондун борборлоштурулган ооруканасынын башкы врачы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук стоматологиялык поликлиникасынын башкы врачы болуп иштеп жатат. Кыргыз Республикасынын саламаттык сактоо министрлигинин ардак белгиси жана КР президентинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

***ОРОЗАЛИЕВ***
***Айбек Ботобекович***



1958-жылы 15-июлда Кожоке айылында туулган. КММИнин дарылоо факультетин аяктаган. 1985-жылы Ысыккөл областынын Жети-Өгүз районуна соттук медициналык эксперти болуп дайындалган, 1993-жылдан бери Ноокат районуна соттук медициналык бөлүмүнүн башкы врачы болуп эмгектенип жатат. Бир нече жолу Ардак грамоталар менен сыйланган. I-квалификациялык категориядагы дарыгер. Беш баласы бар. Жубайы — дарыгер.

***ТОКТАЛИЕВА***
***Саткынбүбү Койчумановна***

1955-жылы 23-февралда Талас районунун Калаба айылында туулган. 1977-жылы КММИнин санитардык-гигиена факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат райондук санитардык-эпидемиологиялык станциясында врач болуп иштөө менен баштаган. 1994-жылдан 1996-жылга чейин балдардын борбордук поликлиникасында инфекционист-врач болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Ноокат райондук санитардык-эпидемиологиялык станциясында башкы врач болуп иштеп келе жатат. Бир уул, бир кызы бар. Өмүрлүк жолдошу — врач.





***ЭГЕМБЕРДИЕВ***
***Сабырали Момунович***



1963-жылы Кыргызата айылында туулган. 1987-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган. 1987-жылдан 1988-жылга чейин талаачылык бригадасында учётчик, 1988-жылы Тельман атындагы колхоздо бригадир, 1989-жылдан 1991-жылга чейин райондук айыл чарба башкармасында жетектөөчү агроном, 1991 – 1995-жылдары райондук айыл чарба башкармасында башкы агроном болуп эмгектенген. 1995-жылдан бери жер жана агрардык реформа борборунда директор болуп иштеп келе жатат. Үч уул, бир кызы бар.

***АШИМОВ Асилбек***



1950-жылы Көкбел айылында туулган. 1966-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1972-жылы Карагандыдагы политехникалык институтту аяктаган. Эмгек жолун Ташкөмүрдөгү шахта башкармасынын начальнигинин жардамчысы болуп иштөө менен баштаган. 1973-жылдан 1979-жылга чейин Ноокат райондук айылчарба башкармасынын курулуш бөлүмүндө башкы инженер, 1979 – 1983-жылдары курулуш бөлүмүнүн начальниги, 1983-жылдан 1988-жылга дейре объектилерди куруу дирекциясынын директору, Ноокат РАПОсунун торагасынын курулуш иштер боюнча орунбасары болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө «Курулуш» акционердик коомунун төрагасы болуп иштеп жатат. 7 баласы бар.

## САЛИЕВ
## *Камчыбек Жаныбекович*



1956-жылы 15-августта Кеңеш айылында туулган. Эмгек жолун 1975-жылы ДЭУ – 21де слесарь болуп иштөө менен баштаган. 1980-жылы ФПИни аяктаган. 1981-жылы Алай районундагы «Живпромдо» инженер, Ноокат районундагы «Ленинизм» колхозунда башкы инженер, 1986 – 1988-жылдары Ноокат РАПОсунун төрагасынын орунбасары, 1988-жылдан партиянын Ноокат райкомунда уюштуруу бөлүмүнүн инструктору, Ленинизм колхозунун башкы инженери, 1992-жылы Кызылтейит колхозунун төрагасы, 1994-жылдан Кеңеш айылдык советинин төрагасы, 1995-жылдан 1998-жылга чейин райондук автостанциясынын начальниги, 1998 – 2002-жылдары райондун мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Ноокат райондук элди иш менен камсыз кылуу борборунун директору болуп иштеп келе жатат.

## БАИТОВА
## *Жамиля Мусаевна*



1960-жылы 20-мартта Эскиноокат айылында туулган. 1977-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1982-жылы Оренбургдагы В. П. Чкалов атындагы педагогикалык институттун тарых-филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Н. К. Крупская атындагы орто мектебинде тарых мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1988-жылдан 2000-жылга чейин аталган мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. ОшМУнун юридика факультетин аяктаган. 2002-жылдан бери Ноокат райондук ЗАГСтын башчысы болуп иштеп келе жатат. 2 кыз, 1 уулу бар.





## МАДМАРОВА
## *Эльнара Абдувалиевна*



1971-жылы 18-майда Эскиноокат айылында туулган. 1988-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1993-жылы ОшМУнун филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Н. К. Крупская атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1996-жылы Ноокат райондук ЗАГС бөлүмүнүн башчысы, 2001-жылдан баштап Жалалабат облисттык юстиция башкармасында ЗАГС органдарынын башчысы болуп эмгектенген. 1991-жылы КМУнун юриспруденция факультетин аяктаган. 2002-жылдан бери Ноокат райондук мамлекеттик нотариалдык кеңсенин башчысы — мамлекеттик нотариусу болуп иштеп келе жатат. II класстагы юрист. Райондук кеңештин депутаты. Эки баласы бар. 2003-жылдан Ноокат шаардык Кеңешинин депутаты. 2007-жылдын 31-октябрында Президент К. Бакиевдин Указы менен Ош облустук сотунун судьясы болуп иштеп жатат. III класстагы юрист.

## АЛИМЖАНОВ Якубжан



1953-жылы 14-декабрда Эскиноокат айылында туулган. 1971-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Ноокат райондук даярдоо конторасында бухгалтердин жардамчысы болуп иштөө менен баштаган. 1977-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган соң, райондун кожзаводунда башкы бухгалтер болуп



13 — 326

иштөө менен эмгек жолун уланткан. 1982-жылдан 1985-жылга чейин партиянын Ноокат райкомунун уюштуруу бөлүмүндө инструктор, 1985 – 94-жылдары нан заводунун гендиректору, 1994-жылдан 1995-жылга дейре Ноокат райондук керек-жарак коомдук башкармалыгынын төрагасы болуп эмгектенген.

Бүгүнкү күндө райондун ишкерлер ассоциациясынын төрагасы. Айылдык, райондук, облесттык советтерге депутат болуп шайланган. Кыргыз Республикасынын президентинин Ардак грамотасынын ээси. Беш баласы бар.

## МАМАНОВ Рахманберди



1948-жылы Караташ айылында туулган. КМУнун филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1972-жылы Кайнарбулак орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1974 – 1978-жылдары Ош облусттук телекөрсөтүү жана радиоуктуруу комитетинде редактор, 1978-жылдан баштап «Колхозчу» газетасында жооптуу катчы болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери «Ноокат таңы» газетасынын редактору болуп иштеп келе жатат. «Аттокур аска» аттуу китептин автору.

## УСУБАЛИЕВ Бакыт Токтогазиевич

1964-жылы 15-ноябрда Кемин районунун Карабулак айылында туулган. Кыргыз мамлекеттик университетинин юридика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1988-жылы Чүй райондук сотунда сот аткаруучу болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылы Суусамыр райондук сотунун төрагасы, Жайыл райондук сотунун судьясы, 1996-жылы Чүй-Токмок шаардык сотунун судьясы кызматтарын аркалаган. 1999-жылдан бери райондук соттун төрагасы болуп иштеп келе жатат. Үч баласы бар.





## ОРОЗАЛИЕВ Жанышбек



1949-жылы 11-майда Күңгөйкожоке айылында туулган. 1966-жылы Ломоносов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1974-жылы Москвадагы Соода институтун аяктаган. Эмгек жолун № 44 жылкы заводунда бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1974-жылы облесттык керек-жарак коомунда кадрлар боюнча инструктор, текшерүү башкармасынын текшерүүчүсү, 1978-жылы башкарманын улук текшерүүчүсү, 1979 – 1983-жылдары Өзгөн аймагы боюнча бөлүм начальниги, 1983-жылдан 1998-жылга чейин облесттык текшерүү комиссиясынын улук текшерүүчүсү, облесттык текшерүү көзөмөлдөө башкармасынын начальнигинин орунбасары, облесттык текшерүү комиссиясынын төрагасы болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери «Ноокат базары» жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору болуп иштеп келе жатат. Республикалык Керек-жарак коомдор союзунун, облесттык керек-жарак коомунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Эки уул, эки кызы жана эки небереси бар.

## МИРМАХМУДОВ Абдурауф Абдулхакимович



1958-жылы 25-декабрда Эскиноокат айылында туулган. 1975-жылы Фрунзе атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1979-жылы Ташкент эл чарбачылыгы институтунун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Фрунзе атындагы колхоздо бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылы Фрунзе колхозунун текшерүү комиссиясынын председатели, 1984 – 86-жылдары аталган колхоздун улук экономисти, андан соң башкы

экономисти, 1990-жылдан 1992-жылга чейин башкы бухгалтери, 1992-жылы «Хазинадыйканбанктын» төрагасы, 1998-жылы «Кыргыздыйканбанкынын» башкармасы болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери «Кыргызстан» АКБсынын Ноокаттагы филиалынын жетекчиси болуп иштеп келе жатат. 4 уул, 2 кызы бар. Өмүрлүк жары — үй кызматкери.

### *ДУВАНАЕВ Байыш Качыбекович*



1953-жылы Борко айылында туулган. 1968-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектебин бүтүргөн. Фрунзедеги финансылык техникумду, КМУнун экономикалык факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат райондук элге билим берүү бөлүмүндө бухгалтер болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылдан 1986-жылга чейин «Межколхозстрой» ишканасында экономист, пландоо бөлүмүнүн начальниги, Элдик көзөмөл комитетинде инспектор, 1986-жылы партиянын Ноокат райкомунда инструктор болуп эмгектенген. 1990-жылдан бери Ноокат райондук статистика башкармасынын начальниги болуп иштеп келе жатат. Улуттук статкомдун, Кыргызстан элдик көзөмөлдөө комитетинин, обладминистрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. 5 баласы, 2 небереси бар. Өмүрлүк жары — мугалим.

### *АКМАМАТОВ Сүйүналы Абдисаматович*

1964-жылы Кызылтейит айылында туулган. Эмгек жолун 1981-жылы Маданият колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1984-жылдан 1987-жылга чейин Кызылтейит айылын-







дагы торпокторду багуу комплексинде оператор болуп иштеген. Ош облустук 1989-жылы Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумун ийгиликтүү аяктагандан кийин, Ош облустук финансы башкармасында ага бухгалтер-текшерүүчү, 1991 – 94-жылдары райондук финансы бөлүмүнүн башкы бухгалтеринин жардамчысы, башкы бухгалтери, 1994-жылдан райондук казына бөлүмүнүн башкы адиси болуп эмгектенген. 1996-жылдан бери райондук казына бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

### *ХАМИТЖАНОВ Нурилло*



1974-жылы 15-июлда Эскиноокат айылында туулган. 1964-жылы Менделеев атындагы орто мектепти бүтүргөн. 1969-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун агрономия факультетин аяктаган. Эмгек жолун Чапаев атындагы колхоздо участкалык агроном, 1971-жылы Ноокат райондук айыл чарба башкармалыгында инженер-гидротехник, 1973-жылдан 1977-жылга чейин Ноокаттагы тоют даярдоо чарбасында улук агроном, 1978 – 1989-жылдары Чапаев атындагы колхоздо башкы агроном, Фрунзе атындагы колхоздун башкармалыгынын төрагасы, 1991-жылы Мирмахмудов атындагы колхоздун башкы агроному, 1994-жылы Мирмахмудов атындагы айылдык кеңештин төрагасынын орунбасары, 1996-жылдан 2001-жылга дейре Мирмахмудов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысынын орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери эл депутаттарынын Ноокат райондук кеңешинин төрагасы болуп иштеп келе жатат. «Эмгектеги артыкчылыгы үчүн» медалы менен сыйланган. Райондук кеңештин депутаты. Беш баласы бар.

## АСАНБАЕВ
## Акуш Жаңыбаевич



1959-жылы 6-апрелде Борко айылында туулган. 1982-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Жаңы-Жол районундагы А. Осмонбеков атындагы орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими, директордун тарбиялык иштер боюнча орунбасары болуп иштөө менен баштаган. 1984-жылы Ноокат районундагы М. В. Ломоносов атындагы орто мектебинде мугалим, 1988-жылы райондук билим берүү бөлүмүндө методист жана 1995-жылы методикалык кабинетинин башчысы болуп иштеген. 2001-жылдан бери райондук мамлекеттик администрациясынын социалдык-саясат бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. ОИУУнун кеңешмесинин мүчөсү, Айылдык кеңешинин депутаты. Эл агартуунун мыктысы. Кыргыз Республикасынын билим берүү министрлигинин жана Ош облусттук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Аялы — мугалим, эки уул, бир кызы бар.

## САТТАРОВА Саадат



1952-жылы 7-январда Төөлөс айылында туулган. 1974-жылы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун англис тили факультетин аяктаган. Эмгек жолун Кызылкыя шаарындагы мектеп-интернатында англис тили мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1990 – 93-жылдары Караташ айылындагы орто мектепте мугалим, 1993-жылдан 1999-жылга чейин «Талант» кайрымдуулук фондусунун директору, Ноокат райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. 1977-жылы Ош облустук кеңешине, 2000-жылы райондук кеңешке депутат болуп шайланган. Мугалим-методист. Эл агартуунун отличниги. 1988-жылы өткөн бүткүлсоюздук мугалимдер съездинин делегаты, 1993-жылы өткөрүлгөн Республикалык «Жылдын мугалими» сынагынын жеңүүчүсү, «Манас — 1000», «Ош — 3000» медалдарынын ээси. Республикалык Кыргызстан ишкер аялдар ассоциациясынын башкармалыгынын мүчөсү. Кыргызстан аялдар конгрессинин райондук филиалынын, райондук аялдар кеңешинин төрайымы. 2 уул, 3 кызы бар.





## РЫСБАЕВ
## Азизбек Ысакович



1958-жылы 26-декабрда Кыркол айылында туулган. 1980-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун «Россия» колхозунда зоотехник болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылдан 1985-жылга чейин комсомолдун Ноокат райкомунун II секретары, 1985-жылы I секретары, 1987 – 1991-жылдары У. Салиева атындагы колхоздо парткомунун секретары, 1994-жылдан 1998-жылга дейре партиянын Ноокат райкомунда бөлүм башчысы, Ош областтык мүлк фондусунда Ноокат району боюнча башкы адис, «Баргы» колхозунун башкармалыгынын төрагасы, райондук ишкерлер бюросунун директору, Кыркол айылдык советинин төрагасы, Т. Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы, 1998-жылдан «Нуска» дыйкан чарбасынын жетекчиси, 1999-жылы райондук мамлекеттик администрацияда башкы адис болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Ноокат райондук мамлекеттик администрациянын аппарат жетекчиси болуп иштеп келе жатат.

## АЛИЕВ
## Абдыганы Турдуматович



1955-жылы 10-февралда Көкбел айылында туулган. 1972-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. 1976-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокен (мурдагы Ленин) районунун № 12 Турусбеков атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1978 – 1983-жылдары Көкбел орто мектебинде мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, партиянын Ноокат райкомунда инструктор, 1985-жылдан 1989-жылга чейин партиялык комитетинин председатели, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1990-жылы Ноокат райондук кеңештин төрагасынын орунбасары — аппарат жетекчиси, 1991-жылы райадминистрациянын аппарат-жетекчиси. 1993-жылы райондук мамлекеттик администрация башчысынын орунбасары, 1995 – 2000-жылдары областтык мамлекеттик администрациясынын аппарат жетекчиси, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы. 2000-жылдан бери Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын башчысынын биринчи орунбасары болуп иштеп келе жатат.

## ЖОЛДОШЕВ Нурмамат



1948-жылы 28-октябрда Жаңыбазар айылында туулган. 1968-жылы Оштогу айыл чарба техникумун аяктагандан кийин эмгек жолун Оштогу аймактык агрохим лабораториясында агроном болуп иштөө менен баштаган. 1971 – 1979-жылдары № 44-жылкы заводунда тракторист, бөлүмдүн агрономү, тамеки боюнча агроном, үрөнчүлүк боюнча агроном, 1979-жылдан 1981-жылга чейин Алай райондук айыл чарба башкармасында башкы агроном, 1981-жылы партиянын Алай райкомунда инструктор, аталган райондо айыл чарба продуктыларын сатып алуу жана сапаты боюнча мамлекеттик инспекциясынын башкы мамлекеттик инспектору, 1983-жылдан партиянын райондук комитетинде айыл чарба бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1987-жылдан 1992-жылга дейре «Абшыр» бакчылык совхозунда директор, 1992 – 2002-жылдары «Алтын-Кылыч» фирмасынын директору кызматтарын аркалаган. 2002-жылдан бери райондун жерге жайгаштыруу жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча башкармасынын башчысы болуп иштеп келе жатат. 3 уул, 2 кызы, 3 небереси бар. Өмүрлүк жары — медицина кызматкери.





## МАЛИКОВА Кундуз



1950-жылы Борбаш айылында туулган. 1967-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1971-жылы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтун физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун М. Горький атындагы мектеп-интернатында мугалим болуп иштөө менен баштаган. Андан соң Б. Атишев, У. Салиева, К. Надиров атындагы жана Көкжар орто мектептеринде мугалим, комсомол комитетинин катчысы, профсоюз комитетинин төрайымы кызматтарын аркалаган. 1992-жылдан баштап А. Осмонов атындагы орто мектебинде профсоюз комитетинин төрайымы, 1996-жылы аталган мектептин директору болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы «Үй-бүлө жана аялдар» комиссиясынын төрайымы болуп иштеп жатат. Чакан бизнести өнүктүрүү максатында областта биринчи болуп, «К» кредит компаниясын ачкан. Эл агартуунун отличниги. Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин I Курултайынын делегаты. Областтык билим берүү башкармалыгынын, райондук мамлекеттик администрациясынын Ардак грамоталары жана Кыргызстан аялдар конгрессинин дипломуу менен сыйланган. Айылдык кеңештин депутаты.

## АСАМИДИНОВ Айдарали



1956-жылы 22-сентябрда туулган. 1980-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун ветеринария факультетин аяктагандан кийин Пүлгөн айылындагы жаныбарлардын ылаңына каршы күрөшүү боюнча станциясында ветеринардык врач, 1984 – 86-жылдары Кадамжай районундагы Хайдаркен совхозунда ветврач, «Достук» колхозунда башкы ветеринардык врач, партиянын Фрунзе райкомунда инструктор, 1990-жылдан 1993-жылга чейин Көкталаа атайын адистештирилген чарбасынын директору, 1993 – 96-жылдары Кадамжай райадминистрациясынын башчысынын орунбасары, 1-орунбасары, аталган райондук айыл чарба департаментинин директору, Жалалабат облусттык кооператорлор ассоциациясынын төрагасы болуп эмгектенген. 1999-жылы Жалалабат облусттык мамлекеттик администрациясында агрардык маселелер боюнча башкы бөлүм башчы, Ош облусттык айыл чарба башкармасынын начальниги кызматтарын аркалаган. 2001-жылдан бери Ноокат райадминистрация башчысынын орунбасары, райондук айыл чарба департаментинин начальниги болуп иштеп келе жатат. Үй-бүлөлүү. 4 баласы бар.

## БОЖОКОВ Талыпжан Аппазович



1967-жылы 15-февралда Кыргызата айылында туулган. 1984-жылы Ф. Энгельс атындагы орто мектебин бүтүргөн. Хмельницкий шаарындагы Жогорку аскердик окуу жайын, Саратов шаарындагы Жогорку аскер академиясынын атайын курсун артыкчылык диплому менен аяктаган.





1988-жылы Алмата облусунун Жамбул районундагы аскер бөлүктө дивизиондук взвод башкармалыгынын командири, 1990 – 1992-жылдары Тажик Республикасынын Турсун-Заде шаардык аскер комиссариатында начальниктин орунбасары, 1992-жылдан 2000-жылга чейин Ош шаардык аскер комиссариатында Баткен районунун аскер комиссариатынын орунбасары, Карасуу шаарынын аскер комиссариатынын орунбасары, Алабука районунун аскер комиссариатынын комиссары, 2000-жылдан 2002-жылга дейре Ош облусттык аскер комиссарынын орунбасары болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Ноокат райондук аскер комиссариатынын комиссары болуп иштеп келе жатат. Аскер кызматынын подполковниги. СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу күчтөрүнүн юбилейлик медалдары менен сыйланган.

## ТОКТОРОВА Анаргүл Сатиевна



1962-жылы Кыргызата айылында туулган. КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1979-жылы Ноокат райондук финансы бөлүмүндө инспектор болуп иштөө менен туулган. 1984-жылдан 1987-жылга чейин комсомолдун Ноокат райкомунда сектор башчысы, 1987-жылдан финансы бөлүмүндө улук инспектор, 1990 – 1993-жылдары Ноокат райондук салык инспекциясында бөлүм начальниги, 1993 – 1997-жылдары салык инспекция начальнигинин орунбасары, башкы инспектор болуп эмгектенген. 1997-жылдан бери Ноокат райондук салык инспекциясында бөлүм начальниги болуп иштеп келе жатат. Финансы кызматынын отличниги. 2 баласы бар.

## АТАЛОВ
## Жуманазар Таштемирович



1960-жылы 18-ноябрда Улуутоо геологдор айылында туулган. 1978-жылы Ю. А. Гагарин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1984-жылы Новосибирск шаарындагы токой чарба техникумун аяктаган. Эмгек жолун Ош токой чарбасынын Ноокаттагы бөлүмүндө токой мастери болуп иштөө менен баштаган. 1996-жылы Ноокат токой чарбасында токойду коргоо жана сактоо инженери, 1997-жылдан 2000-жылга чейин башкы токойчу болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ноокат токой чарбасынын директору болуп иштеп жатат. Бир уул, эки кызы бар.

## БОТОЕВ Разык



1920-жылы Меркит айылында туулган. Он бир жашынан баштап, Ноокат айылындагы колхозчулар мектебинде окуган. Ал жерде төрт жыл окуган соң, Жалалабаттагы Сталин атындагы орто мектептен билимин уланткан. 1937 – 39-жылдары Фрунзе шаарындагы юридикалык мектепти бүтүргөндөн кийин, Эскиноокат райондук эл сотунда сот аткаруучу болуп иштөө менен эмгек жолуна чыйыр салган. 1940-жылы Кызыл Армиянын катарына аскерге чакырылып, Улуу Ата Мекендик согушка катышкан. 1948-жылдан 1950-жылга чейин Ноокат райкомпартиясында агитация жана пропаганда бөлүмүнө башчылык кылган. Андан соң Баку шаарындагы Аскер окуу жайында окуган. 1952 – 56-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөп, Актюбинскидеги 41498 аскер бөлүгүндө ротанын командиринин саясий иштер боюнча орунбасары, атайын батальондо ротанын командири болгон. 1956-жылдан 1968-жылга дейре Каганович, Салиева, Куйбышев колхоздорунун жана Кызылкыя совхозунун төрагасы, директору жана партиялык комитеттин катчысы кызматтарын аркалаган. 1968 – 70-жылдары Салиева атындагы № 8 кесипчилик окуу жайынын директорунун тарбиялык иштер боюнча орунбасары, аскердик даярдык боюнча мугалим болуп иштеген. 1981-жылы дүйнөдөн кайткан.

## АБДУЛЛАЕВ Шарип



1960-жылы Карагой жайлоосунда туулган. Кашкалдак орто мектебин бүтүргөн. Алгачкы эмгек жолун 1980-жылы Карагой тажрыйба станциясында иштөө менен баштаган. Алгачкы жолу 1987-жылы А. Өмүркановдун «Ата сөзү» деген ырына обон чыгарган. Октябрдын 70 жылдыгына өткөрүлгөн фестивалда жаш обончу деп таанылган. 1993-жылы областтык жаш обончулардын карроосунда 120 обончунун ичинен алгачкы байгенин ээси болгон. Түштүк жергесине «Сулууга» аттуу ыры менен элге кеңири таанылган. Республикалык «Манас — 1000» жана композиторлордун карoo-сынагында баалуу сыйлыктардын ээси. Ош шаарынын 3000 жылдык мааракесинде биринчи орунду ээлеген. 50гө жакын патриоттук, сүйүү темасындагы ж. б. ар түрдүү жанрдагы обондору бар.

## БАХАПОВА Санабархан

1945-жылы 31-декабрда Карасуу районунун Сарай айылында туулган. 1967-жылы Ташкенттеги текстиль институтунун инженер-технолог адистиги боюнча Лениндик стипендия менен окуп, артыкчылык диплому менен аяктаган.

Эмгек жолун Оштогу ВЛКСМ атындагы жибек комбинатында мастер болуп иштөө менен баштаган. 1967-жылдан 1985-жылга чейин аталган комбинатта технолог, өндүрүштүк бөлүмдүн

башчысы, профсоюз комитетинин төрайымы болуп иштеген. 1973-жылдан баштап партиянын Ош обкомунда агитация жана пропаганда бөлүмүндө инструктор, партиянын Ноокат райкомунун секретары, Ош обкомунун жеңил жана тамак өнөр жай бөлүмүнүн башчысы, 1985-жылдан 1990-жылга чейин партиянын Ош обкомунун секретары, 1990 – 91-жылдары Ош областтык аткаруу комитетинде укук жана экономика бөлүмүнүн башчысы кызматтарын аркалаган.

КПСС БКнын алдында коомдук илимдер академиясын артыкчылык дипломy менен бүтүргөн. 1990-жылы Ноокат районунун эли тарабынан Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1991-жылдан баштап 1998-жылга чейин Ош областтык мамлекеттик мүлк фондусунун төрайымы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ош областтык өндүрүштүш эксплуатациялык чарбасынын генералдык директору, Ош областтык аялдар комитетинин жана «Катмар» кредиттик союзунун башкармалыгынын төрайымы. Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген ишмер. СССРдин «Эмгектеги өзгөчөлөнгөндүгү үчүн» медалы жана Кыргыз Республикасынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Бир нече жолу райондук, шаардык, областтык советтерге депутат болуп шайланган. СССРдин мугалимдердин жана врачтардын съездине жана Кыргызстан Компартиясынын съездине делегат болуп шайланган. Үй-бүлөлүү. Үч баласы бар. Өмүрлүк жары Алтыбаев Каныбек аскер кызматынын генерал-майору.

## АЛЫКУЛОВ Мукамбек

1945-жылы 4-июнда Базаркоргон районундагы Совет айылында туулган. 1962-жылы орто мектепти аяктаган соң, Базаркоргон районундагы Ф. Энгельс атындагы колхоздо жумушчу болуу менен эмгек жолун баштаган. 1963-жылы Ташкенттеги Орто Азия политехникалык институттун тоолуу электромеханика жана тоокен өнөр жай автоматизациясы факультетине кирип, 1965-жылы Фрунзе шаарындагы политехникалык институтунун ошол эле факультетине которулат. 1969-жылы институтту аяктап, жолдомо менен Оштогу эт-сүт азыктарынын өнөр жай трестине башкы энергетик кызматына келет. 1971-жылдан баштап инженер, улук инженер, механикалык-оңдоо кызматынын начальниги, изоляция кызматынын башчысы, бириккен профсоюздар уюмунун төрагасы, Ош электр тармактар ишканасына караштуу Карасуу райондук РЭСте начальник, 1980 – 84-жылдары Кыргызстан Компартиясынын Ош обкомунун транспорт өнөр жай бөлүмүндө инструктор, 1987-жылга чейин электростанция жана электротехника өнөр жай кызматкерлеринин профсоюздарынын Ош обкомунун төрагасы болуп эмгектенген, 1987-жылдын октябрында Ош электр тармактар ишканасынын директору болуп дайындалган. Аталган ишкананын эмгек жамааты тарабынан 1988-жылы кайрадан директор болуп шайланган. 1990-жылы Кыргыз ССР Жогорку Советине депутат болуп шайланган. 1995-жылы Ноокат районунун эли Мукамбек Алыкуловду Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин эл өкүлдөр жыйынына депутат кылып шайлашкан. 1995-жылдын февраль айынан Ош шаардык мамлекеттик администрация башчысы болуп дайындалган.

1996-жылдын ноябрында кайра Ош электр тармактар ишканасына директор болуп келет. 2002-жылдан бери «Ошэлектро» ачык типтеги акционердик коомунун генералдык директору.

Кыргыз Республикасынын Ардак грамотасы жана «Даңк» медалы менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын өнөр жайына эмгек сиңирген кызматкер. Жогорку Кеңештин эл өкүлдөр жыйынынын II чакырылышынын депутаты. 4 перзенти, 7 небереси бар.

## ЖУМАЕВ Тайгара

1894-жылы Акбулак айылында туулган. Бостон уруусунан. Белгилүү Ботобой ырчы менен кошо жүргөн, айылдык Каар, Зайыр деген ырчылар менен айтышкандыгы дайын. Анын чыгармачылыгында жалпы түштүктүк ырчыларга мүнөздүү болгон санатнасыят, терме формасы кеңири өнүккөн. Ашыглык тууралуу ырларды чыгарган, алардын көркөмдүүлүгү жогору. «Жайнагам», «Ноодайым», «Акзирек», «Буракжан», «Динарым» деген ырлары анын ашыглык темасында абдан терең ой жүгүрткөн акын экенин, айрым учурда Барпы менен барабар турарын айгинелейт.

## *ТАБАЛДИЕВ Бектуруш (Салгамани)*



1957-жылы Каапырбашы айылында туулган. М. И. Калинин атындагы мектепти бүтүрүп, МСОдо жумушчу, социалдык камсыздоо бөлүмүндө эсепчи болуп иштеген. КМУнун журналистика бөлүмүн аяктаган. Оштогу ХБКда эмгектенип, андан соң «Мугалимдер газетасы», «Жаш ленинчи», «Zaman Кыргызстан» деген басылмаларда корректор, кабарчы, жооптуу катчы, гезит ээси милдеттерин аткарган. 1994 – 95-жылдары Казакстандын «Азия» газетасынын Кыргызстандагы өз кабарчысы болгон. Учурда «Ош жаңырыгы», «Аалам» газеталарынын Орусия боюнча өз кабарчысы.

«Үчүнчү коңгуроодон кийин», «Сагынып жашаймын» деген ыр топтомдору чыккан.

## *ШАРШЕКЕЕВА Канышай*

1955-жылы 15-апрелде Чүй районунда 1-Май айылында туулган. Фрунзедеги финансы-экономикалык техникумду, КМУнун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ленин райондук финансы бөлүмүндө инспектор-экономист болуп иштөө менен баштаган. 1982-жылы бөлүм башчынын орунбасары, 1991-жылдан 1-Май райондук салык инспекциясынын начальнигинин 1-орунбасары, 1993-жылдан 1995-жылга чейин Октябрь райондук салык инспекциясынын начальниги, 1995-жылы Чүй областтык салык инспекциясынын начальнигинин 1-орунбасары, 1997-жылдан баштап, Республикалык салык инспекциясынын директорунун орунбасары. 1999-жылдан Кыргыз Республикасынын улуттук банкынын төрагасынын орунбасары, башкармалыктын мүчөсү болуп эмгектенген. 2 кыз, 1 уулу бар.





# *V бөлүм*

# *Айыл өкмөт башчылары*



14 — 326

## *Баитов Жапар Мусаевич*



1957-жылы 2-августта Эскиноокат айылында туулган. 1974-жылы Н. К. Крупская атындагы орто мектепти бүткөндөн кийин. Эмгек жолун Ош областтык энергосбыт ишканасында текшерүүчү монтёр болуп иштөө менен баштаган. 1975 – 77-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1983-жылы Фрунзедеги политехникалык институтун аяктап, Ноокат чарбалар аралык курулуш ишканасында, Ноокат МПМК – 2 жана Ноокат РАПСта мастер, прораб, 1988-жылдан Ноокат чарбалар аралык курулуш дирекциясында өндүрүштүк-техникалык бөлүмдүн башчысы, 1989-жылы райондук аткаруу комитетинин мамлекеттик архитектура курулуштарды көзөмөлдөө бөлүмүнүн башчысы, райкеңештин референти, 1992-жылдан 1994-жылга чейин райадминистрацияда референт, бөлүм башчы 1994 – 95-жылдары Чечмесай айылдык комитетинде жер жана агрардык реформаны жүргүзүү боюнча төрага, 1995-жылдан 1999-жылга чейин райадминистрациясында референт, бөлүм башчы болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Караташ айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Үч баланын атасы.

## *МЫРЗАМАТОВ Чолпонбай Мамырович*



1963-жылдын 18-декабрында Өсөр айылында туулган. 1980-жылы К. Жакыпов атындагы орто мектепти аяктаган. Андан соң Фрунзедеги политехникалык институтту бүтүргөндөн кийин. ДЭУ – 21де мастер болуу менен эмгек жолун баштаган. Аталган ишканада улук мастер, участканын начальниги болуп эмгектенген. 2001-жылдын декабрь айынан бери Зулпиев атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.





## *АТАЕВ Исмайыл Исакович*



1956-жылы 16-августунда Шаңкол айылында туулган. 1972-жылы Шаңкол орто мектебин бүтүргөн. 1974-жылы Ош педагогикалык институтунун филология фыкультетинин орус тили жана адабияты бөлүмүнө кирип, аны 1978-жылы бүтүрүп чыккандан кийин эмгек жолун 1978-жылы Шаңкол орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1983-жылы окуу бөлүмүнүн башчысы, 1991-жылы мектептин директору болуп иштеген, 2000-жылдан бери Кеңеш айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенип келүүдө. 3 баланын атасы.

## *АТАЕВ Абдырахман*



1953-жылы 10-мартта Ноокат районундагы Жар-Коргон айылында дыйкандын үй бүлөсүндө туулган. Жети жашка чейин ата-энесинин тарбиясын алган. 1960-жылы Ломоносов атындагы орто мектепке кирген. 1970-жылы орто мектепти аяктаган. 1971-1972-жылдары Карасуу шаарындагы кесипчилик окуу жайында окуп шофёр деген кесипке ээ болгон. 1972-жылы күзүндө советтик армиянын катарына алынып Монгол эл республикасында 1974-жылга чейин кызмат өтөгөн. Армиядан келип мурунку № 44 жылкы заводунда шофёр болуп эмгектенген 1976- жылдан мурунку Көк-Бел айылыдык со-

ветинде шофёр болуп иштеген. 1980-жылы айылдык советинде салыкчы кызмат аткарып жүргөн. 1984-жылы мурунку Фрунзе азыркы Бишкек шаарындагы Финансы, экономика керип 1986-жылы окууну аяктады. Айылчарба бухгалтер деген адистигине ээ болуп Көк-Бел айылдык советинде кассир-бухгалтер. 1988-жылы Фрунзе шаарындагы университеттин Экономика факультетине тапшырып. 1993-жылы финансист-экономист адистигине ээ болгон. 1997-жылы Көк-Бел сельсоветинин айылдык өкмөтү болуп түзүлдө ошол мезгилде баштап кайра башкы салыкчы. 2003-жылдан ушул убака чейин Жар-Коргон айылында айыл башчы болуп эмгектенип жатат. 4 уул, 2 кызы бар.

## ИМЯМИНОВ
## Зайлобидин Насирович



1966-жылы 20-майда Жаңыноокат айылында туулган. 1983-жылы А. С. Пушкин атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Маданият колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1987-жылы КМУнун экономика факультетин аяктаган. 1987 – 91-жылдары Фрунзедеги бут-кийим тигүү бирикмесинде экспедитор, 1991-жылы «Навруз» чакан ишканасынын коммерциялык директору, 1992-жылы «Булак» Россия — Кыргызстан биргелешкен ишканасынын генералдык директору, 1995-жылдан 1997-жылга чейин «Витри» жоопкерчилиги чектелген коомунун башкы директору, 1997-жылдан 2002-жылга чейин Иран — Кыргызстан «Setare — Asia» биргелешкен ишканасынын генералдык директору болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Жаңыноокат айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. СССР Куралдуу күчтөрүнүн 70 жылдык юбилейлик медалы, «Жоокер-интернационалист» ордени жана Кыргызстан ЛКЖС БКнын Ардак грамоталары менен сыйланган. 2 уул, 1 кызы бар.





## ТЕМИРАЛИЕВ Өсөр



1948-жылы Кыргызата айылында туулган. 1966-жылы К. Маркс атындагы орто бүтүргөн. 1970-жылы ОшПИнин музыкалык-педагогика факультетин аяктаган. Эмгек жолун М. Горький атындагы мектеп-интернатында мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1977-жылы Тельман атындагы колхоздун музыкалык мектебинде мугалим, 1981 – 86-жылдары аталган колхоздун төрагасынын маданий-социалдык иштер боюнча орунбасары, 1986-жылы жаштан элдик ансамблин түзгөн. 1995-жылга чейин Ноокат райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, 1995-жылы «Жазтокой – 2» дыйкан чарбасынын жетекчиси болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Кыргызата айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Айылдык кеңештин депутаты. СССР эл чарба жетишкендигинин көргөзмөсүнүн катышуучусу. КПСС БКнын, СССР министрлер советинин, ВЛКСМдин Ардак грамоталары менен сыйланган. 2 кыз, 4 уулу бар.

2005-жылдык бери ардактуу эс алууда.

## ТУРСУНКУЛОВ
## Эшмамат Тилекович



1958-жылы 15-январда Ташбулак айылында туулган. 1982-жылы Кыргыз айыл чарба институтун аяктаган. Эмгек жолун Ноокат РАПОсунда башкы агроном болуп иштөө менен баштаган. 1986 – 1993-жылдары атайын мамлекеттик чарбада (Госспецхоз) башкы агроном, 1994-жылы Онэкибел айыл айылдык советинин төрагасынын орунбасары, 1996-жылы Онэкибел айыл өкмөтүнүн жетектөөчү адиси болуп эмгектенген. 2001-

жылдан бери Онэкибел айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.

### АБДУВАЛИЕВ Мамашакир



1963-жылы 1-январда Бел айылында туулган. 1980-жылы Ю. А. Гагарин атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Белөрүк колхозунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылы КММИнин стоматология факультетин аяктаган. 1986-жылы Ош шаарындагы № 1 стоматологиялык поликлиникасында интернатурада, 1987-жылдан 2000-жылга чейин Белөрүк айылдык ооруканасында врач, оорукананын профсоюз уюмунун төрагасы, аталган оорукананын башкы дарыгери болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Бел айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп жатат. Төрт баласы бар. Өмүрлүк жары — провизор.

### ЫСМАИЛОВ Турдумамат Рахманкулович



1958-жылы мурунку Фёдоров (азыркы Күнгөй Кожоке) айылында туулган. 1981-ФПИнин курулуш факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат райондук ХРСУда мастер болуп иштөө менен баштаган. 1981-жылдан 1995-жылга дейре аталган ишканада мастер, прораб, башкы инженер кызматтарында иштеген. 1995 – 2001-жылдары Күнгөй Кожоке айылындагы «Күнгөй» дыйкан чарбасын жетектеген. 2001-жылдан бери Ноокат райондук мамлекеттик каттоо башкармасында укук кодастры болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө





Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы. Райондук кеңештин депутаты.

### ЖУМАНОВ Камалидин Шарапович



1957-жылы 25-майда Жал айылында туулган. 1979-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктагандан кийин, эмгек жолун Фрунзе районундагы А. Орозбеков атындагы совхоздо инженер-гидротехник болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылы Фрунзе райондук «Кыргызсельхозхимия» бирикмесинин төрагасы, 1991-жылы Кулатов атындагы совхоздо бөлүм башчы, 1995-жылы «Ынтымак» айыл чарба кооперативинин негиздөөчүсү, 1996-жылы «Ынтымак» айыл өкмөтүнүн башчысынын орунбасары, Кызылкыя шаардык кеңешинин жетектөөчү адиси, 2002-жылы Кызылкыя шаардык мэриясында сектор башчысы болуп эмгектенген. 2003-жылдан бери «Ынтымак» айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Үй-бүлөлүү. Эки уул, эки кызы бар. Өмүрлүк жары — үй кызматкери.

### ЭРГЕШОВ Жигитали



1958-жылы 14-сентябрда Жийде айылында туулган. 1975-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1988-жылы Санкт-Петербург шаарындагы тоо-кен институтун аяктаган. 1989-жылы Айдаркан сымал комбинатында мастер болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1991-жылы Улуутоо комбинатында ага инженердин орунбасары, 1993-жылдан профсоюздук комитетинин төрагасы, 1985-

жылдан 1999-жылга чейин Найман посёлкалык кеңешинин жооптуу катчысы, 1999-жылы Найман өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Найман жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы болуп иштеп келе жатат. Беш баласы бар.

### ДАДАБАЕВ
### Асан Дуванаевич



1955-жылы 17-сентябрда Көкбел айылында туулган. 1972-жылы Көкбел орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун № 44 жылкы заводунда жумушчу болуп иштөө менен баштаган. К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтун аяктаган. Аталган совхоздо зоотехник, кой чарбасы боюнча бригадир, 1984 – 86-жылдары жылкычылык фермасында бригадир, 1986-жылдан 1994-жылга чейин совхоздун бөлүм башчысы, 1994-жылдан 1996-жылга дейре Н. Исанов айылдык кеңешинин төрагасы, 1996 – 2002-жылдары Н. Исанов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Көкбел айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат.Эл агартуунун отличниги. 5 перзенти, 2 небереси бар.

### МАМАНАЗАРОВ Авазбек



1956-жылы 1-январда Жал айылында туулган. 1973-жылы Ленин атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1977-жылы К. И. Скрябин атындагы айыл чарба институтунун экономика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Жал совхозунда экономист, 1982-жылдан ага бухгалтер, 1990-жылы башкы экономист, 1993-жылдан 1995-жылга чейин башкы бухгалтер, 1995-жылы Кызылкыя шаардык мамлекеттик салык инспекциясында инспектор, 1996 – 2002-жылдары Кызылкыя шаарындагы «ДАН» акционердик коомунун башкы бухгалтери болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Т. Кулатов атындагы айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Эки уул, үч кызы бар.





### МИЙЗАМОВ Курсанали



1952-жылы 1-майда Меркит айылында туулган. 1969-жылы У. Салиева атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун У. Салиева атындагы колхоздун курулуш бригадасында жумушчу болуп иштөө менен баштаган. 1977-жылы Фрунзе шаарындагы курулуш техникумун аяктаган. Салиева атындагы колхоздун курулуш цехинде мастер, 1982-жылы аталган цехтин прорабы, 1994-жылдан «У. Салиева» атындагы дыйкан чарбалар бирикмесинин жетекчиси, 2002-жылдан «Салиева Уркуя эже» айыл чарба өндүрүштүк кооперативинин төрагасы болуп эмгектенген. ОшМУнун «Агроэкономика» факультетин аяктаган. Бүгүнкү күндө Төөлөс айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. Ош облласттык кеңештин депутаты. Эл агартуунун отличниги. «Кыргызстамекиси» МАКнын күмүш медалы, Кыргыз өкмөтүнүн, Профсоюздардын борбордук комитетинин Ардак грамоталары менен сыйланган.

### АБДЫЖАПАРОВ Эгемберди



1959-жылы 7-сентябрда Көкжар айылында туулган. 1976-жылы Көкжар орто мектебин бүтүргөн. 1982-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Көкжар орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1985 – 87-жыл-

дары Көкжар совхозунда граждандык коргонуу штабынын начальниги, 1987-жылдан 1993-жылга чейин аталган совхоздун тамекичилик боюнча бригадири, 1993-жылдан 1996-жылга дейре «Көкжар» агрофирмасында бөлүм башчы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Көкжар айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп жатат. Үч баласы бар.

### *ШАНАЗАРОВ Эргешали Буваназарович*



1968-жылы 24-мартта Эскиноокат айылында туулган. 1984-жылы Фрунзе атындагы орто мектебин бүтүргөн. Эмгек жолун Фрунзе атындагы колхоздо учётчик болуп иштөө менен баштаган. 1991-жылы Кызылсай колхозунда башкы агроном, 1992 – 1996-жылдары Бостон колхозунда башкы агроном, 1996-жылдан 2001-жылга чейин Гулистан айылдык кеңешинин төрагасынын орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Гулистан айыл өкмөтүнүн башчысы болуп иштеп келе жатат. 4 баласы бар.





# VI бөлүм

# Мектеп директорлору

## АБДЫКУЛОВ Абдимиталип

1961-жылы Кулатов айылында туулган. 1985-жылы КМУнун химия-биология фыкультетин аяктаган. Эмгек жолун Т. Кулатов атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1990-жылдан 2000-жылга чейин директордун орунбасары болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Т. Кулатов атындагы орто мектептин директору болуп иштеп жатат.

## АВАКУЛОВ Мусулманкул



1947-жылы 17-августта Ынтымак айылында туулган. 1965-жылы Ынтымак орто мектебин бүтүргөн. Ош педагогикалык окуу жайын, КМУнун тарых факультетин аяктаган. Бүгүнкү күндө Төрөбай Кулатов атындагы орто мектепте мугалим болуп иштеп жатат. Эл агартуунун отличниги. Кыргыз Республикасынын мугалимдеринин I Курултайынын катышуучусу. 4 уул, 3 кызы бар.

## АДИМОВ Келдибек



1949-жылы 4-ноябрда Көкбел айылында туулган. 1966-жылы орто мектепти аяктагандан кийин «Көкбел» орто мектебинде мугалим болуп иштей баштаган. 1968 – 70-жылдары Советтик Армиянын катарында кызмат өтөгөн. 1975-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун физика-математика факультетин бүтүргөн. 1977-жылдан 1980-жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп иштөө менен ошол эле жылы Көкбел орто мектебинде директор болуп дайындалган. Райондук кеңештин депутаты. Бир нече грамоталар





менен сыйланган жана Эл агартуунун мыктысы. Өмүрлүк жолдошу мугалим.

## АЛПАИЗОВА Бактыгүл



1956-жылы Алай районундагы Жошолу айылында туулган. 1972-жылы КМУнун филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ноокат районундагы Нарай сегиз жылдык мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1978-жылы Фрунзе (азыркы Кадамжай) районундагы Ломоносов атындагы орто мектебинде, 1981-жылдан баштап, Нарай орто мектебинде мугалим болуп эмгектенген. 1990-жылдан бери Нарай орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.

## АРТЫКОВ Кайназар



1941-жылдын 15-апрелинде Жаркоргон айылында туулган. 1960-жылы Кожоке айылындагы Ломоносов атындагы орто мектебин ийгиликтүү аяктагандан кийин. 1960-жылы Советтик Армиянын катарында кызмат өтөөгө чакырылган. 1963-жылы КМУнун «география» факультетинде сырттан окуп бүтүргөн. 1963-жылы Токтогул атындагы орто мектебинде улуу пионервожатый болуп иштеген. 1965-жылы Ноокат райондук комсомол комитетинин аппарат башчысы болуп эмгек жолун уланткан. 1967-жылдан уюштуруу бөлүмүнүн башчылыгына шайланган. 1970-жылы Арбын айылындагы Ленин атындагы сегиз жылдык мектепке директор болуп дайындалган. 1979-жылдан бери Токтогул атындагы лицейде директор болуп иштеп жатат. Кыргызстан жана СССР Союзунун жаштар комитетинин

Ардак грамотасы жана В. И. Лениндин 100 жылдык юбилейлик медалы, «Каармандык үчүн» медалы, КПСС БКнын, ЦК ВЛКСМдин Ардак грамотасы, ардагер медалдары менен сыйланган. Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун отличниги, жогорку категориядагы мугалим.

### АРТЫКОВ
### Абдисалам Атаназарович



1955-жылы туулган. 1977-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун К. Маркс орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1987 – 88-жылдары райондук билим берүү бөлүмүндө методист болуп эмгектенген. 1988-жылдан бери «Додон» орто мектебинде директор болуп иштеп келе жатат. «Додон Кенч» Коомдук фондунун жетекчиси. Айылдык Кеңештин депутаты.

### АТАКАНОВА
### Калыйча Камчиевна



1966-жылы 21-августта Кайрагач айылында туулган. 1983-жылы У. Салиева атындагы кыргыз кыздар орто мектебин бүтүргөн. 1991-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. Эмгек жолун катардагы мугалим болуп иштөө менен баштаган. 2002-жылдан баштап, Ноокат райондук мамлекеттик администрациясынын алдындагы жашы жетелектер менен иштөө боюнча комиссиянын жооптуу катчысы болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Белөрүк мектебинин директору болуп иштеп жатат. Эки уул, бир кызы бар.





### АШИРБАЕВ Абдижалил



1950-жылы 14-июлда Жийде айылында туулган. 1972-жылы ОшПИнин музыкалык-педагогикалык факультетин аяктаган. Эмгек жолун Көкжар орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1975 – 83-жылдары Жийде орто мектебинде аскерге чейинки даярдык сабагы боюнча окутуучу, 1983-жылдан 1985-жылга чейин аталган мектепте директордун тарбиялык иштер боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Жийде орто мектебинде директор болуп иштеп жатат.

### БОЖОКОВ Асилбек



1959-жылы Кыргызата айылында туулган. 1983-жылдан 1995-жылга чейин райондук билим берүү бөлүмүндө методист болуп эмгектенген. 1996-жылы Тажибай атындагы орто мектебинде, 1996-жылдан баштап Кыргызата орто мектебинде директордун тарбиялык иштер боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 2003-жылдан бери Кыргызата орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.

### ДОСБАЕВА
### Улкыз Айиповна



1961-жылы 29-мартта туулган. 1984-жылы ОшПИнин кыргыз тили жана адабият факультетин аяктаган. Эмгек жолун Шаңкол орто мектебинде башталгыч класстар мугалими болуп

иштөө менен баштаган. 1992-жылдан 1998-жылга чейин Котурбулак орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты боюнча мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери «Дарысуу» орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.

## ДУВАНАЕВА Сабира



1959-жылы 8-декабрда Кыргызата айылында туулган. 1987-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институттун филология факультетин аяктагандан кийин. А. Осмонов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган. 1995-жылдан баштап директордун окуу иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери аталган мектептин директору болуп иштеп келе жатат. Райондук элге билим берүү бөлүмүнүн жана областтык элге билим берүү башкармалыгынын Ардак грамоталары менен сыйланган.

## ЖАМАЛДИНОВ Абдыразак Кабылович



1957-жылы Жал айылында туулган. 1978-жылы ОшПИнин филология факультетин аяктаган. 1983-жылы эмгек жолун Т. Бекиев атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1987-жылдан 1991-жылга чейин аталган мектепте тарбиялык иштер боюнча директордун орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Т. Бекиев атындагы орто мектептин директору болуп иштеп келе жатат. Эл агартуунун отличниги. Жогорку категориядагы мугалим.



## ЖОЛДОШЕВ Ташполот



1944-жылы Айбек айылында туулган. 1966-жылы Ош мамлекеттик пединститутунун физика-математика факультетин аяктагандан кийин. Эмгек жолун Айбек орто мектебинде катардагы мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1973-жылдан баштап мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы, директордун уюштуруу иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Айбек орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. Эл агартуунун мыктысы.

## ЖОРОЕВ Ражабали Турдукулович

1961-жылы 15-декабрда Эскиноокат айылында туулган. 1978-жылы Фрунзе атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1983-жылы Фергана шаарындагы педагогикалык институтун математика факультетин аяктагандан кийин, эмгек жолун Фрунзе атындагы (азыркы Бостон) орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1986-жылдан 1994-жылга чейин директордун окуу иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 1994-жылдан бери «Бостон» орто мектебин директору болуп иштеп келе жатат.

## ЗАКИРОВ Алтымыш



1949-жылы 29-августта туулган. 1975-жылы ОшПИнин математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Араван районундагы Пахтачы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1970-жылдан 1998-жылга чейин Ленин атындагы орто мектебинде математик мугалими, директордун окуу-



15 — 326

тарбия иштери боюнча орунбасары, 1998-жылы Кудайберди уулу Мурзакарим атындагы лицейдин директорунун орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери аталган лицейдин директору болуп иштеп келе жатат. Алты баласы бар.

### КАЛЕНОВ Акылбек



1965-жылы Кыргызата айылында туулган. 1992-жылы КМУнун математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Борко орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1998-жылдан баштап аталган мектептин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери К. Каримов атындагы орто мектептин директору болуп иштеп келе жатат. Биринчи категориядагы мугалим. Беш баласы бар.

### МАЛИКОВ Бекмамат



1939-жылы 10-августта Жаркоргон айылында туулган. 1957-жылы Ворошилов атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1962-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Ломоносов атындагы орто мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1969-жылы Көкбел орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы, 1970-жылы Токтогул атындагы орто мектепте окуу бөлүмүнүн башчысы, 1983 – 1994-жылдары А. Осмонов атындагы орто мектептин директору, 1994-жылдан 2001-жылга чейин К. Жолдошев атындагы орто мектебинин директору болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Ардактуу эс алууда. Эл агартуунун отличниги. 7 баласы бар.





### МАМАЖАНОВ Муктаржан



1957-жылы 16-мартта Гулистан айылында туулган. 1974-жылы Г. Гулям атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1979-жылы Фергана мамлекеттик педагогикалык институтун физика жана техника факультетин аяктагандан кийин, эмгек жолун Г. Гулям атындагы орто мектебинде физика мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1999-жылдан бери Г. Гулям атындагы орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.

### МАТИСМАНОВА Гулзада Шакировна



1960-жылы 25-январда Фёдоров айылында туулган. 1983-жылы Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыка факультетин аяктаган. Эмгек жолун Фёдоров атындагы сегиз жылдык мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 2002-жылдан бери «Алтынказык» орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. Эл агартуунун отличниги. Областтык билим берүү башкармалыгынын Ардак грамотасы менен сыйланган.

### МАТКАСЫМОВА Нуржамал Ильязовна



Ноокат районуна караштуу Исанов айыл өкмөтүнүн күнгөй Кожеке айылында кызматчынын үй бүлөсүндө туулган. Мектеп-

ти аяктагандан кийин Оштогу педагогикалык институтунун филология факультетинде окуй баштаган. 1984-жылы институтту аяктагандан кийин өзү бүтүргөн, Ноокаттагы Ломоносов атындагы орто мектепке жумушка орношуп, мектептеги комсомол комитетин жетектегин. 1985-жылы мектепте жүгөрүчүлүк боюнча өндүрүштүк бригада уюштуруп, республикада алдыңкы орунду ээлеп, комсомолдук жолдомо менен Москва — Болгария — Венгрияга барып, өндүрүштүк бригадалардын жетекчилеринин бир айлык окуу семинарына катышып келген. 1997-жылы өзү иштеген мектепте окуу-тарбия иштери боюнча директордун орун басары болуп дайындалат. 2004-жылы Сокулук районунун Жаңы-Пахта орто мектебине мугалим болуп жумушка орношкон. 2005-жылы аталган мектепке директор болуп дайындалды. 2006-жылы Сокулук районунун билим берүү бөлүмү тарабынан жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоого кошкон зор салымы үчүн Ардак грамотасы менен сыйланган. 2008-жылы Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги тарабынан педагогикалык жогорку тажрыйбасы үчүн жана көп жылдык эмгеги үчүн Ардак грамотасы менен сыйланган. Азыркы учурда жогорудагы аталган мектепте директор болуп эмгектенүүдө.

## МУРАТОВ Мизарип



1953-жылы Кыргызата айылында туулган. 1974-жылы ОшПИнин физика-математика факультетин аяктаган. Эмгек жолун Киров атындагы сегиз жылдык мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1978-жылы Тельман атындагы орто мектебинде уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1993-жылдан окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Тельман атындагы орто мектептин директору болуп иштеп келе жатат. Эл агартуунун отличниги. Областтык билим берүү башкармалыгынын жана райадминистрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган.





## МУРЗАЕВ Акматалы



1941-жылы Кайрагач айылында туулган. Эмгек жолун 1960-жылы Жайылма орто мектебинде башталгыч класстарынын мугалим болуп иштөө менен башталган. 1966-жылы КМУнун филология факультетин аяктаган. 1966-жылдан 1970-жылга чейин Көкжар орто мектебинде кыргыз тили жана адабияты мугалими, 1970-жылы райондук «Колхозчу» газетасынын адабий кызматкери, 1972 – 1997-жылдары Горький атындагы мектеп-интернатында улуу тарбиячы, Нойгут орто мектебинини директору болуп эмгектенген. 1997-жылдан бери Мурза Гапаров атындагы Ноокат жатак-гимназиясынын директору болпу иштеп келе жатат. Эл агартуунун отличниги.

## НАДИРОВА Алтынай



1971-жылы 3-мартта Байыш айылында туулган. 1988-жылы Ч. Түлөбердиев атындагы орто мектебин бүтүргөн. 1993-жылы Ош мамлекеттик университетинин табият таануу жана география факультетин аяктагандан кийин. Эмгек жолун 1994-жылы Байыш орто мектебинде география мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1995-жылы жаш өспүрүмдөр уюмун жетектеген. 1996-жылы директордун тарбиялык иштер боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 2002-жылдан бери Байыш орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.

## НАСИРОВ Сайпидин



1948-жылы Жаркоргон айылында туулган. 1974-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун биология жана химия факультетин аяктагандан кийин. Эмгек жолун Токтогул атындагы санаториялык мектепте мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1977 – 1998-жылдары Н. К. Крупская атындагы орто мектебинин алдындагы жатак-жайда интернат башчысы болуп эмгектенген. 1999-жылдан бери Н. К. Крупская атындагы орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. Эл агартуунун мыктысы.

## ОСМОНОВА Карамат Калмурзаевна



1952-жылы 25-мартта Жал айылында туулган. 1974-жылы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун чет тилдер факультетин аяктаган. Эмгек жолун Т. Айбашев атындагы орто мектебинде англис тили мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1986 – 1998-жылдары райондун элге билим берүү бөлүмүндө методист. Т. Айбашев атындагы орто мектебинде директордун тарбиялык иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 1998-жылдан бери аталган мектептин директору болуп иштеп келе жатат.





## ПАЗЫЛОВ Ашим



1975-жылы ОшПИнин биология факультетин аяктаган. Эмгек жолун Өзгөн районундагы Кеңеш орто мектебинде биология мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1997-жылга чейин аталган мектепте мугалим, окуу бөлүмүнүн башчысы, директору болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Найман орто мектебинде директор болуп иштеп жатат. Эл агартуунун отличниги.

## ПАРПИЕВА Уулкан



1953-жылы 12-декабрда Кыргызата айылында туулган. 1977-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабияты факультетин бүтүргөндөн кийин, эмгек жолун К. Жакыпов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1980 – 1995-жылдары аталган мектептин профсоюз уюмунун төрайымы, 1996-жылдан 2000-жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери «Үчбай» орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. «Жыл мугалими» конкурсунун жеңүүчүсү. Эл агартуунун мыктысы. 7 баласы бар.

## САКТАНОВ Тагдырали



1961-жылы 10-октябрда Караташ айылында туулган. ОшМУнун биология факультетин аяктаган. Эмгек жолун 1987-жылы Камчы Жунусов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 2001-жылга чейин тарбиялык иштер боюнча директордун орунбасары болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери Камчы Жунусов атындагы орто мектептин директору болуп иштеп келе жатат.

## САТАРОВ Сүйүнаалы



1949-жылы Көкбел айылында туулган. 1973-жылы ОшПИнин аяктаган. Эмгек жолун Ломоносов атындагы орто мектебинде орус тили жана адабияты мугалими болуп иштөө менен баштаган. 1977-жылы директордун тарбиялык иштери боюнча орунбасары, 1981-жылдан 1993-жылга чейин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 1993-жылдан бери Ломоносов атындагы мектептин директору болуп иштеп келе жатат. Эл агартуунун отличниги. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы менен сыйланган.

## СУЛТАНОВ Акназар



1956-жылы 14-апрелде Шаңкол айылында туулган. 1981-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институттун математика факультетин аяктаган. 2000-жылдан бери Шаңкол орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.





## ТААБАЛДИЕВ Мухтарали



1951-жылы туулган. 1977-жылы Ферганадагы педагогикалык институтун аяктаган. 1988-жылдан баштап директордун окуу-тарбия иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенген. Бүгүнкү күндө Жайылма орто мектебинин директору болуп иштеп жатат. Эл агартуунун отличниги. Билим берүү жана маданият министрлигинин, облаcттык, райондук мамлекеттик администрациялардын Ардак грамоталары менен сыйланган.

## ТУРДУБАЕВА Лайликан



1952-жылы 15-октябрда Акчаңгыл айылында туулган. 1974-жылы Фрунзедеги В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунун физика-математика факультетин бүтүргөндөн кийин. Эмгек жолун Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1978-жылдан 1995-жылга чейин аталган мектептин профсоюз уюмун жетектеген. 1995 – 2000-жылдары директордун окуу-тарбия иштери боюнча орунбасары болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. Мугалимдердин VI съездинин делегаты. Эл агартуунун мыктысы. Билим берүү министрлигинин Ардак грамотасы менен сыйланган.

## УРАЗБАЕВА
## Ляйла Нишанбаевна



1958-жылы Ош шаарында туулган. 1980-жылы Андижан мамлекеттик педагогикалык тилдер институтунун орус тили жана адабияты факультетин аяктагандан кийин. Эмгек жолун Ноокат районундагы Т. Сатылганов атындагы орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1992-жылдан 2000-жылга чейин К. Жолдошев атындагы орто мектебинде директордун орунбасары болуп эмгектенген. 2000-жылдан бери аталган мектептин директору болуп иштеп келе жатат. Райондун «Жылдын мыкты мектеби» кароосынагынын жеңүүчүсү. Облостук мугалимдердин билимин өркүндөтүү институтунун жана райадминистрациясынын Ардак грамоталары менен сыйланган. Жогорку категориядагы мугалим, Кыргыз Республикасынын эл агартуусунун мыктысы. Айылдык кеңештин депутаты.

## УРАИМОВА Калия



1957-жылы туулган. 1974-жылы Ош шаарындагы У. Салиева атындагы кыргыз кыздар орто мектебин бүтүргөн. 1979-жылы Фрунзе шаарындагы В. В. Маяковский атындагы кыз-келиндер педагогикалык институтунда химия, биология факультетин артыкчылык диплому менен аяктаган. 1979-жылы Ноокат районундагы У. Салиева атындагы орто мектебинде химия мугалими катары эмгек жолун баштаган. 1991 – 1997-жылдары тарбиялык иштер боюнча директордун орунбасары, 1997 – 2001-окуу жылында окуу бөлүм башчысы болуп эмгектенген. 2001-жылдын декабрь айынан бери мектептин директору. Эл агартуунун мыктысы. Айылдык кеңештин депутаты.





## ШАМАЕВА Келсинай



1966-жылы Алашан айылында туулган. 1992-жылы Ош мамлекеттик педагогикалык институтун биология факультетин аяктагандан бери «Алашан» орто мектебинде эмгектенген. 2001-жылдан бери Алашан орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат.

Райондук кеңештит депутаты. Төраганын орун басары. 4 уулдун энеси.

## ЭМИНБАЕВ Мамыр



1945-жылы Көкжар айылында туулган. Эмгек жолун Көкжар орто мектебинде мугалим болуп иштөө менен баштаган. 1965-жылы Көкжар совхозунун комсомол комитетинин секретары, 1969 – 1972-жылдары комсомолдун Ноокат райондук райкомунун инструктору, уюштуруу бөлүмүнүн башчысы, 1972-жылы «Колхозчу» газетасынын бөлүм башчысы кызматтарын аркалаган. 1977-жылы Ташкенттеги Жогорку Партиялык мектепти бүтүргөн. 1977-жылдан 1988-жылга чейин партиялык Ноокат райкомунун инструктору, элдик контролдун райондук комитетинин төрагасы, «Көкжар» совхозунун профкомунун төрагасы, «Госспецхоздун» парткомунун секретары, Тельман атындагы колхоздун парткомунун секретары, 1989-жылдан 1993-жылга дейре «Көкжар» совхозунун парткомунун секретары, 1994-жылы «Жийде» орто мектебинин окуу бөлүмүнүн башчысы болуп эмгектенген. 2001-жылдан бери «Көкжар» орто мектебинин директору болуп иштеп келе жатат. Директорлордун райондук кеңешинин төрагасы. «Эмгектеги каармандыгы үчүн» медалы жана Өзбекстан КП БКнын, Кыргызстан КП БКнын жана Түркестан аскердик округунун Ардак грамоталары менен сыйланган. Бир нече жолу райондук, айылдык кеңештерге депутат болуп шайланган. Эл агартуунун отличниги. 3 баласы, 8 небереси бар.

## Эми тынч жатыңыз, Алмаз ага!

Тилекке каршы сизге бул китепти аягына чыгаруу буюруган жок белем. Күтүлбөгөн жерден жарык дүйнө менен коштошуп кеттиңиз. Андыктан аталган эмгегиңиздин чачылганын жыйнап, үзүлгөнүн улап, кайрадан калыпка салып аягына чыгаруу менин тагдырыма туш келди. Жасап кеткен жакшы ишиңиз жарым жолдо калбасын дедик. Бирок бул аракет журналистика тармагында жүрбөгөн иниңиз үчүн оңойго турбады. Китеп чыгаруу зор түйшүк экенин билдим.

Көзүңүз тирүүсүндө сиз менен чогуу жүрүп, кыяматтык досум, бир нанды тең бөлүп жеген кесиптешим дегендер акырындап четке чыга берди. Учурунда ээрчишип жүргөн досторуң деле түбөлүктүү эмес экен. Бул китепти чыгарууда редакцияларга барып сиз отурган бөлмөлөрдү көрүп, сиз баскан жолдорду арбытып бир чети ичим ачышса, бир чети коктук менен бул китепти чыгарууга жан дилимди бердим.

Албетте, өзүңүз болгондо мындан жакшыраак болмок. Автор деген автор эмеспи. Андыктан китептен кемчилик кетсе кечириңиз, Алмаз ага! Окурмандар да аталган китепти өз автору Алмаз Ташиев эмес анын иниси акырына чыгарып, элге сунганын түшүнүп, ичиндеги жетпей калганын жеткирип, айтылбай калганын улап, толбой калганын толтуруп окуп коер-деп

*инин **Мелис Ташиев.***





## Туулган жериңе түбөлүк калыш үчүн жөнөдүң беле, АЛМАЗ?!

1998-2000-жылдары «Асаба» гезитинде өсүп-өндүң эле. Бул мектеп сенин андан кийинки жолуңду ачып берип, анан калса өзүңдөгү тубаса журналисттик талантыңа таянып, бир катар басылмаларда камчы салдырбай иштедиң. Жазган макалаларың жандуу эле. Өз күчүңө ишенгенденби, айтор, кээде бир гезитке сыйбай, жалгыз гана калемиңди эш тутуп, кара сумкаңды асынып алып учу — кыйырсыз эркиндикке чыгып кетер элең. Ниетиңде мындай ашкере эркиндик бул жашоого оопа болбоорун билип эле турчусуң. Бирок, табиятың өзгөчө эле. Бул катаал дүйнөнү да, айлана- чөйрөңдөгү адамдарды да өзүңдөй ак көңүл, шар, балакыял болот деп ойлогон окшобойсуңбу...

Эмнегедир акыркы күндөрү кичи мекениң — Ноокат оозуңдан түшпөй калган. «Барып, жоголгон паспортум үчүн документ топтойм» деп жүргөнсүң.

Минтип 33 жашыңда бул дүйнө менен коштоштуң...

Анткен менен артыңда эмгегиң калыптыр. Бул китепти окурмандарга өз колуң менен сунсаң болмок. Бирок максатыңа жетпедиң. «Иниси бардын ырысы бар» дейт кыргыз. Сен жетпеген максатты иниң ишке ашырып, жасап койгон эмгегиңди жалпы журтка сунуп туру. Бизди бир өкүндүргөн нерсе, өз кичи мекениң Ноокаттын белгилүү уулдары тууралуу ушул китепти жазып, өзүң эрке баладай бүт Кыргызстандын аймагында эркин жүрүп, бирок ажалың ошол өзүңдүн кичи мекениң болгон Ноокаттан болгону... Сени сабап жаткандар ушул Ноокат тууралуу жазган китебиң бар экенин билсе эмне дээр экен?

Кан кое бербейт! Сенин жаныңды кыйгандар акыры жазасын алат. Алардан түрмөгө түшкөнү бул алгачкы жаза. Акырет деген бар. Кудай баарын эсепке алат. Ал эми бүгүн артыңда тууган уруууң жана күтүлбөгөн өлүмүңдүн акыйкатына жете турган кесиптештериң бар. Жаткан жериң жайлуу болсун, Алмаз!

***Зайырбек Ажыматов,***
*Улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү,*
*Кыргыз өкмөтүнүн Чыңгыз Айтматов*
*атындагы жаштар сыйлыгынын*
*алтын дипломунун ээси.*

## Эскере жүрчү эмгегиң калды, Алмаз!

Албетте, Алмаздын күтүүсүз о дүйнө салышын, болгондо да жасаган иштерине дайыма ичи чыкпай, алардын «нахалдыктарын» көргөндө жөн эле «куйүп», «өрттөнүп» кетчү «менттердин» колунан ажал табарын ким ойлоптур да, ким күтүптүр?

Илгери, же 2000-жылдары Жалал-Абаддагы студент кезде андагы популярдуу саналган «Асабанын» ар бир санын калтырбай окуп, анда иштеген дээрлик ар бир журналисттин макалаларын өз дараметиме жараша анализдеп, аларга ушунчалык суктанаар элем, аларга ички туюмум менен бийик деңгээлде сый мамиледе болчумун.

Бишкекке келгенде насип буйруп, а дегенде эле дал ушул мен суктанып жүрчү «Асабачылардын» бири Алмаз Ташиев менен «Жаңырык апта» гезитинде чогуу иштешип калдык. Кийинчерээк ал түгүл эки жылча чогуу, кошуна жашап, үй-бүлөлүк катыш да кылып жүрдүк. Демек, бул да болсо тагдыр буйругу экен.

Алмаздын жөнөкөйлүгү, журналистикада, айрыкча адамдар аласында сейрек кездешчү психологиялык тубаса таланты менен башкалардан көп айырмалап турарына тан берчүмүн. Ким менен болсун, мейли көчөдөгү карапайым адамдарбы, же парламенттеги депутатпы, акүйдөгү министрби, айтор, ар кайсы чөйрөдөгү адамдар менен ар кандай кырдаалда тил табышып кете алчу. Бой көтөрүү, менменсинүү дегенди билбей, кай жерде болбосун өз ордун таап, көптөр эңсеп, бирок жасай албай жүрчү эркиндикти өзүнө камсыздап, аз болсо да, эң эле жөнөкөй, татыктуу жашап өттү бу жалганда десем жаңылышпайм. Алмазда байлык топтоо, бийликке жетүү, элден өзгөчөлөнүп кадыр-барк күтүү деген ой болгон эмес, ошондой мүмкүнчүлүктөрдүн дал өзүндө турса да. Ал түгүл көкүрөгүндө андай түшүнүк жашаган да эмес. Ал бардык каниетти жумушунан, жазган эмгектеринен ала билчү. Менимче, мындай карапайымдыгына атадан эрте ажырап, турмуштун ысык-суугуна күйүп-бышып, «өз киндигин өзү кескени» да чоң себепкерлердин бири болсо керек деп азыр ойлоп коём. Негедир, атасыз жетим күндөрүн көп айтып, көп эскерип калаар эле. Тагдырдын тамашасын карачы, эми дал ошол Алмаз өзү көп айта жүрчү атасыз жетим күндөрдү өзүнүн бир уул,эки кызына таштап олтурат. Аттиң десең…

Өз мээнетиң, асыл ойлоруң менен кичи мекениң Ноокаттын бычакка сап уул-кыздарын кыргыз элинин кыйырына жеткирүү үчүн чуркап жүрүп китеп даярдап, бирок жарыкка чыкканын көрбөй, кубанычынды биз менен тең бөлүшө албай кеткениңе ичибиз эңшерилип олтурат. Кантсе да, ушунусуна да кудайга шүгүр дейли, артыңда эскерээр эмгегиң, уул-кыздарың калды…

Жаткан жериң жайлуу болсун, АЛМАЗ!

*Бакыт Молдалиев,*
*журналист, Аксы району*





## Калган өмүрүңдү уул-кыздарыңа берсин!

Минтип, Алмаз досубуз жөнүндө эскерүү жазып калабыз деген ой үч уктасак түшүбүзгө кирген эмес. Чукугандай сөз таап, шум сүйлөгөн Алмаздын жүргөн жери ар качан күлкү-шаң эле… Азилдеше кетсе, сөз менен кимди болбосун «мат» кылган касиет анын өзгөчө саптаттарынын бири болчу.

А журналистигине келсек, бул да — Алмаз Ташиевдин кудай ыроолгон тубаса талантынын жемиши. Кээ биреөлөр журналисттик кесипке беш-он жылдап окуп деле эки ооз сөздүн башын кошуп жаза албай жүрбөйбү. А Алмаз досубуз өзүнүн кудай даарыган шыгы менен жаш кезинде эле кыргыздын белгилүү журналисттеринин катарын толуктаган. Атасынан эрте ажырап, өз киндигин өзү кескен Алмаз Жолдош уулунун журналисттик чеберчилиги, өзү жазып , түзгөн мына ушул «Ноокатым-кетпес ооматым» китебинен да айгине болуп турат.

Тилекке каршы, Алмаз тунгуч китебин жарыкка чыкканына күбө болуп, өз эмгегинин үзүрүн көрбөй кетти. 2003-2004-жылдары эле баштап, улам толуктап, оңдоп жүргөн бул китебин чыгаруунун мерчемин күтүп жаткан. Ооба, автордун көзү тирүү болгондо бул китеп мындан да мыкты, кенен, маңыздуу чыкмак…

Ал өз элине мындан сырткары да кыйла эмгектерди бермек…

Кантсе да шүгүрчүлүк, бир туугандары, тууган-уругу бар экен, Алмаздын көзү өтсө да, эмгегин жерде калтырбай, китебин жарыкка чыгарып, элге сунуштап олтурушат.

Кантсе да шүгүрчүлүк, Алмаз Ташиевдин артында Бибинур, Тансу, Тимур деген чырактай үч перзенти калды. Алар атасынын атын өчүрбөй, учугун улашаар.

Шум ажалга айла жок экен, жаткан жериң жайлуу, топурагың торко болсун, Алмаз! — дегенден башка арга жок бүгүн. Анын калган өмүрүн кудай артындагы уул-кыздарына берсин!

Ал эми Алмаз досубуздун кырчындай өмүрүнүн кыйылышына себепчи болгондор кудай алдында да, мыйзам алдында да өз жазасын алышы керек.

*Абдувахаб Мониев,*
*журналист*

## Мазмуну

Ата журтка адал кызмат ....................................................................
Түзүүчүдөн алгы сөз ..............................................................................
Ноокат району жөнүндө жалпы маалымат .........................................................
I Бөлүм. Тарыхый инсандар ..........................................................................
II Бөлүм. Ноокаттын кадырман инсандары ......................................................
III Бөлүм. Ноокаттыктар Алатоо арасында ар кайсы кызматтарда ...
IV Бөлүм. Ноокаттагы мекеме-ишкана жетекчилери .........................................
V Бөлүм. Айыл өкмөт башчылары ......................................................................
VI Бөлүм. Мектеп директорлору ........................................................................

*Энциклопедиялык басылма*

**Алмаз Ташиев**

**Ноокатым — кетпес ооматым**

Редактор *Мониев А.*
Компьютердик калыпка салган *Федосеева И. М.*
Корректор *Молдалиев Б.*

Форматы 60 x 84 1/16. Көлөмү 15,0 б. т.
Офсеттик кагаз. Нускасы 500 даана.
Заказ № 326.

«Бийиктик» басмаканасы,
720000, Бишкек ш., Ю. Абдрахманов көчөсү, 170а,
тел.: 66-75-58, 62-02-11.



**Ташиев Алмаз Жолдошович** 1976-жылы 8-майда Ноокат районундагы азыркы Токтомамат Зулпуев атындагы айылдык округуна караштуу Өсөр айылында жарык дүйнөгө келген. 1993-жылы Ноокат шаарындагы Надежда Крупская атындагы орто мектепти аяктаган. Алмаздын журналистикага кызыгуусу жаштайынан башталып, мектепте окуп жүргөн кезинде эле райондук «Ноокат таңы», Ош облустук «Ош жаңырыгы», ж.б. гезиттерге макала, кабарларды жазып келген. Журналистикага тубаса шыктуу Алмаз мектепти бүткөндөн кийин эле эмгек жолун республикалык «Тагдыр» гезитине өз кабарчы болуп иштөөдөн баштайт.

2000-жылдан тарта Кыргызстандагы эң популярдуу, абройлуу «Асаба» гезитине кабарчы болуп кирген. Дал ушул мезгилде, ушул гезитте ал өз үнү, өз стили бар мыкты журналист катары калыптанып, кыргыз журналистикасында өз чыйырын таба алган. Алмаз Ташиев андан кийин кыргыз басма сөзүнүн көч башы «Кыргыз туусу», «Учкун», Жаңырык апта» жана «Сенатор-плюс» сыяктуу бир топ республикалык гезиттерде кабарчылыктан тартып башкы редакторлук кызматтарга чейин иштеген. Өмүрүнүн акыркы кездеринде «Агым» гезитинде эмгектенип жаткан.

Бул «Ноокатым- кетпес ооматым» Алмаздын алгачкы да, тилекке каршы, акыркы да китеби болуп калды. Күтүүсүз кырсыктан улам таланттуу журналист Алмаз Ташиев 2009-жылдын 12-июлунда 33 жаш, кырчындай курагында каза болду.

Ошентип тырнак алды китеби анын көзү өткөндөн кийин жарык көрүп олтурат.